Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Т.У.Салимов, Ф.Э.Султанов

# ДҮЙНӨ ТАРЫХЫ
## (биздин замандын V кылымы аягынан – XV кылымдын аягына чейин)

*Кайра иштелген жана толукталган 3-басылышы*

*ӨзбекстанРеспубликасынын Элге билим берүү министрлиги жалпы орто билим берүүчү мектептердин 7-классы үчүн окуу китеби иретинде бекиткен*

**«O'zbekiston milliy ensiklopediyasi»**
Мамлекеттик илимий басма үйү

Ташкент — 2017

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жооптуу редактору:

**Ф. С. Хасанов** – тарых илимдеринин кандидаты.

Рецензенттер:

**К. К. Ражабов** – тарых илимдеринин доктору, профессор;
**Р. Р. Назаров** – философия илимдеринин кандидаты;
**А. Т. Замонов** – Өзбекстандын эң жаңы тарыхы боюнча ылайыкташтыруучу методикалык борбордун бөлүм башчысы;
**Ш. Сафарова** – РББ башкы методисти;
**У. Хайдаров** – Бухара облусу Бухара районундагы 13-АМЖМ интернатынын жогорку категориялуу тарых предмети мугалими;
**З. Жуманова** – Ташкент шаар Чиланзар районундагы 162-мектептин тарых мугалими.

**Шарттуу белгилер:**

*Эсте жана эсте сакта!*

*Буларды кайталап бар!*

*Ойлоп көр, тыянак чыгар.*

*Өз алдынча иш.*

*Суроо жана тапшырмалар.*

**Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды.**

**ISBN 978-9943-07-506-1**

© **Салимов Т. Ө. жана б.,** 2009, 2017.
© **«O‘zbekiston milliy ensiklopediyasi»** Мамлекеттик басма үйү, 2009, 2017.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## АВТОРЛОРДОН

Кымбаттуу окуучу!

Сен 6-класста «Дүйнө тарыхынын» байыркы доорун үйрөндүң. Байыркы доордо адамдар кандай жашаганы, Байыркы Чыгыш, Греция жана Рим мамлекеттеринин өнүгүшү жана кризистери жөнүндө билим алдың.

7-класста орто кылымдар доорунун тарыхын үйрөнөсүң. Ал дүйнө тарыхынын биздин замандын V кылым аягынан – XV кылым аягына чейинки доорун, б. а. байыркы заман менен жаңы заман ортосундагы 10 кылымды камтыйт.

Италиялык агартуучу окумуштуулар адамзаттын тарыхын «байыркы тарых», «орто тарых» жана «жаңы тарыхтарга» бөлүп үйрөнүүнү сунуш кылган. «Орто тарых» дегенде, биз орто кылымдар тарыхын түшүнөбүз.

Бул тарыхты үйрөнүү менен дүйнө элдеринин турмушу, чарбалык ишкердиги, саясий-экономикалык өнүгүшү менен таанышасың, бизге чейин сакталган архитектуралык эстеликтер: сарай, медресе, мечит жана ибадатканалар жөнүндө элес аласың; мекендеш жана дүйнөлүк залкар инсандар менен таанышасың.

Окуу китеби главаларга, ар бир глава болсо темаларга бөлүнгөн. Маалыматтарды өздөштүрүүнү жеңилдетүү максатында ар бир теманын аягында суроолор жана тапшырмалар берилген. Алардын көпчүлүгү өз алдынча ойлоо, логикалык тыянак чыгаруу сыяктуу жөндөмүндү өстүрүүгө жардам берет. Тапшырмалар теориялык билим жана практикалык билгичтикти өркүндөтүүгө багытталган. Алардын жөнөкөйлөрү менен бирге сенден терең пикирлөөнү талап кылган татаалдары да бар. Китептеги түшүнүк жана даталар менен кошо сөздүк, хронологиялык жадыбал, карта жана башка жардамчы каражаттардан пайдалануу сунушталат.

Окуу китебин жаратууда акыркы жылдарда басылган адабияттардан пайдаланылды. Китеп түстүү сүрөттөр, чиймелер, терминдер түшүндүрмөсү, класстык жана үй тапшырмалары менен толукталган.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# КИРИШҮҮ

Белгилүү болгондой, орто кылымдардын тарыхы өзүндө байыркы заман менен жаңы замандын ортосунда болуп өткөн он кылымды, башкача айтканда биздин замандын V кылымынын аяк бөлүгүнөн XV кылымдын аягына чейин болгон аябай чоң жана кызыктуу доорун камтыйт. Анда феодалдык коомдун кантип пайда болгону, кандайча өнүккөнү, элдик массанын кандай жашаганы жана эмгектенгени, алар өздөрүнүн боштондугу үчүн алып барган согуштарда көз карандысыздыктарын кандайча коргошкону жөнүндө баяндалат.

**Орто кылымдар коому жөнүндө.** Орто кылымдардын кишилик коому Европада феодалдык, ал эми Азияда болсо жер ээлөөчүлүк коому деп аталат.

«Феодал» термини латинче «феод» сөзүнөн алынган. Белгилүү кызматы үчүн король тарабынан берилген жана мурас болуп кала турган жер-мүлккө феод дейилген. Феоддун ээсин болсо феодал деп аташкан. Феодалдык коом жер ээлөөчүлүккө негизделген коом болуп эсептелет.

Европада жер-мүлктүн ээси феодал деп аталган. Феодал менчик жеринин бир бөлүгүн дыйкандарга чек кылып бөлүп берген. Мунун эсебине дыйкандар феодалдардын жеринде иштеп беришкен. Дыйкандар өздөрүнө берилген чек жерлеринен алышкан түшүмүнүн белгилүү бөлүгүн феодалга салык иретинде төлөшкөн

Феодалдык доор түрдүү элдерге түрдүү убакыттарда келген. Мисалы, Батыш Европада V к. аягында алсызданган Батыш Рим империясы 476-жылы «варварлардын» соккусунан кулагандан кийин феодалдык доор пайда болгон.

Түрдүү өлкөлөрдө феодалдык доор өкүм сүргөн доор да түрдүүчө болгон.

**Азияда жер ээлөөчүлүк коому.** Азияда (алсак, Мекенибиздин аймагында да) жер ээлөөчүлүк Европадагыга караганда айырмаланган. Азияда мамлекеттин өкүмдары жердин жогорку ээси саналган. Жер аянттарынын белгилүү бөлүгү түздөн-түз мамлекеттин менчиги болгон. Мамлекет өкүмдарлары жана ири жер ээлөөчүлөр жерлерди

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



дыйкандарга иштөө үчүн ижарага бөлүп беришкен. Ижарачылар ошол жерлерден алган түшүмүнүн белгилеп коюлган дайындуу бир бөлүгүн жердин ээлерине тапшырышкан. Азияда Европадагы сыяктуу жердин ээсинин жерин иштеп берүү милдети болбогон.

Европада жаан-чачын көп болгондуктан, ал жерде дыйканчылык да жакшы өнүккөн. Ал эми Азияда болсо мындай мүмкүнчүлүк болбогон, жаан-чачындын аздыгы себептүү жердеги нымдуулук деңгээли кыйла төмөн болгон. Мындай шарттарда жасалма сугарууга зарылчылык туулушу турган сөз.

Ошол себептүү Азияда жер ээлөөчүлөр үчүн жерлердин бардыгын ижарага бөлүштүрүп берүү пайдалуу саналган. Эмнеге дегенде, муну менен сугаруу курулмаларын дайыма тазалап туруу милдети да дыйкандардын мойнуна жүктөлгөн.

Азия жана Африка өлкөлөрүндө отуруктуу жашаган дыйкандар жана көчмөн уруулар, элдер ортосундагы карым-катыштар да чоң мааниге ээ болгон. Анткени бул өлкөлөрдө көчмөн мал чарбачылыгы кылымдар бою сакталып келген. Эгерде дыйкандар менен малчылар ортосунда товар айырабштоо жүрсө, коом да өнүккөн.

Бирок көчмөндөрдүн баскынчылыгы жана талоончулугу жасалма сугат курулмаларынын кыйратылышы, көптөгөн калктын кырылышы жана туткунга алып кетилиши менен аяктаган. Алсак, көп айга созулган курчоодон кийин Үргөнчтү ээлеген моңголдордун ар бир жоокерине 24 төн туткун туура келген.

**Орто кылымдар тарыхын доорлоштуруу.** Орто кылымдар тарыхы эки ири доорго бөлүнөт:

**1. Б. з. V кылым аягынан – XI кылым ортолоруна чейин:**

- жаңы феодалдык коомго өтүү;
- жер ээлөөчүлүк түрлөрүнүн (ири жер ээлөөчү – феодал,
- көз каранды дыйкандар катмарлары) калыптанышы;
- Батыш Европада жаңы диний окуу – христиандыктын
- кеңири таралышы;
- Чыгышта ислам дининин пайда болушу, таралышы;
- ири феодалдык мамлекеттердин пайда болушу.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**2. XI кылымдын ортолорунан – XV кылымдын аягына чейин:**
- жер ээлөөчүлүк өндүрүш мамилелеринин жогорулашы;
- өзүн-өзү камсыз кылган натуралдык чарбадан, базар үчүн продукция чыгаруучу чарбага өтүү;
- орто кылымдарда шаарлардын жана кол өнөрчүлүк цехтеринин өнүгүшү;
- сооданын өнүгүшү: эл аралык соода, базар, ярмарка жана биржалар;
- Европа шаарларынын сеньорлор бийлигинен кутулуу үчүн күрөшү;
- эркин шаарлар, шаар-республикалар жана борборлошкон ири мамлекеттердин калыптанышы;
- борбордук бийлик кадыр-баркынын жогорулашы;
- катмарлуу бийлик органдарынын (парламент, Генералдык штаттардын) калыптанышы;
- христиандык чиркөө жана кресттүүлөр жортуулу;
- Европа, Азия, Африка жана Америка элдеринин тарыхы;
- дүйнө элдеринин илим-билими жана маданияты.

**Орто кылымдар тарыхынын булактары.** Орто кылымдар тарыхына тааандык булактар эки негизги түргө бөлүнөт:

**1. Жазма булактар:**
- тарыхый жылнаамалар;
- салык, айып төлөө, сот, алды-сатты, карыз милдеттенмелери менен байланыштуу расмий документтер;
- император, король жана султандардын указдары, буйруктары.

Орто кылымдарда баштап бардык документ жана китептерди каллиграфтар жазган. XI кылымда Кытайда, XV кылым ортолорунда Европада типографиянын жаралышы натыйжасында жазма булактардын саны кескин көбөйөт.

**2. Материалдык булактар:**
- көркөм-сүрөттөө үлгүлөрү: айкелдер, сүрөттөр, колдонмо көркөм өнөр үлгүлөрү;
- тарыхый музейлердеги эмгек жана согуш куралдары;
- ар түрдүү тыйындар;
- кийим-кече жана жасалгалар;
- турак-жайлар жана жабдуулар;
- сарайлар, арктар, ибадатканалар.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



| Байыркы дүйнө | | | | | | | | Орто кылымдар | | | | | | | | | | Жаңы доор | | | | Эң жаңы доор | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 3 | 2 | 1 | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 |
| Б. з. ч. кылымдар | | | Биздин замандын кылымдары | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |

Римдеги кол башчылардан бири, герман урууларынан болгон Одоакр 476-жылы козголоң көтөрүп, акыркы император Ромул Августулду тактыдан четтеткен. Анын талабы менен сенат Римдин батыш бөлүгүнө император керек эместигин жарыялап, бийликтин символдорун Константинополго – Чыгыш Рим императоруна жөнөтөт.

1. Орто кылымдар тарыхы жөнүндө эмнелерди билип алдың?
2. Европанын феодалдык коому жөнүндө сүйлөп бер.
3. Азия жер ээлөөчүлүк коомунун Европадагыдан айырмасы эмнеде эле?
4. Орто кылымдар тарыхы канча доорго бөлүнөт?
5. Тарыхый булактардын түрлөрүн түшүндүрүп бер.
6. Доор сызыгын түшүндүрүп бер.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# I ГЛАВА.
# ЕВРОПА АЛГАЧКЫ ОРТО КЫЛЫМДАРДА

## 1-§. ГЕРМАН УРУУЛАРЫ ЖАНА РИМ ИМПЕРИЯСЫ

Биздин замандын баштапкы кылымдарында Азиядагы гунн, Европадагы герман урууларында мүлктүк катмарланыш күчөп, алар алсыздана баштаган Рим империясына баскындарды күчөтүшкөн.

**Элдердин улуу которулушу.** Биздин замандын IV–VI кылымдарында Европаны гунн уруулары баштап берген "**Элдердин улуу которулушу**" жараяны өз ичине алат. Буга бир топ себептер болгон. Эң мурда, герман урууларында калктын көбөйүшү натыйжасында жаңы жерлерге муктаждык жана мүлк жагынан катмарланыштын күчөшү аларды жаңы жерлерди ээлөөгө үндөйт. Мындан тышкары, гунндардын IV кылымдан баштап Чыгыштан жасаган жортуулдары көптөгөн варвар урууларын өз жерлеринен кетүүгө аргасыз кылган. Европада II кылымдан климаттын муздашы кийинки кылымдарда эгин талаасын дыңга, суу бассейндерин жана аларга жакын жерлерди сазга айландырды. Мындай факторлор элдердин жашоосу жана чарба жүргүзүшү үчүн жаңы ыңгайлуу аймактарды издешине түрткү болгон. IV–VI кылымдар Европа элдеринин тарыхы үчүн улуу которулуштар доору болуп эсептелет.



**1-сүрөт.** Варварлар

**Герман уруулары жана алардын алектенүүлөрү.** Рим империясынын түндүк-чыгыш чек араларын бойлой жайлашкан **варвар** уруулары биздин замандын баштапкы

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



кылымдарында да уруучулук коому деңгээлинде жашашкан.

Байыркы герман уруулары (франктар, вестготтор, остготтор, вандалдар, бургунддар, лангобарддар) Рейн жана Эльба дарыяларынын бассейнинде жайгашышкан.


**2-сүрөт.** Герман уруусу


**3-сүрөт.** Темир тиштүү амач

Алардын негизги алектенүүсү мал чарбачылыгы болгон. Мал чарбасынан тышкары канаттууларды колго үйрөтүшкөн, аң уулап, балык кармашкан. Биздин замандын баштарынан калк санынын көбөйүшү тиричиликте дыйканчылыктын ролун ашырат.

Коомдун мүчөлөрү биргеликте токойдогу даректарды кыйып, жаңы жерлерди ачышкан. Жерди жөнөкөй соко менен иштетүү, ага жер семирткичтин берилбестиги эгин талаасын алсыздантып, 2—3 жылдан кийин түшүмдүн кескин төмөндөшүнө алып келген. Германдарда кийинчерээк, сокодон темир амачка өтүлүшү эмгек өнүмдүүлүгүн, түшүмдүүлүктү жогорулатууга себеп болгон.

Римдиктер башка жерде жашап, белгисиз тилде сүйлөгөн бардык элдерди “варварлар” деп аташкан.


Байыркы германдар тарыхы жөнүндөгү бай маалыматтарды Юлий Цезардын “*Галлия согушу жөнүндө*” жана рим тарыхчысы Тациттин “*Германия*” аттуу чыгармаларынан жолуктурабыз.

Кылымдар өтүп дыйканчылыкта которуштуруп эгүү усулу колдонула баштады. Б. з. IV кылымынан жаздык жана күздүк буудайдын ордуна буурчактуу эгин эгүү, айдалган аянтты экиге бөлүп (ошондуктан бул усулга эки аянттуу которуштуруп эгүү дейилет) бирине үрөн сээп, экинчисин айдап ээн калтыруу жана аларды ар жылы которуштуруп туруу жолго

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






**4-сүрөт.** Эки талаалуу которуштуруп эгүү

коюлган. Бул түшүмдүн санын көбөйтүү менен бирге эгин аянттарын бат-бат алмаштырып туруу зарылчылыгына чек койгон. Германдар булардан тышкары жер жемиш, жашылча, ошонун катарында капуста өсүмдүктөрүн өстүрүшкөн.

Германдарда кол өнөрчүлүктүн токуучулук, жыгаччылык (негизинен, кайык жасоо), зергерлик, көнчүлүк тармактары өнүккөн. Ички соодада эң маанилүү буюм темир буюмдар эсептелген. Герман уруулары кошуна римдиктерге кул, чарба малдары, тери, янтарь[1] алып барып, алардан кымбат баалуу кездемелер, чопо идиштер, жасалгалар, вино сатып алышкан. Соода товар алмашуу формасында жүрүп, империя менен чектеш аймактарда гана рим акчасы иштетилген.

**Германдардын коомдук түзүлүшү.** Германдардын коому мамлекет пайда болгонго чейин уруучулук баскычында жашап келген. IV кылымда германдарда мүлктүк теңсиздик күчөп, коомдор байлар менен кедейлерге бөлүнө баштайт, коомдордо ак сөөктөр, эркин жана жарым эркин адамдар катмарлары калыптанат.

Мүлктүк катмарлануунун натыйжасында германдарда **конунг**, башкача айтканда ак сөөктөрдүн башчысы калыптанып, анын кадыр-баркы аша баштайт.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Конунг** — уруу башчысы, ак сөөктөрдүн жогорку өкүлү. Норманн урууларында – аскер башчысы.

Германдардын турмушунда уруу кол башчыларынын орду да маанилүү болгон. Аскердик олжонун чоң бөлүгү жол башчыга тиешелүү болгон. Анткени ал жоокерлерин ат, курал-жарак, турак-жай, азык-түлүк менен камсыз кылган.

Герман уруулары IV–V кылымдардан баштап кеңири аймактарды көзөмөлгө алган **уруу союздарына** бириге баштаган. **Алеманн, гот, франк** уруу союздары бир нече жүз миңдеген адамдан турган. Уруулардын жогорку органы саналган элдик чогулуштар акырындык менен өзүнүн маанисин жогото барып, аскердик бөлүнмөлөр менен алардын жол башчыларынын зоболосу ашкан.

**Алеманн, гот, франктар** – германдардын эң чоң урууларынан болгон.

Чектеш аймактардагы кээ бир уруу башчылары Рим императорунун орун басарларына жалданма аскердик кызматка өтө баштанкан. Бул аскердик бөлүнмөлөр рим кошуундарынын жортуулдары учурунда өзгөчө күжүрмөн бирдик иретинде катышкан. Кээде герман уруулары империянын чек араларын тышкы душмандан коргоо милдетин да өздөрүнө алышкан. Христиан дини тарала башташы менен алардын социалдык өнүгүшү да тездешкен.

**Рим империясына чабуулдар.** Алсызданган Рим кошуна варварлардын чабуулун токтото албаган. Кулчулуктан азап тарткан жергиликтүү калк герман урууларына каршы чыкпай, кээде алар жакка өтүп кеткен. V к. баштарында Пиреней жарым аралы менен Галлиянын бир бөлүгүндө варварлардын алгачкы мамлекети — **Вест-гот королдугу** түзүлдү. Германдар кийинчерээк басып алынган жерлерде: **вандалдар** (Түндүк Африкада), **остготтор** (Итали-



**5-сүрөт.** Вестготтор

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



яда), **франктар** (Галлияда), **англо-сакстар** (Британияда) өз мамлекеттерин түзгөн.

Германдардын баскыны 476-жылы Батыш Рим империясынын кулашына себеп болгон. Европада жаңы — феодалдык коомго өтүү доору башталган.

?!

1. Европадагы улуу которулуштар доорунда Орто Азиянын, ошонун катарында, азыркы Өзбекстандын аймагына кандай уруулар бастырып кирген?
2. Картадан герман уруулары жашаган аймактарды көрсөт. Жазуусуз картага герман уруулары жашаган аймактарды түшүр. Азыркы мезгилде бул аймактар кайсы мамлекеттерге тиешелүү экендигин аныктапчык.
3. Айтчы, 1, 2, 3-сүрөттөрдү мазмун жагынан эмне бириктирет? Ошол доор жөнүндө маалымат бер.
4. 3, 4-сүрөттөрдө берилген нерселердин алгачкы орто кылым калкынын турмушундагы ордун жана маанисин түшүндүр. Бул нерселер өлкөбүздө да болгонбу?

## 2-§. ФРАНКТАР. ФРАНКТАР МАМЛЕКЕТИНИН ПАЙДА БОЛУШУ

**Франк уруулары.** Улуу которулуш башталганга чейин герман урууларына таандык франктар Рейн дарыясынын төмөнкү агымындагы жерлерде жашашкан. Аларда уруучулук түзүлүш болуп, уруу башчылары аскердик иште өзгөчө эрдик көрсөткөн адамдардан шайланган. Рим-галлдар менен жакын кошуначылык мамиледе болгон франктардын тышкы көрүнүштөрү да башка герман урууларынан кыйла айырмаланган. Алар готтор жана лангобарддар сыяктуу жаныбарлар терисинен эмес, кездемеден кийим кийишкен жана чач-сакалдарын алып жүрүшкөн. Франктарда корол-



**6-сүрөт.** Франк жоокери

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



дун үй-бүлөсүнө таандык адамдар гана узун чач менен жүрүшү мүмкүн болгон.

Батыш Рим империясы кулагандан кийин Галлияда рим прокуратору **Эгидий** өз алдынча княздык түзөт. Ошол доордон франктардын Галлияга чабуулдары ого бетер күчөйт. Аларга франк урууларынан бири, меровингдердин башчысы **Хлодвиг** жетекчилик кылат. Шамдагай жана ырайымсыз Хлодвиг тез арада душмандарын жеңип, бардык франк урууларынын үстүнөн бийлик орнотот. 486-жылы Хлодвиг франктар мамлекетине негиз салат.

486-жылы Хлодвиг франктар мамлекетине негиз салат. Франктар түзгөн мамлекет баштап династиялар аты менен аталган. Х кылымдан Париждин тегерегиндеги аймак **Ли де Франс** мамлекеттин аталышына негиз болот жана ал **Франция** деп атала баштады.

**Франктарда христиандыктын кабыл алынышы.** Варвар уруу башчыларынын ичинен биринчи болуп Хлодвиг христиандыкты Римден кабыл алат. Анын артынан башка франктар да христиандыкка өтүшөт. Франктардын көпчүлүгү Хлодвигдин бул чечимин жактырбаган, бирок алар королдорунан коркушкан. Римдиктер болсо бул иштен аябай кубанышкан. Алардан бири: “*Силердин жаңы дин, бул биздин жеңишибиз!*” – деп текке жазбаган эле.



**7-сүрөт.** Хлодвиг

Хлодвиг жасаган иш акылдуулуктун иши болгон. Христиандык аркылуу Рим маданиятынын түрдүү багыттары франктар мамлекетине кирип келе баштаган. Ошол доордон баштап франктар менен римдиктер акырындап жакындашат.

Хлодфигдин христиандыкка өтүшү ага элдин ичинде таасири күчтүү болгон галл епископтугунун колдошун камсыз кылган. Ошентип, христиандыктын кабыл алынышы

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



королду күчөтүп, аны өзүнүн уруулаштары арасында жаңы чокуларга көтөрдү.

**Франктарда коомдук мамилелер.** Франктар басып алган жерлерде римдик кул ээлөөчүлөрдүн заңгыраган сарайлары жана жер-мүлктөрү сакталып калган. Жергиликтүү калктын негизги бөлүгүн рим-галлдар түзгөн. Франктар доорунда да мамлекетте негизги жумушчу күч кулдар жана колондор болуп кала берген. Баштапкы учурларда франктар галлдардан обочо жашашкан. Луара дарыясынын түндүгүндөгү герман уруулары болсо көп жылдар бою урууучулук коому болуп жашоону улантышкан. Ал эми мамлекеттин түштүгүндөгү галлдар болсо сан жагынан герман урууларынан да көбүрөөк болгон.

Мамлекеттик бийликти чыңдоо максатында Хлодвигдин урпактары бийлиги доорунда королдор – өзгөчө эмгек сиңирген жоокерлерге жана жакын шериктерине ири жер-мүлк – **бенефицийлерди** ыйгарышкан.

**Бенефиций** (лат.) – сеньордун өз вассалына аскердик кызматы үчүн берген жер-мүлк. Чыгышта ал ыктаъ деп аталган.
**Сеньор** (лат. – чоң) – орто кылымдарда Батыш Европада колунда дыйкандары, майда феодал-вассалдары бар жер ээлөөчү.
**Вассалдык** – Батыш Европа өлкөлөрүндө бир феодалдын башка феодалга баш ийүү тартиби.

Ошентип король жана анын жоокерлери; дин адамдары, королго жакын рим-галл ак сөөктөрү, кул ээлөөчүлөрдөн жаңы ири жер ээлөөчүлөр – феодалдар катмары пайда болгон. Алардын жерлеринде VI кылымдын аягынан кулдар менен колондордон тышкары эркиндигин жоготкон франктар да иштеген. Натыйжада жаңы коомдун негизги катмарлары: феодалдар жана көз каранды дыйкандар пайда болгон.

**Мамлекеттин пайда болушу.** Түндүк Галлияда түзүлгөн франк королдугу Хлодвигдин мураскорлору доорунда Бургундия менен Провансты басып алат. Франктар германдар-

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



дын: **тюринг, алеманн, бавар** урууларын да баш ийдирип, аларды ар жылы олпоң төлөөгө аргасыз кылышкан.

Королдордун бийлиги күчөп барган сайын маанилүү мыйзам, токтом кабыл алуу үчүн элдик чогулуштарды чакырбай коюшат. Ал эми король тарабынан кабыл алынган жаңы мыйзамдар болсо жеке менчикти жана теңсиздикти бекемдөөгө кызмат кылган.

Ири жер ээллөөчүлөр – феодалдар катмары болсо король бийлигинин таянычына айланат. Мамлекет королдун жетекчилигинде ири жер ээлөөчүлөрдүн жаңы жерлерди басып алышын колдоп-кубаттаган.

Франктарда Хлодвигдин доорунда эле мамлекет аймактарга бөлүнүп, аларга король дайындаган **графтар** жетекчилик кыла баштаган Алар өздөрүнүн жерлерин королдун атынан башкарып, калктан салык жыйноо, кошуунга башчылык кылуу, соттоо сыяктуу иштерди аткарган. Соттун чечими менен чогултулган салыктын 1/3 бөлүгү королдун казнасына жиберилген. Франктар салык тартибин римдиктерден кабыл алышкан.

Урууччулук коомунун салттары болсо жыл сайын өткөрүлө турган аскердик кароо түрүндө жана жергиликтүү башкарууда сакталып калган. Башкаруунун негизин эркин франктардын жүздүк чогулуштары түзүп, жүзбашчысы – **тунгин** деп аталган.

**Ири жер ээлөөчүлүктүн калыптанышы.** VI кылымдын аягынан франктардын элет жерлери дыйкандын үй-бүлөсү сатышы же белекке бериши мүмкүн болгон мүлккө – **аллод**го айланат. Королдордун жаңы мыйзамдары жердин менчикке айланышын тездештирет. Король **Хилперик**тин тушунда жаңы мыйзам чыгарылып, ал уулдан мураскор болбосо жерди мурдагыдай коомго эмес, маркумдун кызы же жакындарына өтүшүн макулдаган.

Жердин менчиктештирилиши мүлктүк катмарланууну тездештирип, ири жер ээлөөчүлүктүн өсүшүнө алып келет. Галлиядагы Рим императоруна таандык жерлерди өз мүлкүнө айландырган франк королдору анын бир бөлүгүн жакындарына жана чиркөөгө белекке беришкен.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Аллод** (грекче) – жерге толук ээлик кылуу: Батыш Европанын феодалдык коомунда укумдан-тукумга мурас болуп өткөн жер-мүлк.



**8-сүрөт.** Хлодвиг «Сали чындыгын» окуп уктурууда

Ири жер ээлөөчүлүк коомдук жерлердин эсебинен да кеңип барат. Табигый кырсыктар, кургакчылык, түшүмсүздүктүн бат-бат кайталанып турушу дыйкандарды өз жерлерин таштап, феодалдан ижарага жер алып иштөөгө аргасыз кылат. Салык төлөгөндөн тышкары, ири жер ээлөөчүнүн эгин аянтында иштөөгө аргасыз болгон дыйкан акырындап көз каранды адамга айланып барган.

**«Сали чындыгы».** Хлодвигдин буйругу менен жазылган франктардын салттык үрп-адаттар жыйнагы Европадагы эң белгилүү салттык укуктар эстелигине айланат. Жыйнактын аталышы ага жалаң франктардын сали уруусунун мыйзамдары гана киргизилгенин билдирет.

Король, чындыгында, бул эрежелер аркылуу кандайдыр нерсени түшүндүрүү керек болсо, анда ал үчүн королго кайрылуу зарылдыгын, король болсо өзүнүн кызыкчылыктарынан келип чыгып жооп беришин өз алдына максат кылып койгон. Булардан тышкары, король «Сали чындыгына» байыркы адаттардан өзүнө пайда келтире тургандарын киргизген. Натыйжада, байыркы адаттардан королду канааттандырбагандары унутулуп, пайдалуулары жыйнакта кеңири баяндалган. «Сали чындыгы» франктарда король бийлигинин күчөгөнүн көрсөтөт.

Ошондой болсо да, «Сали чындыгында» франктардын турмушуна, алардын үрп-адаттарына, чарбасына, диний ишенимдерине тиешелүү көптөгөн маалыматтар бар. Алсак, жердин башка кожоюнга өтүшү «сатуучунун» жериндеги жашыл бутак же сабактын «алуучунун» жерине берилиши менен ырасталган. Бул келишимди перзенттер жана неберелер да мыйзамдуу деп билишкен.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



?!

1. Сенин оюнча, эмне себептен варвар королдуктары арасынан франктар мамлекети гана сакталып калган?
2. Эмне үчүн франктардагы бенефиций, сеньор, аллод, вассал сыяктуу терминдер латин тилинен алынган?
3. Король Хлодвиг эмне үчүн өзүнө карщы чыккан жоокерди заматта жазалабастан, аскердик кароо учурунда гана чаап салган?
4. «Сали чындыгын» кандай документ деп эсептейсиң? Ага мүнөздөмө бер. Эмне үчүн документти Хлодвиг окуп уктурууда?

## 3-§. ФРАНКТАР ИМПЕРИЯСЫ

Хлодвигдин уулдары тушунда Франк королдугунун чек аралары кыйла кеңиген. Кийинчерээк династия өкүлдөрү ортосунда келишпестиктер башталып, акыр-аягында жаңы династия такка отурган.

**Улуу Карл.** Карл – династиянын негиздөөчүсү – Франктар королдугун (800-жылдан империясын) 46 жыл бою (768–844) башкарган. «Улуу» наамы ага тарыхчылар тарабынан көптөгөн аскердик жортуулдарга жетекчилик кылып, ири империяны түзгөндүгү, бул мамлекетте жаңы мыйзамдарды, агартуу жана маданиятты негиздегени үчүн ыйгарылган. Карл жөнүндө көптөгөн чыгармалар, уламыштар, рабаяттар жана ырлар жаратылган. Анын атынан **«король»** наамы келип чыккан.



**9-сүрөт.** Император Улуу Карл

**Италия жана Испания согуштары.** Карл такка отурушу менен өзүнүн баскынчылык согуштарын алып барган. Анын алгачкы жортуулдары германдардын **лангобард** уруусу тарабынан Италияда түзүлгөн мамлекетке каршы 773-жылы башталат. Согушта жеңип чыккан Карл Италиянын жерлерин графтыктарга бөлүп, Франк королдугуна кошуп алат.

Араб халифаттыгы басып алган Испанияга каршы 778-жылдагы Карлдын жортуулу ийгиликсиз аяктайт.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**10-сүрөт.** Граф Роланддын курман болушу

Карлдын жээни, граф **Роланд** согушта курман болот. Кылымдар өтүп Роланд француз фольклорунун сүйүктүү каарманына айланып, ал жөнүндө “**Роланд жөнүндө ыр**” поэмасы жаратылат. Кийинки жортуулдарда Пиренея жарым аралынын арабдардан тартып алынган жеринде түзүлгөн **Испан марка**сы франктар мамлекетинин чек ара облусуна айландырылат.

**Сакстарга каршы согуштар.** Рейн дарыясынын оң жээгинде жашаган сакс урууларына каршы согуштар 30 жылдан көпкө (772–804) созулат.

Бул согуш Карл үчүн кыйла татаал жүрөт. Сакстар германдардын Карлга баш ийбеген акыркы ири уруусу болгон. Карл сакстарды ар кандай жол менен болсо да христиан динине өткөрүүгө аракеттенген. Көпкө созулган күрөштөн кийин Карл сакстарды жаңы динге өткөрүүгө жетишет. Ошентип Саксония да Улуу Карлдын мамлекетине кошуп алынган.



**11-сүрөт.** Улуу Карлдын Ахендеги сарайы

**Франктар империясы.** Улуу Карлдын мамлекети Европанын чоң бөлүгүн ээлеген; анын аймагын Батыш Рим империясынын аймагы менен жөн эле салыштырууга болор эле. Бирок Карлдын бийлиги акыркы рим императорунукунан кыйла күчтүү болгон. Ошондой болгону менен кыйраган империя жөнүндөгү эскерүүлөр VIII кылымда да Батыш Европанын түрдүү элдери жана урууларынын эстеринде сакталып калган. Карлдын жакын кеңешчилери арасында байыркы римдиктерди туурап, Улуу Карлды император деп жарыялоо идеясы туулат. Мындай мүмкүнчүлүк 800-жылы Рим жергиликтүү ак сөөктөрүнүн

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



папа **Лев III** кө каршы көтөргөн козголоңу натыйжасында пайда болот. Карл кошуун жиберип, козголоңду бастырат.

Бул жардамы үчүн Рим папасы 800-жылдын декабрында олуя Пётрдун ибадатканасында Карлга императордук таажысын кийдирет. Ошентип жаңы империя куралат.

Улуу Карл империянын абсолюттук өкүмдарына айланып, анын указдары эки жылда бир чакырылган ак сөөктөр менен ири жер ээлөөчүлөрдүн чогулушунда кабыл алына турган болгон.



**12-сүрөт.** Рыцар

Улуу Карлдын туруктуу борбору да болбогон. Ал өзүнүн төбөлдөрү менен мамлекетти бойлой кыдырып, ар түрдүү шаарлардагы сарайларда токтогон, жергиликтүү калкка оордугу түшпөстүгү үчүн ал жерде көпкө турбай дагы башка шаарга жол тарткан.

Улуу Карлдын тушунда франктарда салттагы элдик аскерлердин ордуна атчан рыцарлар кошууну түзүлгөн. **Рыцар**лардын (немисче *ritter* – атчан) бөлүнмөлөрүндө жалаң бай жер ээлөөчүлөр, башкача айтканда күжүрмөн ат жана курал-жарак сатып алууга мүмкүнчүлүгү бар адамдар гана кызмат кылышкан. Өкүмдарлар рыцарларга: атын, курал-жарагын тартипте сакташы, согуш учурунда үй-бүлөсүн камсыз кылышы үчүн жер-мүлктү белекке берген. Бул жер-мүлк – **феод** аскердик кызмат үчүн белекке берилип, кийинчерээк мурастык мүлккө айланган. Феоддун ээси **феодал** деп аталган. Замандар өтүп аскердик иш феодалдардын гана машыгуусу болуп калган. Ири феодалдар аймактарга ээлик кылса, майда феодалдарга бир айыл же анын бир бөлүгү белекке берилиши да мүмкүн эле.

**Мамлекеттик башкаруу.** Улуу Карлдын сарай кызматкерлери ошол эле учурда министрлердин да кызматын аткарышкан. Каржы, салык, аскердик башчылар, дасторкончу, аткана башчысы жана башкалар франктар мамлекетиндеги маанилүү кызматтардан саналган. Ири урууларды **герцогдор** (немисче, шайланган аскердик

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



башчы, кийинчерээк мурастык уруу башчы) башкарган. Доорлор өтүп герцог аталышы эң жогорку наамдардын бирине айланат. Чакан аймактарды император дайындаган **графтар** (немисче, король дайындаган төбөл) башкарган. Герцог наамы мурдатан мурастык болсо, графтарды император дайындаган. Улуу Карл өзүнүн мамлекеттик чек араларын бекемдөө үчүн **марка**ларды (немисче, чек ара аскердик округдарын) түзүп, аларды **маркграфтар** (немисче, чек ара округунун акимдери) башкарган.

Епископтор, ири монастырлардын аббаттары императордун жерлердеги өкүлү катары анын буйруктарын аткарышкан. Сапарларга чыккан учурларда Улуу Карл епископтор менен графтардын иштери кандайча жүрүп жатканын текшерген. Эгерде мансабынан пайдаланып, өздөштүрүү байкалса, жооптуу адам заматта кызматынан бошотулган. Императордун өзүнө бардык графтыктар менен епископтуктарды айланып чыгуу кыйынга тургандыктан, ал өзү ишенген бийлик өкүлдөрүн мамлекет боюнча чыгарган. Аларга жергиликтүү акимдерди жазалоо, аларды алмаштыруу укуктары берилген. Франктар мамлекетинин аймактары аябай чоң болгондуктан, көзөмөлдөөнү кыйындаштырган. Бардык графтыктарды көзөмөлдө сактоо кыйын эле. Мындан тышкары, графтар мүмкүнчүлүктүн барынча графтыкка орношууга, аны урпактарына мурас калтырууга умтулушкан. Бул болсо франктар империясынын келечекте алсызданышына жана ойрон болушуна жол ачып берген.

Европа өкүмдарлары ичинен чоң урматка ээ Карлдын сарайына көптөгөн элчилер келип турган. Жылнаамаларда жазылышынча, араб халифи **Харун-ар-Рашид** элчиси аркылуу Карлга кымбат баалуу белектер менен кошо Иерусалимдеги Иса пайгамбардын сөөгү коюлган жерди да белекке берген.

**Франктар империясынын кризиси.** Жылдар өтүп графтар мамлекеттик кызматчылардан – ири жер ээлөөчүгө, өз аймагынын кожоюнуна айланып барган

Графтыктагы эркин дыйкандар көз каранды боло башташат. Королдун сот иштерин башкарууну графтарга тапшырышы да алардын бийлигин күчөтөт.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Улуу Карлдын кайтышынан көп узабай империянын кризиси башталат. Неберелеринин доорунда мамлекет ыдырап кетет. **Верден** шаарында 843-жылы түзүлгөн келишим боюнча түзүлгөн королдуктардын ордунда, кийинчерээк – **Франция**, **Германия** жана **Италия** мамлекеттери пайда болот.

Бул королдуктардын ар бири герцогдук жана графтыктарга, алар болсо ири жана орто феодалдык мүлктөргө бөлүнгөн. Ошентип, Европада феодалдык бытырандылык доору башталган.

?!

1. Франктар королдугу качан түзүлдү?
2. Король Карл басып алган аймактарды жазуусуз картага түшүр.
3. Азыр Испания жайлашкан жарым аралдын географиялык аталышы эмне? Карлдын жортуулдары учурунда аймак кимдерге таандык болгон?
4. Франктар империясы кандайча куралганын, ошол доордо өлкөбүздө кандай мамлекет болгонун салыштырып сүйлө.
5. Франктар мамлекетинде башкаруу кандай болгон?

## 4-§. БРИТАНИЯДАН АНГЛИЯГА

Рим империясы Британия аралдарын басып алганда аралдын түштүгүндө кельт, бритт, түндүгүндө – азыркы Ирландия жана Шотландияда – скот, пикт уруулары жашаган.

Рим легионерлери 407-жылы Британияны таштап, Италияга кайтат. Алардын артынан рим колонисттери да Европага кайра тартат. Ошентип аралдын **кельт** калкы өз алдынча калтырылат. Кельт уруу башчылары болсо өз ара согуштарды баштап жиберишет. Ошол учурда түндүктөн **пикт** жана **скотт** урууларынын чабуулдары башталат.



**13-сүрөт.** Бритт жоокерлери

**Кооптуу коргоочулар.** Пикттерден коргонуу үчүн жергиликтүү бриттер

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



алгачкы жолу германдардын **ют**, **англ, сакс** урууларынан жалданма дружиналар чакырышкан. Бул уруулар Германиянын түндүгү жана Ютландия жарым аралында жашашкан. Баштап германдар үч кемеде келишет. Көп узабай алардын артынан көптөгөн уруулаштары да жолго чыгышат. Германдардын кельттерден барган сайын жогору төлөмдөрдү талап кылышы, регулярдуу козголондору, мамлекетти талап-тоношу жана коркутуулары күчөп барат. Юттар V кылымдын ортолорунда **Кент** аймагын басып алышат. Алардын изинен англо-сакстар да кельттерге чабуул жасап, олуттуу каршылык болбогон соң мамлекетти басып алууга киришишет. Англо-сакстар жергиликтүү калктын бир бөлүгүн кырып, айрымдарын кулдукка салышат. Шаарлар кыйрап, динсиз германдар ибадаткана менен монастырларды талап-тоноп, өрттөп жиберишет. Баскынчылыктын айынан көптөгөн кельттер материкке, **Арморика** жерлерине көчүп өтөт. Франциянын түндүк-батышындагы бул аймак бриттердин массалык көчүшүнөн кийин **Бретан** атын алып, бул атты азыр да ушундай аталат.

**Бриттер** – кельт урууларынан болуп, Брттаниянын негизги калкы эсептелген.
**Дружина** – көңүлдүүлөрдөн турган аскердик бөлүнмө. Бул бөлүнмө бир нече ондон бир нече жүзгө чейин жоокерди бириктирген.


**14-сүрөт.** Король Артур

**Король Артур.** Британия аралына бастырып келе жаткан германдарга каршылык көрсөтүү **Амвросий Аврелиан**дын аты менен байланыштуу. Ал аралдагы акыркы римдиктерден болчу. Амвросий Аврелиан VI кылымдын баштарында бриттерди бириктирет. Мунун натыйжасында ал бир топ жеңиштерге жетишет. Күчтүү кошуун түзө алган Амвросий Аврелиан англо-сакстардын басмырлоосун дээрлик жарым кылымга ток-

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



тотот. Кельт урууларынын эсинде бул жеңиштер жөнүндөгү маалыматтар кылымдар бою сакталат. Бирок уламыштарда баскынчыларга сокку берген баатырдын аты өзгөргөн. Дастанчылар аны **Арториус** же **Артур** деп аташкан. Мезгилдин өтүшү менен Артурдун бейнеси айланасында VI кылымга тиешеси болбогон көптөгөн тарыхый уламыштар чогулат. Арадан беш кылым өтсө да Европанын түрдүү өлкөлөрүнүн жазуучулары король Артур жана анын рыцарлары **Ланцелот**, каныша **Жиневра**, сыйкырчы **Мерлин**дер жөнүндө чыгарма жаратканды уланта беришет. Бул чыгармалар окурмандардын арасында кеңири таралат.

**Күрөшүүнүн жыйынтыгы.** Амвросий Аврелиандан кийин бриттерде мыкты жол башчы болбогондугу англо-сакстар тарабынан аралдын чоң бөлүгүнүн басып алынышына шарт түзөт. Баскынчылыкка туш болбогон кельт уруулары Ирландия жана Шотландияда, бир бөлүгү Британиянын батыш чегинде сакталып калат.

Баскынчылар Британия жерлеринде жети королдук түзүшөт. Алар түрдүү говорлордо сүйлөшүшкөн, бирок жылдар өтүп англдар жашаган Мерсия диалекти барган сайын кеңири колдонула баштайт. Ошол себептүү кийинчерээк, баскынчылар мамилесиндеги тил англис, мамлекет болсо Англия аталышын алат. Баскынчылардын көптөгөн уруулары жана багындырылган калктын калган бөлүгү бириге баштайт жана тарыхта **англо-сакс** аталышын алат.



**15-сүрөт.** Норманндар баскыны

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Жаңы баскын.** Норвегия же Даниянын жээгинен чыккан кеме Британия аралдарына бир нече күндө сүзүп барган. Замандаштарынын жазышынча, ошол себептүү даниялыктар ар жылы чабуул жасап, Англия элинин мал-мүлкүн талаган.

Каллиграфия өнөрүнүн борборлору болгон Ирланд монастырлары норманндар тарабынан өрттөлгөн.

Ички талаштардан алсызданган англо-сакс королдуктары баскынчыларды кайтара алышпаган. Натыйжада, норманндар 842-жылы **Лондон**ду басып алып, талайт жана өрттөп жиберет. Кийинчерээк даниялыктар талоончулук жортуулдан соң үйлөрүнө кайтпай, Англияда ээлеген жерлеринде кыштап кала турган болушат.

Дээрлик бардык англо-сакс королдуктары даниялыктар тарабынан баш ийдирилет. Каршылык көрсөтүүнү **Уессекс королдугу** гана улантат.

**Король Улуу Альфред.** Улуу Альфред (871—900) Уессексте бийлик тактына отурганга чейин эч ким даниялыктарды токтотуунун чарасын таба албаган. Улуу Альфред бүткүл Англиядан баскынчыларды жазалоону эңсеген жоокерлерди чогултат. Ал бул кошуун менен даниялыктарды бир нече жолу жеңет.



**16-сүрөт.** Викингдердин ирланд монастырына чабуулу

Улуу Альфред 879-жылы даниялыктар менен тынчтык келишимин түзөт. Келишим боюнча, арал экиге бөлүнүп: түштүк-батыш бөлүгү Альфредге, түндүк-чыгышы болсо даниялыктарга берилет. Чек ара Лондон менен Чечтер аралыгындагы байыркы римдиктер курдурган таш жолдон өтөт. Скандинавдарга калтырылган жерлер **Денло** аталышын алат.

Улуу Альфред тынчтык келишиминен жаңы күчтүү кошуун түзүү үчүн пайдаланды. Белгилүү болгондой, мурда душман коркунуч

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



салганда элдик аскер чогулган. Эми беш англо-сакска алтынчысын багуу жана куралдандыруу милдети жүктөлдү. Натыйжада тынымсыз согуш учурунда айылдын көпчүлүк калкы өз жумушунан калбаган. Жаңы эреже боюнча беш адам алтынчысын шлем, кылыч жана согуш балтасы менен камсыздап, **викинг**ден калышпай куралдандырган. Ошондой эле, бул алтынчы адам тынымсыз машыгып, согушка даярданууга тийиш эле. Калган беш кошунасынын эмгектениши ага үй-бүлөсү жөнүндө ойлобоого шарт түзгөн. Ошентип сан жагынан кыскарган Улуу Альфреддин кошууну сапат боюнча мурдагыга караганда бир нече эсе күчөйт. Жаңы кошуундун түзүлүшү менен коомдо да маанилүү өзгөрүштөр болот. Коомдо чыныгы дыйкандардан тышкары жоокерлер катмары пайда болот.

Альфред данияльктар чептерди курчоого алууну анчалык жактырбастыгын түшүнүп, өз мүлктөрүнүн чек араларына көптөгөн чептер — **бург**дарды курдурат. Король кеме жасаган усталарды таап, данияльктардыкынан калышпаган кайыктарды жасатат.

Король Альфред кошуун жөнүндө гана кайгырбаган. Ал доорунун билимдүү адамы болгон. Уессексте данияльктардын чабуулдарынан кийин латин тилин билген адам дээрлик калбаган эле.

Ал эски англо-сакс мыйзамдарын жазып баруугa жана Англиянын тарыхы боюнча маалымат чогултууга буюрат. Улуу Альфреддин тушунда "***Англосаксон хроникасында***" маанилүү окуялар жылдар боюнча жазыла баштайт.

**Денлонун кайтарылышы.** Король Улуу Альфредден кийин анын мураскорлору Денлого чабуул жасашат. Жаңы кошуун ийгиликтүү аракеттенип, X кылымдын акыркы чейрегинде Англия королдугу (бул учурда Британия аталышы жаңы Англия аталышы менен толук алмашкан) Дания мыйзамдары аймактарын кошуп алат. Денлого орношкон данияльктар болсо жергиликтүү калк менен кыйла жакындашып, жуурулуша баштаган эле.

Кийинчерээк Англияда кайрадан ички талаштар башталып, мамлекет алсызданат. Дания болсо бул мезгилде күчкө

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



кире баштайт. Дания королдугу Англияга чабуул жасаган даниялык викингдерге караганда коркунучтуураак эле. Англия королдугу ички талаштардан таптакыр алсызданат. Даниянын королу XI кылымдын башында англистердин жээгине кошуундарын түшүрөт. Согуш көпкө созулбайт. Лондон шаары гана бир топко даниялыктарга каршылык көрсөтүп турат.

?!

1. Британияга кайсы герман уруулары келип орношот?
2. Амвросий Аврелиан жөнүндө эмнелерди билип алдың?
3. Герман урууларынын баскындары кандай натыйжаларга алып келди?
4. Сен король Альфреддин ишкердигине кандай баа бересиң?

## 5-§. ЫЙЫК РИМ ИМПЕРИЯСЫ

Элдердин улуу которулушу доорунда герман уруулары Батыш Европаны бойлой жайлашып, уруу кол башчылары мекенинен алыс өлкөлөрдө мамлекет түзүшкөн жана ага королдук кылышкан. Бирок Германиянын өзүндө күчтүү көз карандысыз королдук салыштырмалуу кеч пайда болгон.



**17-сүрөт.** Ак сөөктөр герцог Генрихке анын король шайланганын билдиришүүдө

**Жаңы королдук.** Франк империясы 843-жылы үчкө бөлүнүп кеткенде, баштап алардын бардыгын Улуу Карлдын урпактары башкарган. Бирок 919-жылы Чыгыш Франк королдугунда (болочок Германия) жергиликтүү ак сөөктөр княздардан эң күчтүүсү болгон Саксониянын герцогу **Генрих**ти королдукка шайлашат. Натыйжада франктардын каролингдер династиясынын ордуна, жергиликтүү саксониялыктар династиясы бийликке келет. Ощентип жаңы мамлекет – Германия королдугу пайда болот. **Генрих I** алысты

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



көздөй акыл менен иш жүргүзүп, мамлекетти чындоого киришет. Венгерлер менен 9 жылга тынчтык келишимин түзгөн король мамлекетти коргоо иштерин жогорулатуу үчүн бир топ иш-чараларды ишке ашырат. Генрих айылда жашаган ар 9 адамдан бирин **бург**га көчүрөт. Чогулгандар бургда жакындары үчүн да турак-жай курат. Айылда калган сегиз адам өздөрүнүн жоокерликке алынган жолдоштору үчүн да дыйканчылык кылышкан. Генрих бардык чогулуштарды, чиркөө соборлорун, мааракелерди **бург**да өткөрүүгө буюрат. Курулуш күн-түнү алып барылган, келишимдин мөөнөтү бүткөнгө чейин калктын негизги мүлкү бургдарда болууга тийиш эле.

**Венгерлер менен согуш. Генрих I** дин уулу **Оттон I** дин (936–973) тушунда күчтүү немис атчан кошууну түзүлөт. Анын негизин оор куралданган рыцарлардын атчан кошууну түзгөн.

Бургдарга таянган жаңы атчан кошуун жардамында Оттон I венгерлерге каршы чечкиндүү согушка аттанат. 955-жылы Бавариянын Лех дарыясы жээгинде болгон оор салгылашууда венгерлер жеңилет жана алардын Германияга баскынчылыгы токтойт.

**Жаңы империя.** Өзүнөн мурда эч ким жеңе албаган душманды жеңген Оттон I өзүн Европадагы эң күчтүү король деп эсептей баштайт. Бул жеңиш анда Улуу Карл сыяктуу Римде императорлук таажысын кийүү жана император наамын алуу каалоосун ойготот.



**18-сүрөт.** Ыйык Рим империясы императорлорунун таажысы

962-жылы кошууну менен Римге келген Оттон I ге папа **Иоанн XII** императорлук таажысын кийдирет. Жаңы империя – **Ыйык Рим империясы** наамын алат. Анын курамына Германиянын жерлеринен тышкары Италиянын түндүк аймактары да кирген, бирок бул жердеги шаарлар герман императорлоруна эч качан толук баш

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



ийбеген. Ошентсе да ар бир герман королу такка келгенден кийин кошууну менен Альп тоолорун аша Италияга жортуул жасап, Римде императорлук таажысын кийген.

Герман императорлору өздөрүнүн мамлекеттерин байыркы Римдин улантуучусу эсептешкен. Замандаштары "дүйнө укмушу" деп аташкан Оттон I дин небереси **Оттон III** Римди ири мамлекеттин борборуна айландырууну эңсеген. Ал бүткүл христиан дүйнөсү Рим императорунун кол астына биригүүгө тийиш деп эсептеген. Турган сөз, бүткүл дүйнөлүк христиан империясы жөнүндөгү эңсөөлөрдү ишке ашыруу оор иш эле. Ошентсе да, герман монархтары өз мамлекеттерин **Рим империясы**, кийинчерээк **Ыйык Рим империясы** деп атоону уланта беришет. Бул мамлекет көп кылымдар бою өкүм сүргөн.

> Ыйык Рим империясы 962-жылдан 1806-жылга чейин өкүм сүргөн. Христиан католик чиркөөсүнүн демөөрчүлүгүндө болгондуктан ага «ыйык» наамы берилген.

**Герман императорлору жана чиркөө.** Ири мамлекетти башкаруу үчүн королдун буйруктарын аткарган төбөлдөр болушу керек эле. Алгачкы орто кылымдарда болсо өнүккөн жана бай коомдо гана миндеген төбөлдөрдү тейлөө мүмкүнчүлүгү болгон. X кылымда Германиянын калкы императорлорго караганда өздөрүнүн герцогдоруна көбүрөөк кулак салышкан. Мындай жагдайда Оттон I жана анын мураскорлору өзүнчө бир усулду колдошот. Алар бүткүл мамлекетти ээлеген чиркөө уюмдарынан өздөрүнүн максаттарында пайдаланышат. Тарыхтан белгилүү болгондой, франк королдору доорунда эле епископтор алардын ишеничтүү кызматкерлери эсептелген. Оттон I бул багытта дагы да илгерилеп кетет. Ал Германиядагы епископ жана аббаттарга жер-мүлктөн тышкары көптөгөн укук жана артыкчылыктарды берет. Натыйжада чиркөө ак сөөктөрү мүмкүнчүлүк, бийлик жагынан герцог менен графтардан

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



төмөн болбогон. Алар ар дайым жеке адамды монархтын эркине баш ийдире алышкан. Императордун өзү болсо тийиштүү адамды чиркөө кызматына дайындаган, керек болсо епископторду, ал тургай Рим папаларын да эч кыйынчылыксыз алмаштыра алган. Атап айтканда, Оттон I Римде көптөгөн епископтордун катышуусунда өзү жактырбаган папалардын биринин үстүнөн сот уюштуруп, аны кемсинткен түрдө кызматтан бошоткон. Анын мураскору Оттон III болсо устаты **Герберт**тин **Сильвестер III** (999–1003) аты менен Рим папалыгына шайланышына жетишкен.



**19-сүрөт.** Оттон I жубайы менен

?!

1. Германия мамлекети кандайча түзүлдү?
2. Жазуусуз картага Оттон I мамлекетинин аймактарын түшүр.
3. Оттон I дин венгерлер менен алып барган күрөшү кандай аяктады?
4. Китептеги 17, 18, 19-сүрөттөрдү кандай мазмун бириктирет?

## 6-§. ВИЗАНТИЯ: БАТЫШ МЕНЕН ЧЫГЫШТЫН ОРТОСУНДА

**Империянын пайда болушу.** Византия – Рим империясынын мураскору болуп, империянын чыгыш аймактарында түзүлгөндүктөн, ал Чыгыш Рим империясы деп да аталат. Византияга Европанын да, Азиянын да аймактары киргендиги себептүү аны Батыш менен Чыгыштын ортосундагы мамлекет деп айтууга болот.

Белгилүү болгондой, император Феодосийдин уулдары 395-жылы Рим империясын өз алдынча эки мамлекетке: **Батыш Рим** – борбору **Рим** жана **Чыгыш Рим** империясы (Византия) – борбору **Константинопол**го бөлүп алышат.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**20-сүрөт.** Константинополь шаары

Константинополь шаары ордундагы гректердин Мегава шаарынын колониясы атынан көбүнесе **Византия** деп да аташкан.

Византиянын курамына Балкан жарым аралы, Кичи Азия, Кавказ, Сирия, Палестин, Египет, ошондой эле Крит жана Кипр аралдары кирген.

Чыгыш Рим империясында гректер сан жагынан көп болгондуктан, мезгилдер өтүп грек тили латин тилин сүрүп чыгарып, мамлекеттик тилге айланат.

Чыгыш Рим империясынын калкын европалыктар **гректер** дешкен. Бирок империянын жарандары өздөрүн **римдиктер** (грекче, ромейлер), мамлекеттерин болсо Рим (Ромей) империясы деп билишкен. Чыгыш элдери да аларды римдиктер деп тааныган.



**21-сүрөт.** Византиянын алтын акчасы

Византияда кулчулук сакталып калганы менен, калктын көпчүлүгүн эркин дыйкандардын түзүшү, жасалма сугатчылыкка негизделген түшүмдүү дыйканчылык анын экономикалык туруктуулугун камсыз кылат. Ошондуктан империяда VI кылымда да **Константинополь, Александрия, Антиохия, Эдесса** шаарлары ири соода жана кол өнөрчүлүктүн борбору катары өнүгүп өскөн.

Дүйнөнүн түрдүү өлкөлөрүнүн соодагерлери ромейлердин базарына ашыккан. Константинополь Азия менен Европаны байланыштырган "**Алтын көпүрө**" эсептелген. Византиянын соодагерлери Батыштын суюлуп калган базарларына кооз кийим жана жасалга, мөмө-жемиш жана кымбат баалуу вино, курал-жарак жана идиш, чиркөө эмеректери, түрдүү буюмдар алып барышкан. Византиянын алтын акчасы (**номисма**) кылымдар бою эң ишеничтүү эл аралык акча эсептелген.

**Васильевс бийлиги.** Византия империясын **васильевс** (грекче, падыша) башкарган. Васильевске көп сандагы

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



сот, аскердик жана салык мекемелери, өкмөт адамдары, ошондой эле кеңеш органына айланган **цинклит** (латинче, сенат) баш ийген. Төбөлдөр менен сенаторлор ак сөөктөрдөн гана турбаган. Жөнөкөй элдин шыктуу, билимдүү перзенттери да жогорку кызматтарга орношо алган. Ал тургай алардан императорлор да чыккан. Мындай жагдай ромейлерди таң калтырбаган, анткени алар байыркы римдиктер сыяктуу империянын бардык жарандары төрөлгөндөн тең укуктуу деп эсептешкен.

**Византиянын турмушунда эллинизм.** Византиянын турмушунда көп нерселер адаттагыдай эле калган. Алардын турмушунда эллин маданияты бекем орун алган. Ипподромдордо эл мурдагыдай чабандес, күрөшчү жана гимнасттардын мелдешин, мимдердин (актёрлор) чыгууларын тамаша кылышкан. Шаардын калкы өкмөттөн маяна алган дарыгерлерде дабаланышкан, коомдук мончолорго барышкан. Маанилүү жери, Византия байыркы доор грек илимин сактап калган.



**22-сүрөт.** Император Юстиниан

Башталгыч жана орто мектептердин көпчүлүгү Батыш Европадагы чиркөө жана монастырдык окуу мекемелеринен айырмаланып, менчик же мамлекетке караштуу болгон.

**Византиянын алтын кылымы.** Византия өнүгүүнүн туу чокусуна **Юстиниан I** дин (527–565) императорлугу доорунда чыгат. Ал кедей-дыйкан үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Атасынын агасы **Юстин** катардагы аскерден кол башчыга чейин көтөрүлүп, императорлук тактын ээлейт. Юстин жээнин сарайга жакындаштырып, ал мыкты таалим-тарбия алышы үчүн шарт түзүп берет. Абасынын өлүмүнөн кийин **Юстиниан** такка олтурат.

Жаңы император мамлекеттин турмушун реформалар аркылуу кыйла жаңылайт, эл аралык сооданы өнүктүрүү менен мамлекеттик казнаны толтуруп гана калбастан, элдин жыргалчылыгын да камсыздайт. Юстиниан I дин

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



бейнесинде шамдагайлык, туруктуулук менен кошо ири саясатчыларга мүнөздүү эки жүздүүлүк, куулук, зулумдук касиеттери да болгон.

Юстиниандын аялы каныша **Феодора** да өз доорунда белгилүү болгон. Жаш кезинде Феодора актриса болгон. Ал кездерде актёрлук жакшы кесип саналбаса да, Феодоранын сулуулугуна ашык болгон Юстиниан I коомчулуктун терс пикирлерине карабастан, ага үйлөнөт (Феодора акылы, мансапкордугу, коркпостугу менен өзгөчөлөнгөн).



**23-сүрөт.** Византиянын кошууну

**Юстиниандын жортуулдары.** Юстиниан I дин максаты Рим империясынын мурунку аймактарын калыбына келтирүү эле. Ал 534-жылы кол башчы **Велисарий**ди Түндүк Африкада мамлекет түзүп, Жер Ортолук деңизиндеги соода кемелерин тоногон вандалдарга каршы жиберет. Мыкты куралданган кошуун вандалдар королдугун багындырып, Түндүк Африканы Византия вилаятына айландырат.

Ошондон кийин Велисарий Италияга сапар тартат. Византиялыктар Сицилия аралын кыйынчылыксыз ээлешет. Бирок Италияда алар остготтордун катуу карышылыгына жолугушат. Велисарийге каршы остготтор качак кулдарга эркиндик берип, алардан пайдаланышкан. Византиялыктар болсо, тескерисинче, кулчулукту сактап калышкан, кенедей күнөө үчүн да аларды аябай жазалашкан. Ошого карабай, византиялыктар Италиянын чоң бөлүгүн багындырып, борбору **Равенна** болгон өз алдынча аймак түзүшөт.

Италиядагы согуштун аягында Юстиниан I Испанияга да кошуун жиберет. Испанияда вестготтор бийлик жүргүзүшкөн. Вестготтордун кошуунун оңой эле жеңген Византия түштүк аймактарды ээлеп, Гибралтар кысыгы үстүнөн өзүнүн көзөмөлүн орнотот.

**Византияда феодалдык мамилелердин калыптанышы.** Византияга VI кылымдын ортолорунан славян уруулары келип орношо баштайт. VII кылымда Араб халифаттыгы чабуул-

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



дары натыйжасында Сирия менен Египет да колдон кетет.

Византиянын айыл чарбасында эркин дыйкандар жакырлашып, көз каранды боло баштайт. Айылда мүлктүк катмарлануу жараяны күчөп, ири жер ээлөөчү – феодалдар жана жерсиз дыйкан катмарлары пайда болот.

X–XI кылымдарда императорлор төбөлдөргө, ибадаткана менен монастырларга көптөгөн жер-мүлктөрдү белек катары берет. Белгилүү убакыт өтүп, Византияда да феодалдар чептер куруп, аскердик бөлүктөр түзүшөт. Феодалдар бийлигинин күчөшү жана борбордук бийликтин алсырашы IX–XI кылымдарда жер ээлөөчүлүк мамилелеринин толук орношуна алып келет.

?!

1. Византия империясы кандайча пайда болгон?
2. Византиянын кайсы шаарлары ири соода жана кол өнөрчүлүк борборлору эле?
3. Имперторлук бийлик кандайча ишке ашырылат?
4. Юстиниан I дин императорлугу жөнүндө сүйлөп бер.
5. Китептеги 22, 23-сүрөттөргө карап, оюңа кандай пикирлер келди?

## 7-§. СЛАВЯНДАР ЖАНА АЛАРДА МАМЛЕКЕТТИН ПАЙДА БОЛУШУ

**Славяндар.** Жазма булактарда византиялык тарыхчылар тарабынан «славяндар» термини VI кылымдан баштап иштетилген. Бирок славян уруулары грек-рим тарыхчыларынын чыгармаларында, германдар менен бир мезгилде, биздин заманга чейинки II–I кылымдарда тилге алынат.

VI–VII кылымдарга келип славяндар батышта Эльба дарыясынан, чыгышта Висла дарыясына чейин, түндүктө Балтика деңизинен түштүктө Дунай дарыясына чейин созулган аймактарда жашашкан. Кийинки кылымдарда алар үч топко: **батыш, түштүк, чыгыш славяндар**га бөлүнгөн.

**Батыш славяндар** – чехтер, поляктар, лужичандар жана словактар.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**24-сүрөт.** Чыгыш славяндардын турмушунан

**Түштүк славяндар** – болгарлар, сербдер, хорваттар, словендер, черногорлор, македондор жана боснялыктар.

**Чыгыш славяндар** – орустар, украиндер жана белорустардан куралган.

**Славяндардын турмуш-тиричилиги.** Славяндар байыртадан дыйканчылык менен алектенишкен. Византия тарыхчысы **Маврикий**дин жазышынча, дыйкандар дан эгиндеринен көбүрөөк арпа жана таруу эгишкен. Жыйналган түшүмдү кампада сакташкан. Биздин замандын баштарынан славяндар үй чарбасы жана кол өнөрчүлүк менен да алектене башташат. Висла, Днепр, Дунай жана Эльба дарыяларынын жээктеринде жашаган калктын турмуш-тиричилигинде балыкчылык да маанилүү роль ойногон.



**25-сүрөт.** Булгарлар ханы Аспарух

**Коомдук түзүлүш жана дин.** Славяндардын коомдук түзүлүшү германдардыкына окшош. Алар уруу жана уруктарга бөлүнүп жашаган. Жазма булактарда элдик чогулуш (“вече”), княздар, аскердик дружиналар, алар алып барган согуштар жөнүндө маалыматтар кездешет.



**26-сүрөт.** Князь Вацлав

Византия тарыхчыларынын жазышынча, славяндар эркиндикти сүйгөн, эр жүрөк, кужүрмөн, ошону менен бирге тынчтыкты да сүйгөн, кошуналар менен жакшы мамилеге даяр уруулар болгон.

Славяндардын диний түшүнүктөрү жаратылыш күчтөрүнө жана ата-бабалардын рухуна сыйынуу көрүнүшүндө болгон. Калкта азгырык, суу периси жана башка мифологиялык образдарга ишенүү да сакталып калган.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Славян мамлекеттеринин түзүлүшү.** Элдердин улуу которулуштары доорунда Итиль (Волга) дарыясынын бассейнинде жашаган түркий булгар уруусу батышка көчүп, азыркы Балкан жарым аралындагы Болгарияга барып жайлашкан. Славяндар жашаган аймактагы алгачкы мамлекет **Болгария падышалыгы** болгон. Ал Балкан жарым аралында VII кылымдын акырларында түзүлгөн. IX кылымдын баштарына келип Болгария ири мамлекетке айланат. **Симеон**дун тушунда (893–927) ал күч-кудуретке толот. Ошондон кийин Болгария алсыздап, кийинчерээк Византия тарабынан басып алынат.

**Болгария падышалыгы** — Балкан жарым аралында түркий тилдүү булгарлардын ханы Аспарух (643–701) тарабынан негиз салынган мамлекет.

**Чехия мамлекети.** Жергиликтүү славян уруулары Влтава дарыясы бассейнинде жашаган чех урууларына баш ийген. (уламыштарга караганда, алардын байыркы жол башчысын **Чех** деп аташкан). Уруу союзунун башында **Пржемисловичтер** үй-бүлөсүнөн болгон княздар турган. Алар бат-бат колуна курал алып, өздөрүнүн жерлерин душмандан коргоп турушкан.

Князь **Вацлав** (920–935) жаштайынан христиан салты боюнча тарбияланып, кийинчерээк алынын жетишинче бул динди Чехияда жайылтууга аракеттенет. Бирок анын христиандыкка болгон мындай урмат-сыйы көпчүлүк чехтерге жакпаган. Айрым княздардын кутуму натыйжасында бир тууган иниси аны чыккынчылык менен өлтүрөт. Бат эле Вацлавды чехтердин негизги олуясы, чех мамлекетинин демөөрчүсү катары урматтай башташат.

**Чехия мамлекети** XI кылымдын баштарында түзүлгөн.

Рим папасына каршы оор күрөштө ага жардам берген чех князына герман императору король наамын ыйгарат. Чехиянын королдору герман императорлорунун бийлигин расмий түрдө таанышканы менен, өздөрүнүн өлкөлөрүндө толук көз карандысыз болушкан.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**27-сүрөт.** Мешко I

**Польша мамлекети.** Гнезнонун айланасында жашаган полян славян урулары болочок Польша мамлекетине негиз салат. Кийинчерээк ошол уруулар союзунун атында пайда болгон княздык Польша деп аталган. Хронографтын жазышынча, княздыктын мифологиялык негиздөөчүсү **Пиаст** ысымдуу кедей адам болгон. Бирок документтерде аты аталган Пиасттар династиясынын князы **Мешко I** болуп саналат. Князь Мешко X кылымдын ортолорунда Висла дарыясынын бассейнинде поляк урууларын бириктирип, Польша мамлекетине негиз салган. Ал өз кошууну менен христиандыкты кабыл алган.

**Мешко I** Польша мамлекетине X кылымдын ортолорунда негиз салган.

Мешко I дин уулу **Болеслав Эр Жүрөктүн** тушунда поляк урууларын бириктирүү иши аягына чыгат. Ал күчтүү кошуун менен Моравия жана Чехияны басып алат. Кыска мөөнөттө Киевди да ээлейт. **Болеслав**дын кошуундары Польшанын көз карандысыздыгын сактап калуу үчүн герман императорлоруна каршы күрөш алып барат. Болеслав Эр Жүрөк бул согушта жеңип чыгат жана өзүнүн мамлекети чек араларын кеңитүүгө жетишет.

?!

1. Картадан үч славян уруулары жашаган аймактарды таап көрсөт.
2. Славяндардын чарбалык алектенүүлөрүн санап бер.
3. Славяндардын чарбасы, коомдук түзүлүшү жана диндеринде кандай окшоштук жана айырма бар?
4. Болгария кимдин тушунда өнүгүүнүн туу чокусуна чыгат?
5. Князь Вацлав Чехия мамлекетинин тарыхында кандай роль ойногон?
6. Польша мамлекетине ким негиз салган?

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## 8-§. ЧЫГЫШ СЛАВЯНДАР. КИЕВ ОРУСИЯСЫ

**Чыгыш славяндардын жайлашышы, коомдук түзүлүшү.** Чыгыш славян уруулары: древляндар, родимичтер, тиверлер, дреговичтер, вятичтер, северяндар жана башкалар алгачкы орто кылымдарда Днепр дарыясынын бассейнинде жашашкан. Кийинчерээк куду ушул уруулардын биригишинен Киев Орусиясы мамлекети пайда болгон.

Археологдор славяндардын дыйканчылык жана мал чарбасы менен алектенгендиктерин казылмалардан табылган эмгек шаймандары, карапачылык буюмдары, жез жана күмүштөн жасалган жасалгалар аркылуу аныкташкан.

Византияда VIII кылымда жазылган «Дыйканчылык мыйзамдары» боюнча, айыл чарбачылыгынын мүчөлөрү — эркин дыйкандардан жерлери башка-башка болуп, алар буудай, таруу, арпа жана башка дан эгиндерин өстүрүшкөн. Уруулардын турмушуна тиешелүү маанилүү маселелер элдик жыйналыш — «вечеде» талкуулануу менен чечилген. Славяндар жол башчылары — атчан дружиначылар өздөрүнүн аймактарын коргоп гана калбай, кошуна өлкөлөргө чабуулдар да уюштурушкан.



**28-сүрөт.** Ага-ини Рюрик, Синеус жана Труворлордун Орусияга келиши.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Мамлекеттин түзүлүшү.** Жылнаамаларда жазылышынча, Чыгыш славян уруулары варварларга (скандинавиялык норманндарга) элчи жөнөтүп, алардан князь жөнөтүүнү сураныşат. Бул сунуш боюнча үч бир тууган: **Рюрик**, **Синеус** жана **Трувор** Орусияга келип, Рюрик Новгороддо, Синеус Белозеродо, Трувор Изборскта княздык кылат. Көп узабай инилери кайтыш кылып, Рюрик өзү бийлик жүргүзө баштайт.

Рюриктин өлүмүнөн кийин, уулу **Игорь** жаш болгондугу себептүү бийлик анын тууганы **Олег**ге өтөт. Анын тушунда Киев Орусиясы тарыхынын башталышы менен байланыштуу маанилүү окуя болот. Олег 882-жылы кошууну менен Киевди ээлеп, ошол учурдан жазма булактарда **Киев Орусиясы** аталышын алган мамлекетке негиз салат.

Олег жана кийинки княздардын негизги милдеттери: Хазар каганаты бийлигинен азаттыкка чыгуу, чыгыш славян урууларын бириктирүүнү улантуу, мамлекет чек араларын тышкы душмандан коргоо, Византия менен жылуу соода мамилелерин орнотуудан турган. Славян мамлекеттерин бириктирүү түндүктө Ладога көлүнөн, түштүктө Днепрдин куюлушуна чейинки жерлердин Олегдин колуна өтүшүнө шарт түзөт. Олег Византия менен пайдалуу келишим түзөт. Ал боюнча, орус соодагерлерине Византияда бажысыз соода жүргүзүүгө уруксат берилет.

Игорь өз княздыгын (912–945) көчмөн печенег урууларына каршы согуштан баштайт. Түзүлгөн келишим Константинополь тарабынан аткарылбагандыктан, Игорь Византияга каршы эки жолу жортуул жасайт. Натыйжада Византия салгылашуусуз тынчтык келишимин түзүп, чоң санда олпоң төлөйт.


**29-сүрөт.** Киев Орусиясынын өкүмдары Ольга

Игорь 945-жылы древлян уруулары менен салгылашууда курман болгондон кийин, анын жубайы **Ольга** уулу **Святослав** эрезеге жеткенге чейин Киев княздыгын башкарган. Ал Орусиянын аброюн аскердик жортуулдар, баскынчылык ме-

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



нен эмес, дипломатия аркылуу көтөрүүгө умтулган. Ольга X кылымдын 50-жылдары ортолорунда Константинополго барып, ал жерден христиандыкты кабыл алат. Бирок Ольганын уулу Святослав жаңы динди кабыл алуудан баш тартат.

**Хазарларга каршы күрөш.** Жылнаамаларда жазылышынча, Святослав 964-жылы 22 жашында княздык тактына отургандан кийин Чыгышка жортуул баштаган. Ал Итиль (Волга) жана Дон дарыяларынын аралыгында түзүлгөн Хазар каганатын жеңип, анын борбору **Итиль** шаарын ээлеген. Кийинчерээк Святослав Болгарияга, көчмөн печенегдерге, Византияга каршы согуштар алып барган.



**30-сүрөт.** Улуу князь Владимир

**Христиандыктын кабыл алынышы.** Святославдын мураскорлору ортосундагы күрөштөрдүн аягында **Владимир** (980–1015) тактыны ээлейт. Баштап ал славян урууларынын козголондорун бастырып, Киев Орусиясынын чек араларында жаңы коргонуу чептерин курдурат. Ошондон кийин князь Дунай жээктеринде жашаган булгарларга каршы жортуул уюштурат. Бирок орус тарыхында ал баскынчы эмес, 988-жылы орустарга христиан динин кабыл алдырган падыша иретинде бaркталат. Владимир жергиликтүү княздар династияларын жоюп, алардын ордуларына уулдарын бийлик өкүлү кылып дайындаган. Бирок княздын чоң уулу, Новгороддогу бийлик өкүлү **Ярослав** Киевге бажы төлөөдөн баш тарткан. Владимир ага каршы жортуулга даярдануу учурунда кайтыш кылган.

Анын мураскорлору ортосундагы так үчүн болгон күрөштөрдө жеңип чыккан Ярославдын (1019–1054) бийлик доору Киев Орусиясынын абдан гүлдөгөн доору саналат. Жаңы княздын тушунда, Киев босогосунда пайда болгон печенег уруулары толугу менен жеңилип, жеңиштин урматына Киевде олуя София ибадатканасы курулат.

Ярославдын тушунда Орусиянын Европа мамлекеттери менен мамилелери өнүккөн.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Европа мамлекеттери өкүмдарларынан дагы кайсы бири жылнаама жүргүзүүгө буюрган эле? Жылнаама жүргүзүү эмне үчүн керек болгон?



**31-сүрөт.** Ярославдын алдында калкка «Орус чындыгы» окулууда



**32-сүрөт.** Киев Орусиясынын атчан жоокерлери

**Мыйзамдуулук.** Акылман аталган Ярославдын тушунда Орусиянын алгачкы жазма мыйзамдар жыйнагы – **“Орус чындыгы”** түзүлгөн.

“Орус чындыгына” жарандык жана жазык иштери боюнча мыйзамдар кирген. Андан кылмыш жана жаза жөнүндө гана эмес, ошол заман орус коомчулугунун социалдык мамилелери, үрп-адаты, каада-салты боюнча маалыматтар да орун алган. Оор кылмыш үчүн өлүм жазасы белгиленген. Бирок “Орус чындыгындагы” көптөгөн статьяларда айып төлөө көздө тутулган.

**Киев Орусиясы жана кыпчактар.** Көчмөн кыпчак уруулары XI кылымдын ортолорунда Жайык дарыясынан Дунайга чейин болгон аймакты ээлеген. Кыпчак хандары зарыл учурда он миңдеген жоокерди сапка тартып, орус княздарынын жерине талоончулук жортуулдарын уюштурушкан. Орус князы **Владимир Мономах** (1113–1125) алгачкы жолу кыпчак хандарынын кошуунун жеңет. Анын тушунда согуштар кыпчактар жашаган аймактарга көчөт. Бирок Мономахтын өлүмүнөн кийин кыпчактардын чабуулу кайрадан башталат. Киев Орусиясы саясий бытырандылык баскычына кирет.

?!

1. Киев Орусиясы кандайча түзүлгөн?
2. Олег, Игорь, Святославдардын княздыгы тушунда мамлекеттин негизги милдеттери эмне эсептелген?
3. Киев Орусиясы мамлекетинин башталгыч жана өнүккөн доорлордогу (XI кылым) ийгиликтери менен көйгөйлөрүн салыштырып бер.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## 9-§. ЕВРОПА ЭЛДЕРИНИН МАДАНИЯТЫ



**33-сүрөт.** Алкуин

**Франктар империясында маданият.** Улуу Карл өлкөдө жаңы агартуу системасын жаратат. Королдун буйругу менен элдик мектептер ачылат. Ал боюнча, мектептер ибадатканалардын алдында ачылып, дин кызматкерлерине карапайым элдин балдарын акысыз окутуу буюрулган. Сарайда да мектеп уюштурулуп, анда Карлдын жакын достору, окумуштуулар – сарай академиясынын мүчөлөрү сабак беришкен. **Сарай академиясы** байыркы доор авторлорунун чыгармаларын үйрөнүү, ыр жазуу менен алектенген. Алардан бири тарыхчы **Эйнгард**дын чыгармасынан биз Улуу Карлдын өмүрү жана ишкердиги жөнүндө маалымат алабыз. Эйнгардды замандаштары илимге умтулушу жана тырышчаактыгы үчүн "*эмгекчил кумурска*" деп аташкан. Сарай академиясынын дагы бир мүчөсү – **Алкуин** жана анын шакирттери менен агартууну жайылтууда көп эмгектенишкен.

**Византия маданияты.** Орто кылымдарда Византия өзүнө мүнөздүү жогорку маданияты менен Европанын эң алдыңкы мамлекетине айланат. Анткени герман урууларынын баскыны натыйжасында кризиске жолуккан Батыш Римден айырмаланып, Византияда байыркы маданият салттары сакталып, византиялыктардын турмушунда грек жана Чыгыш маданияттарынын аралашмасы — **эллинизм** маанилүү роль ойногон.

Илим-билим эң өнүккөн шаар, «илимдердин энеси» – **Афина** эле. **Платон** (б. з. ч. IV кылымда) **Афина академиясына** негиз салган. «... Платон негиз салган бул илим очогу миндеген жылдар бою гректердин гана эмес, ошондой эле бүткүл Чыгыш менен Батыштын өнүгүшүнө күчтүү таасир тийгизген, адамзат өнүгүшүнүн келечегин белгилеп берген. Ошондуктан Платон Чыгыш илиминде

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



“устади аввал”, башкача айтканда биринчи мугалим деген ыйык наам менен таанылган»[2].

Византиянын экономикалык өнүгүшүнүн талаптары жаңы окуу жана илимий борборлорду пайда кылат. Константинополдо IX кылымда **Магнавр жогорку мектеби**, XI кылымда укук таануу жана философия факультеттеринен турган университет ачылат. Борбордо жогорку медициналык мектеп да иш алып барган.


**34-сүрөт.** «Грек жалыны»

Византияда табиат, тарых жана география илимдери да өнүккөн. Орто кылымда Византиянын даңкын чыгарган айнек жасоо, карапачылык, боёк даярдоо сырлары байыркы доордон сакталып келген. VII кылымда ойлоп табылган “*грек жалыны*” деңиз согуштарында Византияга жеңиш алып келген.

Тарыхчылар өздөрү катышкан окуяларды толук баяндап жазышкан. Географтар карта жана шаардын чиймесин чийишкен. Ошол мезгилде Европанын башка жерлеринде мындай иштер кылынбаган эле.

**«Грек жалыны»** ыргытыла турган күйүүчү зат болуп, аны мунайзат, күкүрт, селитра жана түрдүү смолалардын аралашмасынан даярдашкан. Византия согуштук кемелеринде пайдаланылган.

**Сүрөт көркөм өнөрү жана архитектура.** Византия маданиятынын эң өнүккөн тармагы сүрөт көркөм өнөрү: **мозаика**, **фреска** жана **икона** жасоо болгон.

**Мозаика** (франц. **mosaique** – музаларга арналган) – бирдей же түрдүү чийки заттан (кафель, таш, жыгач, мрамор жана металл) иштелген сүрөт, салабаттуу орнаменттик (монументалдык) кооздоо өнөрүнүн негизги түрлөрүнөн.

[2] Ислам Каримов. Жогорку руханият – жеңилгис күч. Т.; “Ma’naviyat”, 2008, 161-б.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Сүрөттөөнүн Византияга мүнөздүү стили сүрөттөрдүн шайкештиги, боёктордун коздугу менен ажыралып турат. Сүрөтчүлөр чиркөө мыйзамдарына баш ийип, абстракттуу эмес, тирүү адамдарды сүрөттөөгө умтулушкан. Мозаика жана фреска жагынан **Хори монастыры** (азыркы Станбулдагы Кахрия мечити) өз доорунун эң сонун архитектуралык эстеликтеринен болуп эсептелет.



**35-сүрөт.** Олуя София ибадатканасы

Юстиниан I дин тушунда Константинополдо курулган Олуя София ибадатканасын шексиз түрдө алгачкы орто кылымдардын эң салабаттуу архитектуралык курулушу деп атоого болот. Анын күмбөзү 40 терезе менен курчалган. Асман сыяктуу бул күмбөз да абада асылып тургансыйт. Түрдүү таш жана айнектин сыныктарынан жасалган укмуштуу мозаикалар ибадатkананын дубалдарын кооздогон.

X–XI кылымдарда тик бурчтуу ибадатканалардын ордуна көрүнүшүнөн крест сымал, крест күмбөздүү ибадатканалар курулган.

Ибадатканалар бир эле мезгилде бейпилдиктин жана кудайдын үйү эсептелген. Аларды кооздоодо чиркөө мыйзамдарына сөзсүз баш ийилген. Ыйса пайгамбар, Бүбү Марьям, олуялар жана Библия көрүнүштөрү сүрөттөлгөн. Христиан динине таандык көркөм өнөрдүн максаты өлгөндөн кийин бейиштин жыргалына кантип жетүү жол-жосунун христиандарга үгүттөөдөн турган.

Орто кылым Европасынын негизги маданият таратуучусу Византия болгон: анын усталары, сүрөтчүлөрү, архитекторлору башка өлкөлөргө чакырылып турган, ошондой эле алардын колунда Европанын жаштары билим алышкан.

Батыш Европада да алгачкы орто кылымдарда ибадаткана, монастырлар курулушуна өзгөчө көңүл бурулган. Архитектурада **роман стили,** айныкса, өнүгүп, анда

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**36-сүрөт.** Франциядагы Пуатэ ибадатканасы



**37-сүрөт.** Орто мектептин мугалимдери

ибадатканалар чоң, салабаттуу дубалы, күмбөздөрү, катарлашкан устундары, чакан терезелери, дарбаза менен эшиктеринин аркалуу кылып курулганы менен ажыралып турат.

Роман стилинде курулган эң белгилүү имараттар болуп: Франциядагы **Пуатэ**, **Клюни**, **Арл** ибадатканалары; Германиядагы **Шпеер**, **Вормс**, **Майнц**, **Ахен**деги чиркөөлөр саналат.

**Чиркөө жана агартуу.** Батыш Европада алгачкы орто кылымдар маданияты христиан чиркөөсү менен тыгыз байланышта болгон. Чиркөө илим, агартуу, адабият жана көркөм өнөргө түздөн-түз таасирин тийгизген. Ошондуктан адамдардын аалам жөнүндөгү түшүнүктөрү чиркөө жана дин окуусуна негизделген эле. Башка өлкөлөр жөнүндөгү малыматтар жетиштүү болбогондуктан, калк ичинде түрдүү имиштер көп болгон. Билимдин төмөндүгү адамдардын суу ташкындарынан, жугуштуу оорулардан жабыркашына алып келген. Зарылчылыктын жоктугунан дыйкандардын гана эмес, ошондой эле феодалдардын арасында да сабаттуу адамдар аз болгон. Рыцарлар кол коюунун ордуна эки сызык чийип коюшкан.

Ибадаткана жана монастырлар алдындагы башталгыч мектептер төмөнкү рангдагы дин кызматкерлерин даярдаган. Ал жерде латин тилинен тышкары ибадат кылуу тартиби да үйрөтүлгөн.

Ири ибадатканалардагы орто мектептерде болсо дүйнөлүк илимдер да үйрөтүлгөн. Улуу Карлдын мамлекетинде кеңири тараган ушундай мектептер кылымдар өтүп университеттер үчүн негиз болгон.

Ибадаткана мектептеринде балдар жашы боюнча класстарга бөлүнбөстөн, аралаш түрдө окутулган. Көпчүлүк

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



мектептерде бир гана китеп болгон жана мугалим аны кезеги менен балдарга берип, үзүндүлөрдү окуткан. Сабактар латин тилинде алып барылган. Окуучулардын кызыгуулары дээрлик эсепке алынбаган. Ал эми тартипсиз окуучулар аёосуз жазаланган.

Мектептерде байыркы доордон "**жети эркин көркөм өнөр**" деп аталган предметтер үйрөтүлгөн. Окуучулар баштап **тривиум** – грамматика, диалектика жана риториканы өздөштүрүшкөн.

**Грамматика** – тил таануу илими, балдарды окууга үйрөткөн.
**Диалектика** – азыркы логикага окшош предмет болуп, анда окуучулар талкуу жүргүзүүгө, өзүнүн пикирин далилдөөгө үйрөтүлгөн.
**Риторика** – ыр, көркөм чыгарма жазууну, ораторлук өнөрүн, укук таануунун негиздерин үйрөткөн.

Салыштырмалуу татаал предметтер курамы – **квадриумда** окуучулар: арифметика, геометрия, музыка жана астрономиянын негиздерин өздөштүрүшкөн. Астрономияга орто кылымдарда кеңири таралган астрологияга тиешелүү маалыматтар киргизилген. Астрологдор планеталар менен жылдыздарга байкоо жүргүзүп, адамдардын тагдырына төлгө салышкан.

**Кол жазма китеп көркөм өнөрү.** Ири монастырларда монах-каллиграфтар эмгектене турган скриптория (устакана)лар болгон. Алгачкы орто кылымдарда китеп кемчил жана кымбат буюм эсептелген. Европада алар пергамент – атайын иштелген терилерге жазылган. Барактар бышык жиптер менен тигилип, жыгачтан жасалган жана тери капталган мукабаларда сакталган. Кээде мукабалар баалуу таш, металлдар менен коозделгон. XII кылымга чейин монастырларыдн китепканаларында сакталган.

**Славян жазуусунун жаратылышы.** Көптөгөн славяндар, ошонун катарында, Киев Орусиясынын калкы Византиядан христиандыктын православие агымын кабыл

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**38-сүрөт.** Киев. Олуя София ибадатканасы. XI кылым

алган. Жаңы диндин киргизилиши диний китептерге талап ойготуп, славян жазуусунун жаратылышына түрткү болгон.

Монах окумуштуулар – Кирилл менен Мефодий – IX к. ортолорунда грек алфавити негизинде славян жазуусун түзүп, батыш славяндар арасында христиандыкты кең үгүттөшкөн. Грекче диний чыгармаларды кийинчерээк «кириллица» деп аталган жазуу аркылуу славян тилине которушкан. Бул жазуу Болгариядагы Орусия жерлерине таралган.

Ярославдын тушунда Орусияда агартуу өнүгөт. Владимирдин тушунда Киевде христиан дин кызматчыларын даярдай турган окуу жайы түзүлгөн болсо, Ярослав Новгороддо үч жүз дин кызматчыларын даярдай турган окуу жайын ачат. Княздын тушунда адегенде Киевде, андан кийин Новгороддо жылнаамалар жазыла баштайт.

?!

1. Интернет аркылуу же «Ўзбекистон миллий энциклопедияси»нан гректердин Платон академиясынан тышкары дагы кандай академиялары болгонун аныкта.
2. Темада келтирилген Византияда өнүккөн сүрөт көркөм өнөрү түрлөрүнүн 35, 38-сүрөттөргө кандай тиешеси бар экендигин сүйлөп бер.
3. Айтчы, орто кылымдардын байыркы грек-рим мектептери менен азыркы мектептердин ортосунда кандай окшош жана айырмалуу жактар бар?
4. Латин жана кирилл жазууларын 6-класстын тарых китеби негизинде үйрөнүп, алар кандай жалпылыкка ээ экендигин көрсөт
5. Сенин оюнча, славян жазуусу менен Киев Орусиясы маданиятынын тарыхый тамырлары кайсы мамлекет менен байланышкан?
6. 35, 36 жана 38-сүрөттөрдү салыштырып, алардагы жалпы жана айырмалуу жактарды тап.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# II ГЛАВА. АЛГАЧКЫ ОРТО КЫЛЫМДАРДА АЗИЯ

## 10-§. АРАВИЯ АЛГАЧКЫ ОРТО КЫЛЫМДАРДЫН БАШЫНДА

**Аравия.** Араб уруулары Аравия жарым аралында жана ага туташ аймактарда жашашкан. Алар **сомий** (семит) элдеринен болуп, сомийлерге арабдардан тышкары еврейлер, ассирийлер, финикиялыктар, оромийлер да кирген. Бул элдер Байыркы Чыгыштын белгилүү мамлекеттери: Аккад, Вавилон, Израиль падышалыктарын түзүшкөн.

Көчмөн арабдар – бедуиндер (чөлдүктөр) төөчүлүк, койчулук жана жылкычылык менен алектенип келишкен. Бедуиндер чөлдөрдө чөп, жантак өскөн жайлоолордо мал багышып, көчүп жүрүшкөн.

Аравиянын түштүгү жана батышындагы отуруктуу дыйкан калкы өзөн менен жылгаларда, кудуктардын бойлорунда курма бактарын жана жүзүмзарларды жаратышкан. Куду ошол жерлерден Византиядан түштүккө, Африкага жана Индияга барган кербен жолдору өткөн. Улуу Жибек жолу өлкөлөрүндө согуш жүргөн учурларда кербен жолдору Аравияга жылган. Замандар өтүп, бул кербен жолдорун бойлой калк жашаган чептер жана шаарлар пайда болот. Аларда жашаган калк болсо кербен жолдорундагы соодагерлерге, саякатчыларга кызмат көрсөтүү менен алектенген.

Бул чептерден эң ириси **Мекке** шаары болгон. Көчмөндөр малдарын шаарларга алып келип, жергиликтүү калктан дан, кездеме, куралдарга алмаштырган.

Аравиянын эң өнүккөн аймактары – **Йемен** жана **Хижаз** эле. Йемендин жерлери түшүмдүүлүгү менен атагы чыккан. Анда суу жетиштүү болгондуктан, мөмөлүү дарактар, курмазарлар тигилген. “Йемен” сөзү арабча “чындык”, “бактылуу” дегенди билдирген. Рим тарыхчылары Йеменди “Бактылуу Аравия” (Arabiya felix) деп аташкан.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Арабдардын диний ишеними.** Арабдардын көпчүлүгү бутпарас болушкан. Алардын диндери кошуна семит элдеринин диндери менен көптөгөн жалпылыкка ээ болгон. Маанилүү кудайлардан бири согуштун жана түшүмдүүлүктүн кудайы Астар «Таңкы жылдыз» көрүнүшүндө элестетилген. Айдын кудайы – Син, эне кудай – Лат болгон. Күндүн кудайы коркунучтуу жана кырсыктуу эсептелген. Арабдар табигый жана колдо даярдалган таш мамыларды урматташкан, аларды кудайлардын үйү жана бейнеси деп билишкен.



**39-сүрөт.** Араб жоокерлери

**Социалдык теңсиздиктин пайда болушу.** VI кылымда калктын саны көбөйүп, уруулардын арасында суу жана жайлоо үчүн болгон күрөш күчөйт. Алардын түрдүү кудайларга сыйынгандыгы да уруулар ортосундагы карама-каршылыктарды күчөтөт. Согуштарда алынган аскердик олжолор уруу башчылары менен кол башчылардын байышына алып келген. Мунун натыйжасында уруу-урук ак сөөктөрү калыптана баштаган. Бул жараян VII кылымдын баштарында урууучулук түзүлүштүн кризисин тездештирет.

Иран падышасы **Хосров I** Йеменди 570-жылы басып алышы менен кербен жолу ирандыктарга караштуу Эки дарыя аралыгына жылат. Соода кризиси бардык араб элдеринин турмушун кыйындаштырат. Мындай жагдай борбору **Мекке** шаары болгон, негизинен курайш уруусу жашаган Хижазда таасын байкалат.

**Ислам дини жана арабдардын биригиши.** Пайда болгон экономикалык кризис көчмөндөрдү жаңы жерлерди басып алууга, жайлоолорун кеңитүүгө үндөйт. Бул учурда арабдарга кошуна Византия, Иран сыяктуу мамлекеттерде экономикалык тартыштык, күчтүү кошуундун жоктугу да арабдарга оң келет. Мындай жагдайда жаңы – ислам дини арабдардын биригишине кызмат кылат.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Ислам** (арабча, баш ийүү, көз карандылык) – дүйнөдө кеңири тараган диндердин бири. Аны кармангандар мусулман деп аталат.

Ислам тарыхчылары анын негиздөөчүсү, болочок пайгамбар **Мухаммад** алайхиссаламдын 570-жылы Меккеде төрөлгөнүн жазышат. Ал курайш уруусунун хашимийлер уругуна таандык, анчалык бай эмес, бирок Мекке ак сөөктөрүнө жакын үй-бүлөдө туулган. Мухаммад (с. а. в.) наристе кезинен жетим калат. Төрөлбөстөн мурда атасы Абдуллах, 6 жашында болсо апасы Амина кайтыш кылат. Анын кийинки турмушу чоң атасы **Абдулмуталиб**дин карамагында өтөт. Чоң атасы кайтыш кылгандан кийин ал атасынын бир тууганы **Абу Талиб**дин тарбиясында калган.

Ислам дини булактарында жазылышынча, 610-жылдан баштап Мухаммад алайхисасаламга Алла тааладан вахий келе баштайт. Ал кудуреттүү жападан-жалгыз Кудайдан, башкача айтканда Алла тааладан башка эч кандай кудай жок деп, өзүн расулуллах – Кудайдын элчиси, пайгамбары деп жарыялайт.

**Куран** (арабча, кыраат, көркөм окуу) – ислам дининин кармангандардын ыйык китеби болуп, Алла таала тарабынан Мухаммад (с. а. в.)га вахий аркылуу жиберилген. Куран жыйырма үч жыл бою түшкөн болуп, 114 сүрөдөн турат.



**40-сүрөт.** Мекке. Каъба

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Баштап Мекке курайштары тарабынан жаңы дин жакшы тосуп алынбайт. Натыйжада 622-жылы Мухаммад (с. а. в.) өзүнүн жактоочулары менен **Ясрибге** (Мединага) келет. Бул окуя **хижра** (көчүү) деп аталып, мусулман жыл эсебинин башталгыч датасы саналат.

Ясриб Мухаммад (с. а. в.)ды жакшы тосуп алат. Мусулман болгон мединалыктар жана аларга кошулган араб урууларынын Мекке үчүн күрөшү ийгиликтүү аяктайт. Шаар согушсуз алынып, ыйык жерлер уруунун диний идолдорунан тазаланат. Меккедеги **Каъба** мусулмандардын негизги зыярат жайына айландырылат. Мухаммад (с. а. в.) араб урууларынын өз ара согуштарына чек коюп, ислам динин кабыл алууга чакырат. Кийинки 10–12 жыл бою Аравиянын шаарлары жана көчмөн уруулар биринин артынан бири Мухаммад (с. а. в.)га баш иет.

630-жылга келип арабдардын чоң бөлүгү мусулман болот. Мекке – ислам дининин борбору – дүйнөдөгү бардык мусулмандар үчүн ыйык шаарга айланат. Натыйжада ислам дининин негизинде Аравия жарым аралында көчмөн жана отуруктуу урууларды бириктирген жалгыз мамлекет пайда болот.

?!

1. Картадан Аравия жарым аралын көрсөт.
2. Араб урууларынын чарбалык жумуштары жөнүндө сүйлөп бер.
3. Арабдардын негизги жумуштары (мал чарбасы, дыйканчылык, соода кербендерине кызмат көрсөтүү) жөнүндө сүйлөп бер.
4. Эмне себептен арабдарда жалгыз кудайлыкка негизделген динге зарылчылык туулган?
5. Мухаммад пайгамбар (с. а. в.)дын өмүрү жөнүндө сүйлөп бер (рабаят, хадис)?

Арабдарда мамлекет пайда болгонго чейин болгон коомдук түзүлүштү кайсы Европа элдеринен байкагансың? Салыштырып сүйлөп бер!

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## 11-§. АРАБ ХАЛИФАТТЫГЫ

**Халифаттыктын түзүлүшү.** Мухаммад (с. а. в.) кайтыш кылгандан кийин анын жакын жолдошу **Абу Бакр** (632–634) халифтикке (орун басар) шайланат. Анын тушунда Аравия жарым аралынын калкы исламды толук кабыл алат. Кийинки халиф **Умар** (634–644) ислам дүйнөсүндө өзүнүн айкөлдүгү, адилеттүүлүгү, дин маселелеринде туруктуулугу менен атагы чыккан. Анын тушунда арабдар Палестин, Сирия, Египет, Ливияны, Ирандын чоң бөлүгүн басып алган.



**41-сүрөт.** Араб халифаттыгынан жоокери

**Усман**дын халифтиги доорунда (644–656) Иран толук басып алынат. Араб кошуундары Дагестанды ээлеп, Амударыянын жээктерине чыгат. Анын доорунда Курандын аяттары чогултулуп, бир бүтүн китеп абалына келтирилген. Акыркы халиф **Али**нин (656–661) бийлиги өз душмандары менен болгон тынымсыз согуштарда өтөт.

Халифаттыктын кошуундары VIII кылымдын баштарында Түндүк Африканы толук баш ийдирет. **Тарык ибн Саид** башчылыгындагы арабдар кошууну 711-жылы, кийинчерээк анын аты менен аталган Гибралтар (Жабал ат Тарык – «Тарыктын тоосу») кысыгынан өтүп, Испанияны басып алат. Европага карата жортуулдар **Бордо** шаарынын босогосуна чейин улантылат. **Пуатэ салгылашуу**сунда 732-жылы франк өкүмдары **Карл Мартелл** арабдарды жеңип, алардын Францияга карата жортуулуна чек коёт.

Чыгышта арабдар Кавказ арты жана Орто Азияны басып алып, калкты исламга өткөрөт. Халифаттыктын Чыгышка жортуулдары Орто Азияда Таласка, Индияда Молтонго чейин улантылат. Натыйжада VII–



**42-сүрөт.** Ташкентте сакталып жаткан халиф Усмандын Кураны

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



VIII кылымдын биринчи жарымында чоң аймакты ээлеген мамлекет – **Араб халифаттыгы** түзүлөт.

**Халифаттыкта жер-мүлк мамилелери.** Арабдар басып алган бардык өлкөлөрдөгү жерлер мамлекеттики деп жарыяланганы менен, иш жүзүндө мурдагы ээлеринин колунда калат.



**43-сүрөт.** 732-жыл, Пуатэе салгылашуусу

Сирия жана Иран басып алынгандан кийин, араб ак сөөктөрү халифке басып алынган жерлерди бөлүштүрүү сунушу менен кайрылышат. Бирок халиф Умар жерди ээлерине калтырууга буюрат.

Басып алынган өлкө өкүмдарларынын, согушта курман болгон төбөлдөрдүн, акимчилик өкүлдөрүнүн жерлери халифтик казнасына өткөн. Мындай жерлер аябай чоң аянттарды түзгөн.

Арабдар киргизген жер салыгы – **хираж** түшүмдүн 1/3 ин түзгөн. Исламга өтпөгөн байлардан 48, орто чарбалардан 24, кедей-дыйкан жана кол өнөрчүлөрдөн 12 дирхамдан **жизья** салыгы алынган. Мал чарбасы жана соодадан алынган **зекет** 1/40 үлүштү түзгөн. Халифаттыкта кулдардын эмгегинен да пайдаланылган.

**Арабдарга каршы элдик көтөрүлүштөр.** VIII–IX кылымдарда басып алынган мамлекеттерде бир топ элдик көтөрүлүштөр чыккан. Ирактын **Куфа** шаарында 685–687-жылдары чыккан көтөрүлүштө арабдар менен фарстар – шаар кедейлери менен кол өнөрчүлөр катышкан.

Орто Азиянын түштүгү Мерв оазисинде 747-жылы **Абу Муслим** жетекчилигиндеги көтөрүлүштө калктын бардык катмары катышат. Көтөрүлүш Маварауннахр менен Хорасанды өз ичине алат. Бул көтөрүлүштүн натыйжасында Умавийлер бийлиги жоюлуп, халифаттыкта бийлик жаңы династия – **Аббасий**лерге өтөт.

Араб халифаттыгы 632–1258-жылдарда өкүм сүргөн. Анда Умавийлер (661–750) жана Аббасийлер династиялары (750–1258) бийлик жүргүзгөн.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Мавараунnнахрдын борбору Согдианада 769–783-жылдары **Муканна** жетекчилигинде ири элдик көтөрүлүштөр болуп өтөт. Көтөрүлүшчүлөр көп жылдар бою араб кошуундарына каршы ийгиликтүү күрөш алып барышат. Азербайжанда 815-жылы **Бабек** башчылыгындагы көтөрүлүш да 20 жылдан көпкө созулат. Тарыхта "***кызыл көйнөктүүлөр***" деп аталган бул көтөрүлүш катышуучуларынын девизи төмөнкүдөй эле: "*Кырк жыл кул болуп жашагандан бир күн азат болуп жашаган макул!*"



**44-сүрөт.** Бабек башчылыгындагы көтөрүлүш

Элдик көтөрүлүштөр, согуштар, бийлик үчүн күрөштөр халифаттыктын саясий кризиси башталышына себепчи болот. Алгачкы көз карандысыз амирлик 756-жылы Испанияда түзүлөт. Ал X кылымдан **Курдоба** (Кордова) **амирлиги** деп аталат. IX кылымдан Египет, Иран, Мавараунnахр жана Хорасан көз карандысыздыкка чыгат. Аббасийлердин колунда Жакынкы Чыгыш, Аравия жарым аралы гана калат, Моңгол ханы **Хулоку** 1258-жылы Багдадды ээлегенден кийин Араб халифаттыгы жоюлат.

?!

1. Халифаттыктын баштапкы 20 жылдык тарыхынан окуган жана билгендеринди сүйлөп бер.
2. Картадан арабдар басып алган мамлекеттерди көрсөт.
3. Халифаттыкка кирген бийлик өкүлдөрүндө кандай салыктар киргизилген? Алардан кайсылары мурда да болгон?
4. Арабдарга каршы элдик көтөрүлүштөр жүргөн жерлерди көрсөт жана алардын себептерин түшүндүр.

## 12-§. ИНДИЯ

**Мамлекеттеги ички жагдай.** Кушандар империясынын кризисинен кийин Индияда бийликти ээлеген **Чандрагупта I** (320–340) гупталар династиясына негиз салат. Гупталар

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



мамлекетинин борбору **Паталипутра** шаары болгон. IV кылымдын аягында – гупталар империясы өнүгүп-өсөт. Мына ошол учурдан баштап Индияда жер ээлөөчүлүк мамилелери пайда болот.



**45-сүрөт.** Гупталар доорундагы темир мамы. V–VI кылымдар

Өкүмдарлар өз жакындары – төбөлдөрү, кол башчыларына жер-мүлк беришкен. Натыйжада, ири жер ээлөөчүлөр катмары калыптанат. Алар дыйкандар үчүн салыктан тышкары эмгек милдеттенмелерин аткарууну да киргизишет. Алгачкы орто кылымдарда мамлекет калкынын каста-варна (катмар)ларга бөлүнүшү (брахман, кшатрий, вайши, шудра) сакталып калат.

Индияда калыптанган социалдык мамилелер нукура феодалдык көрүнүштө болбостон, кулчулук салттары да белгилүү деңгээлде сакталып калган. Бирок кулдардын эмгегинен өндүрүштө эмес, көбүнесе үй жумуштарында пайдаланышкан. Кожоюн кулду тамак менен камсыздагандан тышкары ага жылына бир жолу кийим-кече да алып берген.

**Мамлекетте феодалдык бытырандылык.** VI кылымда Индияга бастырып кирген эфталиттер чабуулунан гупталар империясы ыдырап, баскынчылар мамлекеттин чоң бөлүгүн колдоруна алышат.

VII кылымда Индияда болгон Кытай тарыхчысы **Сюань Цзян**дын жазышына караганда, анда 70 ке жакын чоң-кичине княздыктар болгон. Княздар менен ражалардын ортосунда тынымсыз согуштар болуп турган. Колго киргизилген олжолор, жерлер жеңүүчүлөрдүн ортосунда бөлүштүрүлгөн. Белекке берилген жер аянты **грасс** («бөлүк» же «уюртам») деп аталып, аны алган адам аскердик кызмат өтөп берүүгө тийиш болгон. Өздөрүнүн үй-бүлөлөрүнө таандык болбогон төбөлдөргө ражалар жерди белгилүү мөөнөткө пайдаланууга беришкен. Мындай жерлер **патта** («ярлык» же «ярлыкка алынган жер») деп аталган. Паттадан өзгөчө эмгек синир-

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



ген адамдарды сыйлоо үчүн да пайдаланышкан. Менчик мамилелердин бекемделип барышы менен патта жерлери да укумдан-тукумга өткөн мурас мүлккө айлана баштаган.

Өз ара согуштардан алсызданган Индияны чет өлкөлүк баскынчылар да талаган. Алсак, Араб халифаттыгынын ыдырашынан пайда болгон мусулман мамлекеттеринин падышалары XI кылымда Индияга чабуул башташат. Газнанын падышасы **Макмут Газнавийнин** кошуундары XI кылымдын баштарында мамлекеттин түндүгүнө 17 жолу баскынчылык жортуулун уюштурган. Белгилүү убакыт өтүп Индиянын түндүк бөлүгү мусулман өкүмдарлары тарабынан толук басып алынат.

**Калктын турмуш-тиричилиги.** Чыгыш элдеринин жомокторунда Индия мифологиялык байлыктар өлкөсү иретинде сүрөттөлөт. Европада инди ражаларынын байлыктары жөнүндө түрдүү уламыштар тараган.

Чындыгында болсо, бул байлыктар элдин оор эмгеги менен жаралган. Дыйкандар дарыялардан канал жана арыктар чыгарып, жаңы жерлерди өздөштүрүшкөн жана андан жылына 2–3 жолу түшүм алышкан. Түшүмдүү жерлерде шалы, пахта, кант тростниги жана чай өстүрүлгөн. Кылымдар өтүп бул эгиндер кошуна өлкөлөргө да таралган.

Инди кол өнөрчүлөрү өздөрүнүн чебердиктери менен дүйнөгө таанылган. Алар тарабынан даярдалган зергердик буюмдары, алтын жана күмүш идиштер Индиядан тышта да жогору бааланган. Пил сөөгүнөн, жыгачтын катуу породаларынан жасалган адамдардын жана жаныбарлардын айкелчелери инди ражаларынын гана эмес, чет өлкөлүк өкүмдарлардын сарайларын да кооздогон. Жыгачтан жасалган жөнөкөй курулмаларда токуучулар назик кездемелер токушкан.

**Соода-сатык мамилелери.** Индиянын батышында көптөгөн деңиз порт-шаарлары болуп, аларга чет өлкөлөрдөн түрдүү буюмдар алып келинген жана өз кезегинде инди кол өнөрчүлөрү даярдаган миң түркүн буюмдар дүйнөнүн түрдүү жактарына алып кетилген. Эң ири порт-шаар **Каликут**тун акимин "*деңиздин кожоюну*" деп аташкан. Шаар-

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



лардагы эл толтура базарларда жергиликтүү жана чет өлкөлөрдөн алып келинген буюмдар сатылган. Кытай, Африка, Аравия жана Орто Азиядан көптөгөн соодагерлер кездеме, зергердик буюмдар, упа-эндик, мөмө-жемиш алуу максатында инди шаарларына келишкен.

?!
1. Индилердеги кайсы варна-касталарды билесиң?
2. Ири жер ээлөөчүлүк түрлөрүн сүйлөп бер.
3. Мамлекеттеги жер ээлөөчүлүк түрлөрүн түшүндүр. Алар өлкөбүздөгүдөн эмнеси менен айырмаланган?
4. Чыгыш элдери жомокторундагы Индия мифологиялык байлыктары эмненин эсебинен жаратылган?

## 13-§. КЫТАЙ (IV—X КЫЛЫМДАРДА)

**Кытайдын биригиши.** Хан кул ээлөөчүлүк империясы III кылымда жоюлуп, ордуна 3 көз карандысыз: **Вей, Шу, У** мамлекети түзүлөт. Ошол доордон Кытайда жер ээлөөчүлүк мамилелери калыптана баштайт.

VI кылымдын экинчи жарымында Түрк каганатынын чабуулу Кытайдын биригишине түрткү болгон. Өлкөнү чексиз бийликке ээ болгон **Цуй династиясынын** (589—618) өкүлү башкарган. Анын карамагында күчтүү кошуундан тышкары, көп сандагы берилген төбөлдөрү да болгон. Өлкөнүн борборлошуусу төрт кылымга созулган өз ара согуштарга чек коюп, экономика менен маданияттын өнүгүшүнө алып келген. Эгин аянттары кеңип, калктын саны көбөйгөн, соода-сатык иштери кайра жолго коюлуп, шаарлар өнүгө баштайт. Жаңы бийлик салыктарды иретке келтирип, акча реформасын өткөрөт.

III кылымда Кытайда жер ээлөөчүлүк мамилелери калыптана баштайт. Цуй династиясы (589—618) доорунда Кытай борборлошкон мамлекетке айланат.

Өлкөнүн аймактары ортосунда экономикалык мамилени чыңдоо, Хуанхе жана Янцзы дарыялары ортосундагы жерлерди соода-сатык мамилелерине тартуу максатында — **Улуу**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**канал** курулат. Бул иш мамлекеттик деңгээлде жалпы суу жолун жаратуудан тышкары, чыгыш аймактарына деңизге чыгууга шарт түзөт. Бирок Цуй династиясынын бийлиги көпкө созулбайт.

Кытайдын түндүк-батышындагы жергиликтүү акимдерден бири **Ли Юань** 618-жылы тактыны ээлеп, **Тан династиясына** (618–907) негиз салат.



**46-сүрөт.** Император Ли Юань

***Жер ээлөөчүлүк мамилелери.*** Тан империясы бийлиги доорунда өлкөдөгү бардык жерлер мамлекеттики деп жарыяланат. Мамлекеттин бардык аймактарында дыйкандарга чакан эгин аянттары ижарага берилет. 624-жылы кабыл алынган мыйзам боюнча, ар бир үй-бүлө турак-жайдын ордунан тышкары 80 муга чейин (**1 му – 6 сотых**) эгин аянтын ижарага алуу укугуна ээ болот. Ар бир үй-бүлөгө өзүнүн багында мөмөлүү дарактардан тышкары, тыт дарагын да өстүрүү милдети жүктөтүлөт. Жаңы мыйзам боюнча, дыйкан өзүнүн короосун же эгин аянтын сатышы, күрөөгө коюшу мүмкүн эле. Бирок мамлекет тарабынан берилген жерди сатууга тыюу салынган. Мамлекеттен алынган жердин эсебине дыйкан ар түрдүү салык төлөгөндөн тышкары, эмгек милдеттенмесин да аткарган. Атап айтканда, жазма булактарда Лоян Улуу каналы курулушуна 2 миллион, Улуу Кытай дубалын курууга жана ремонттоого 1 миллиондон ашуун адам ишке тартылганы жөнүндө жазылган.

Император өзүнүн жакындарына, кол башчыларына, төбөлдөрүнө жана ак сөөктөрүнө ири жер аянттарын белекке берген. Ошонун катарында, айрым оёндордун зоболосу: улуу наамы жана ээлеген кызматына карай 500 дөн 10 миң муга чейин жер менен сыйланган. Жазма булактарда өзгөчө кызматтары үчүн кол башчы же төбөлгө 300 дөн 6 миң муга чейин жер берилгендиги жазып калтырылган. Император белекке берген жерлер ар түрдүү салыктардан азат кылынган.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Шаарлар, кол өнөрчүлүк жана соода.** Кытайда VI кылымдан баштап эле шаарлар кыйла өнүгөт. Чек аралык аймактарда жаңы шаар-чептер курула баштайт. Деңиз жана дарыя портторунда жана чийки зат мол жерлерде соода-кол өнөрчүлүк өнүгүп, жаңы шаарлар пайда болот. Улуу каналдын жана деңиз жээктерин бойлой VII кылымда **Ханчжоу**, **Кайфин** жана **Янчжоу** шаарларынын өнүгүшү да соода-сатык жана кол өнөрчүлүктүн өнүгүп өсүшү менен байланыштуу эле. Бул жараян мыйзамдарды күчөтүүнү талап кылып, Тан императорлору түнкүсүн көчөгө чыгууга тыюу салышат. Түнкүсүн шаардын дарбазалары жаап коюлган, ал эми шаардын дубалынан ашып өткөн адамдар 70 камчы сабалышы киргизилген. Турган сөз, бул иш-чаралар шаарларда тынчтыкты, ошондой эле мал-мүлктүн кол тийгистигин сактоого каратылган эле.

VII—VIII кылымдарда Кытайда тоо-кен иштери, ошондой эле чыны жана чопо буюмдарды өндүрүү да өнүккөн. Шаардын кол өнөрчүлөрү кесиптик уюмдарды (цехтерди) түзүп, белгилүү бир кесиптеги кол өнөрчүлөр өз алдынча көчө жана райондордо жайлаша баштаган.



**47-сүрөт.** Тан династиясы тушундагы тыйын

Кытайдын борборлошушу жана экономикалык өнүгүшү соода-сатыктын өнүгүшүн камсыздаган. Эң ири базар **Янчжоу**да болуп, бул шаар деңиздеги жана кургактыктагы соода жолдорунун тоомунда жайлашкан эле. Ошол доордо пайда болгон ярмаркалар да ички сооданын кеңишине кызмат кылган. Кытайда VII кылымдан жалпы акча — **циян**дын киргизилиши да экономиканын өнүгүшүнө кызмат кылат. Чыгарылган тыйындардын ортосунда төрт бурчтуу көзөнөк болуп, ал акчаны жипке тизүү үчүн жасалган эле.

**Тышкы саясат.** Тан династиясы бийлиги доорунда Кытай Түрк каганатына каршы ири согуштар алып барат. Императордун кошуундары 640-жылы Улуу Жибек жолунда жайлашкан **Гаочан** мамлекетин жеңип алат. Ошондон кийин уйгурларга каршы көп жылдарга

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



созулган согуштар башталат. Батыш Түрк каганатына каршы 20 жылдан көпкө созулган согуштар да Кытай кошуундарынын жеңиши менен аяктайт. Ал эми Кореяга каршы 668-жылы башталган согуш анын борбору **Пхеньян**дын алынышы менен аягына чыгат.

Кытай VII–VIII кылымдарда активдүү тышкы саясат жүргүзүп, Түрк каганаты, Араб халифаттыгы, Византия, Япония, Индия менен дипломатиялык байланыштарды орнотот.

Жаңы **Цун династиясы** доорунда (960–1279) Кытайдын эл аралык байланыштары дагы да кеңийт. Орто Азия, Индия, Индикытай, деңиз аркылуу Япония жана Индонезия менен соода-сатык иштери жүргүзүлөт.

Алгачкы орто кылымдарда Кытайда Цуй (589–618), Тан (618–907) династиялары бийлик жүргүзгөн.

?!

1. Кытайда жер ээлөөчүлүк мамилелер качан пайда болгон?
2. Мамлекетте дыйкандардын абалы кандай болгондугун сүйлөп бер.
3. Кытайда шаарлардын, кол өнөрчүлүктүн жана сооданын өнүгүшүн мисалдар менен көрсөт.
4. Тан династиясынын өкүмдарлары тышкы саясатта кандай ийгиликтерге жетишкен?

## 14-§. АЗИЯ МАМЛЕКЕТТЕРИНИН МАДАНИЯТЫ

**Ислам маданияты жана Орто Азия.** Араб халифаттыгы тарабынан басып алынган мамлекеттерде жаңы – араб цивилизациясы пайда болот. Анын пайда болушунда ислам дининин мааниси аябай чоң эле.

Батыш Азиянын байыркы жогорку маданияттуу өлкөлөрүнө келген арабдар баштап гректер, еврейлер, сириялыктар, фарстар, согдийлерге салыштырмалуу артта болушкан. Бирок ошол элдердин мадани-



**48-сүрөт.** «Байт ул-хикма»

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



ятын өздөрүнө синдирип, дагы да жогорураак болгон маданияттын жаралышына шарт түзүшөт. Атап айтканда, халиф **Харун ар-Рашид**дин сарайында IX кылымдын баштарында "**Байт ул хикма**" – "Даанышмандык үйү" түзүлөт.

Бул доордо так илимдер – математика, астрономия, географиянын өнүгүшү байкалып, бул жараян кол өнөрчүлүк менен сооданын өркүндөшүнө алып келет. Замандар өтүп халифаттыкта ойлоп табылган глобус менен компастан бардык мамлекеттерде пайдалана башташат. Европанын медицинасы XVII кылымдын ортолоруна чейин билим жана практикалык сунуштарды Орто Азиядан жетишип чыккан окумуштуулар – **Абу Али ибн Сино** жана **Абу Бакр ар-Разий**дин чыгармаларынан алышкан.

Мекендешибиз **Мухаммад Харезмий** (IX кылым) математиканын тарыхында биринчи болуп алгебра илимине негиз салат. Математикада пайдалана башталган инди цифралары кийинчерээк Европада да араб цифралары аталышы менен таралат.

Багдад менен Дамаскта обсерваториялар курулуп, аларда татаал ченөөлөрдөн пайдаланышкан астрономдор жер шарынын меридианын эсептеп чыгышат. Араб саякатчылары европалыктардан бир топ кылым мурда Индия жана Кытайда, Африка жана Чыгыш Европанын эң четки райондорунда болуп кайтышат. **Ал-Маъсудий**, **Ибн Даст**, **Ибн Фадлан**, **Ибн Баттута**лар ошол өлкөлөр жөнүндө чыгармалар жазышып, карталарын түзүшөт.

**Адабият.** Мусулман адабияты баштап араб тилинде жаратылат. Кийинчерээк, X кылымдан ал фарс тилине которула баштайт. Мусулман поэзиясы жогорку деңгээлге жетишип, анын көптөгөн түрлөрү калыптанат.

Соодагерлер жана саякатчылар алыскы өлкөлөрдөн миң түркүн буюмдар гана эмес, көргөн-билгендери жөнүндө аңгемелер, башка элдердин уламыштарын, жомокторун да алып келишкен. Бул жөнүндө халифтин сарайында, ак сөөктөрдүн жыйындарында, базар жана көчөлөрдө сүйлөп беришкен. Ошолордун негизинде араб адабиятынын укмуштуу шедеври "**Миң бир түн**" чыгармасы жаратылат.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**49-сүрөт.** Кордова мечитинин орнаменттүү шыбы (күмбөзү)



**50-сүрөт.** Каир. Хасан мечити

**Архитектура.** Халифаттыкта көркөм өнөрдүн бардык тармактарына караганда архитектура аябай өнүккөн эле. Халифаттыктын курамына кирген мамлекеттерде кооз сарайлар, мечит-медреселер жана чептер курулган. Гренада (Испания)дагы **Ал-Хумро сарайы**, Кордова (Испания)дагы мечит, Каирдеги **Хасан мечити** жана Бухарадагы **Ысмайыл Саманий күмбөзү** – арабдар доору архитектурасынын шедеврлери болуп саналат.

Халифат маданиятынын негизги тармактарынан бири сулуу жазуу өнөрү болгон. Каллиграфтар жазылышы керек болгон тексттин мазмунуна шайкеш түрдө жазуунун түрдүү стилдерин ойлоп табышкан. Курандын аяттары ислам архитектурасынын шедеврлери болгон имараттардын ички, тышкы жактарын кооздоодо кеңири колдонулган.

Чыгыш маданияты Европа маданиятынын кийинки өнүгүшүнө өзүнүн оң таасирин тийгизет. Кийинки кылымдарда европалык окумуштуулар Азия өлкөлөрүнүн математика, медицина, астрономия, картография багыттарындагы жетишкендиктерин өздөштүрүшөт.

**Көркөм өнөр.** Ислам增 динине тирүү жанзатты сүрөттөөгө тыюу салынганы жөнүндө ишеним кеңири таралган. (Чындыгында болсо кудайды сүрөттөөгө, сүрөттөгү нерселерге сыйынууга тыюу салынган.) Мусулман сүрөт көркөм өнөрү китептерди кооздоо жаатында туу чокуга чыгат. Китептерге көп сандагы адам жана жаныбарлар сүрөттөлгөн көрүнүштөр даярдалган. Текст татаал орнаменттер менен курчалган. Бирок мусулмандар көркөм өнөрүнүн негизи сүрөттөө эмес, каллиграфия, башкача айтканда сулуу жазуу

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



көркөм өнөрү болгон. Араб жазуусу Сирияда VI кылымда оромийлер же араб христиандары ойлоп тапкан оромий алиппесинин негизинде жаратылган. Ал 28 тамгадан турган болуп, араб жазуусу солдон оңго эмес, оңдон солго карай жазылган. Эгерде христиандар үчүн эң ыйык сүрөттөлүш мамыга керилген кудайдын элеси болсо, мусулмандар Кудайды сөз аркылуу сүрөттөшкөн, сөздү ыйык тутушкан. Мусулмандардын каллиграфиядагы жетишкендиктери таң каларлуу эле. Каллиграфтар көптөгөн жазуу стилдерин ойлоп табышып, алардан жазылып жаткан тексттин мазмунуна карай пайдаланышкан. Каллиграфия өнөрүнүн өнүгүшүнө Иран, Хорасан, Маварауннахр жерлеринде жашаган калк өкүлдөрүнүн кошкон салымдары эбегейсиз зор болгон. Алар кайсы тилде сүйлөбөсүн, араб жазуусунан пайдаланышкан.

**Жашоо мүнөзү**. Мусулмандардын турмуш маданияты өзүнүн назиктиги жана жогорку табити менен ажыралып турган. Анын айрым жактары кийинчерээк европалыктар тарабынан кабыл алынган. Мисалы, түрдүү жыл мезгилдеринде сезонго карай кийинүү; тамак тартканда баштап суюк сорпо-шилээн, андан кийин эттүү тамак, кийин канаттуунун эти жана акыр аягында — таттууларды тартуу тартиби киргизилген.

Рим жана Византия доорунан баштап Жакынкы Чыгыш элдеринде мончодо киринүү адаты болгон. Мусулмандар бул адатты өздөштүрүп, өздөрү бийлеген бардык жерлерге таратышкан. Ири шаарларда жүздөгөн мончолор курулган. Алар мрамордон иштелип, дубалдары мозаика жана орнаметтер менен коолдолгон. Мусулмандар тазалык жана тыкандыкка аябай көңүл бурушкан

**Инди маданияты.** Инди окумуштуулары математика, астрономия, медицина жаатында чоң ийгиликтерге жетишкен. Кээ бир инди шаарларында асман телолоруна байкоо жүргүзүү үчүн обсерваториялар курулган. Инди астрономдорунун изилдөөлөрү аларга Жердин айлана формасында экендигин, анын өз огу айланасында айланышын божомолдоо мүмкүнчүлүгүн берген. Дарыгерлер татаал операциялык аспаптар жана оору калтырган дары-дармек-


*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



тер жардамында операциялар жасашкан. Дарылоодо суюк жана коюу дарылардан пайдаланылган.

Инди архитектурасы ар түрдүүлүгү менен өзгөчөлөнүп турган. Орто кылымдарда курулган көптөгөн ибадатканалар, сарайлар азырга чейин сакталып калган. Индияда чоң аска же үңкүрлөрдө оюп иштелген ибадатканалар да болгон. Алардан эң белгилүүсү – биздин заманга чейинки II кылымдан заманабыздын VII кылымына чейин үңкүрдүн ичине оюп иштелген **Ажанта** (Борбордук Индия) ибадатканалары комплекси. Байыркы архитекторлор аскага оюп иштелген 29 бөлмөдөн турган ибадаткананы ар түрдүү айкелдер, оймо орнаменттер менен кооздошкон. Ибадатканаларда кудайлардын, адамдардын жана жаныбарлардын таш жана жезден жасалган айкелдери орнотулган.



**51-сүрөт.** Ажант ибадатканасына оюп иштелген сүрөт

**Кытай маданияты.** Эң байыркы жазуулардан бирин ойлоп тапкан кытайлыктар андан азырга чейин пайдаланып келишет. Кытайда математика, астрономиядан тышкары, география, тарых илимдери да жакшы өнүккөн. Кытай императорунун сарайында VIII кылымда окумуштуулардын жогорку даражалуу жыйындары уюштурулуп, ал кийинчерээк **Ханлин академиясы** аталышын алган.

Кытайлыктар X кылымда селитрадан **порох** алууну ачышат. Баштап фейерверкте иштетилген порохтон кийинчерээк аскердик максаттарда пайдалана башташкан.

Кытайда тарыхый хроника түзүүгө өзгөчө көңүл бурулган. Алсак, **Цун династиясы** дооруна таандык 500 томдук хроникалар бизге чейин сакталып калган.

Ири шаарларда мектептер ачылып, аларда болочок төбөлдөрдү даярдашкан. Ал эми окуучулардан математика, грамматикадан тышкары, философия жана адабиятты билүү да талап кылынган.

Кытай архитекторлору таш, жыгач, мрамор жана темирден пайдаланып, укмуш сарайлар, ибадатканалар, му-

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**52-сүрөт.** Тан династиясы тушунда тоодо оюп иштелген Будда айкели

наралар жана көпүрөлөр курушкан. Кытай сүрөтчүлөрү жибек, кагаз, жыгач жана ташта өздөрүнүн эң сонун чыгармаларын жаратышкан. Айныкса көркөм сүрөт өнөрүнүн дубалга сүрөт тартуу багыты өнүккөн.

Пекинде VIII кылымдан "**Борбор кабарлары**" газетасы чыгарылат. Анда императордун буйруктары жана эң маанилүү окуялар жөнүндө кабарлар басылган. Газетаны жыгачка оюп жазылган тексттен көбөйтүрүшкөн.

Кытай дарыгерлери татаал операцияларды жасашкан, ар түрдүү өсүмдүктөрдүн дарылык касиеттерин аныкташып, алардан дары-дармек даярдашкан. Кытайда алгачкы **пантомима** – мимика театры түзүлгөн. Буддизмдин таралышы кытайлыктардын турмушуна гана эмес, алардын архитектурасына да чоң таасирин тийгизет.

?!

1. Эмне үчүн Мухаммад Харезмий, Абу Али ибн Сино сыяктуу окумуштуулардын ишкердиги «Дүйнө тарыхында» да, «Өзбекстан тарыхында» да берилет?
2. Халифаттыкта илим-билимдин кайсы багыттары жогору деңгээлде өнүккөн?
3. 49, 50, 51, 52-сүрөттөрдү эмнелер бириктиришин жана эмнелер айырмалашын салыштыр
4. Азия мамлекеттери маданияттарындагы окшош жана айырмалуу жактар жөнүндө ой жүгүрт.

Обончу жана ырчы Зиряб IX кылымда жашаган. Ал көптөгөн жаңылыктарды киргизген. Азырга чейин качан бир кезде Зиряб ачкан көптөгөн нерселерден пайдаланабыз. Ал мезгилге карай кийим кийүүнү киргизген. Жука айнек идиш алтын жана күмүш идишке караганда ыңгайлуу жана назик экендигин далилдеген. Салтанаттарда дасторконго тамак тартуунун туруктуу тартибин белгилеп берген: баштап суюк (сорпо өндүү), артынан эттүү тамак, кийин куштун эти, аягында таттуулар тартылган.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# III ГЛАВА. ДҮЙНӨ ЭЛДЕРИ ОРТО КЫЛЫМДАРДЫН ӨНҮККӨН ДООРУНДА (XI–XV КЫЛЫМДАР)

## 15-§. ЕВРОПАДА ОРТО КЫЛЫМДЫН ШААРЛАРЫ

**Чарбанын өнүгүшү.** Европада X–XI кылымдарда өндүрүш өнүккөн. Бул, эң мурда, кол өнөрчүлүктө байкалат. Эмгек шаймандарынын өркүндөшү, усталар чебердигинин ашышы кол өнөрчүлүктү дыйканчылыктан өзгөчө тармакка айландырат.



**53-сүрөт.** Амач менен жер айдоо

Дыйканчылыкта эки талаалуу которуштуруп эгүүнүн ордун үч талаалуу которуштуруп эгүү ээлейт. Анда эгин талаасы үчкө бөлүнүп, биринчисине күздүк, экинчисине жаздык эгилсе, үчүнчү аянт айдалган бойдон калып, жерге дем берилген. Мындай усулда түшүм жердин теңин эмес, үчтөн эки бөлүгүн гана ээлейт, продукция жетиштирүүнү көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

Оор дөңгөлөктүү амачтын таралышы үрөндү себүүдөн мурда жерди 2–3 жолу айдоо үчүн мүмкүнчүлүк түзгөн. Моюнтуруктун жаралышы болсо амачты атка чегип жер айдоону тездештирген. Ал эми түшүмдүүлүктүн жогорулашы дыйкан чарбасында артык баш продукциянын көбөйүшүнө жана мунун натыйжасында аны кол өнөрчүлүк буюмдарына алмашууга жол ачкан.


Дүйнө тарыхы үчүн орто кылымдардын өнүккөн доору XI – XV кылымдар болуп эсептелет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






**54-сүрөт.** Үч талаалуу которуштуруп эгүү

Кол өнөрчүлөр жасаган буюмдардын түрү, саны, сапаты жогорулап барган. Бирок айылда феодалдык бийликтин болушу кол өнөрчүнүн эркиндигин чектеген. Натыйжада алар айылдардан качып, буюм жасоо жана аны сатуу мүмкүнчүлүгү болгон жерлерге кете баштагашат.



**55-сүрөт.** Орто кылымдар шаары

**Орто кылым шаарлары.** Европада шаарлардын пайда болушу жана өнүгүшү түрдүү мамлекеттерде түрдүүчө жүрөт. Адегенде Италия менен Франциянын түштүгүндөгү: **Венеция, Генуя, Флоренция, Марсель, Тулуза**лар IX–X кылымдарда эле өнүгө баштаган. Бул шаарлардын Жер Ортолук деңизинин соода жолунда жайлашкандыгы алардын өнүгүшүндө чоң роль ойнойт. X–XI кылымдарда Франциянын түндүгүндө, Нидерландия, Англия жана Германияда, XII–XIII кылымдарда Венгрия, Балтика бою, Орусия жерлеринде жаңы шаарлар пайда боло баштаган. Европа шаарларынын түрдүү кылымдарда пайда болушунун негиз-

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



ги себеби социалдык-экономикалык өнүгүүдөгү айырмалар болгон.

Шаарлар, эң мурда, коопсуз, душман чабуулунан коргонууга ыңгайлуу, кол өнөрчүлөр өздөрү жасаган буюмдарын сатышы үчүн мүмкүнчүлүк болгон жерлерге курулган.



**56-сүрөт.** Орто кылымдагы шаар турмушу

**Шаарлардын турмушу.** Шаарлар көбүнесе феодалдардын жерлеринде пайда болгон. Баштап феодалдар жерлериндеги шаарларга колдоо көрсөтүп, көчүп келген кол өнөрчүлөрдү салыктардан бошоткон. Бирок шаарлар өсүп, байып барышы менен кожоюндар алардан көбүрөөк киреше алууга умтулушкан. Феодалдардын зулуму кол өнөрчүлүк менен сооданын өнүгүшүнө тоскоолдук кыла баштайт. Натыйжада шаардыктар сеньордун бийлигинен бошонууга аракеттенишет. Көбүнесе шаарлар төлөө, акчанын эсебинен эркиндикке чыккан. Мындай мүмкүнчүлүк болбогон учурларда боштондукка чыгуу үчүн көтөрүлүш чыгарышкан. Франциянын бир топ шаарларында XII–XIII кылымдарда сеньорлорго каршы көтөрүлүш жүргөн.

Монастырь жана сарайларда жашагандардын кол өнөрчүлөргө буюртмалар бериши, душман кооп салганда жашынуу мүмкүнчүлүгүнүн болушу алардын тегерегинде шаарлардын пайда болушуна себеп болгон. Европадагы **Мюнстер**, **Сен-Галлен**, **Сен-Дену** шаарлары, **Страсбург**, **Гамбург**, **Аугсбург** монастырлары феодалдардын чептери айланасында, **Падеборн**, **Бремен**, **Швейбруккен**, **Брюгге**лер дарыянын жээктеринде, көпүрөлөргө жакын жерлерде курулган.

**Шаарлардын көрүнүшү.** Баштап шааарлар айылдардан болгону калкынын көптүгү менен гана айырмаланган. Шаарлардын айланасы мунаралуу чеп дубал, суу толтурулган андар менен курчалган. Күзөтчү-сакчылар мунараларда күн-түнү оошуп турган. Душмандардан коргонуу максатында шаардын дарбазалары жана көпүрөлөр темирден жасал-

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



ган. Дарбазалар ичинен бекемделип жабылган. Түнкүсүн аңдардын үстүнө салынган көпүрөлөр көтөрүп коюлган жана шаардын дарбазасы жабылган.

Шаардын борборунда базар аянты, анын алдында ибадаткана жайлашкан. Шаар кеңешинин имараты – **ратуша** да ошол жерде курулган. Шаар райондору өз алдынча кварталдарга бөлүнгөн. Кварталдардын ар биринде белгилүү кесиптеги кол өнөрчүлөр жашаган.

Шаардагы үйлөрдүн көбү жыгачтан курулган. Жыгач үйлөр тыгыз жайлашкандыктан, бири-бирине туташып кеткен. Шаардын көчөлөрү тар болуп, айрымдары туурасынан эки метрден да ашпаган. Түнкүсүн көчөлөргө жарык берилбеген, суу ноолору жана канализация да болбогон. Таштандылар да тикеден-тике көчөгө таштала берген. Калктын жыштыгы, булганыч Европа шаарларында көптөгөн адамдардын беймаал өлүмүнө себеп болгон жугуштуу оорулардын бат-бат кайталанышына алып келген. Өрттөр да болуп, жыгачтан тыгыз курулган үйлөрдөн турган көчөлөр, кварталдар толугу менен өрттөнүп турган.



**57-сүрөт.** Орто кылымдагы шаар көчөсү

**Шаар калкы.** Шаар калкынын негизги бөлүгүн кол өнөрчүлөр, соодагерлер, жүк ташуучу, арабакеч, чач тарачтар түзгөн. Ири шаарларда бай ак сөөктөр, феодалдар, төбөлдөр, дарыгерлер, дин кызматкерлери да көпчүлүктү түзгөн.

Шаар калкынын бир бөлүгү дыйканчылык менен алектенүүнү уланткан. Чеп дубалдарынын арт жагында эгин талаалары, бактар, ошондой эле жылкы, бодо мал, койлор оттогон жайлоолор болгон.

Орто кылымдардагы Европа шаарларында калктын саны 3–5 миңден ашкан эмес. XIV–XV кылымдарда да 20–30 миң адам жашаган шаарлар ири шаарлардан эсептелген. Эң ири шаарлар саналган **Париж**, **Константинополь**, **Милан**, **Флоренция**, **Кордова**, **Севилья**ларда 80–100 миң калк жашаган.

**Кол өнөрчүлүк жана цехтер.** Кол өнөрчүлүк шаарлар чарбасынын негизи болгон. Кол өнөрчү өндүрүш шай-

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



мандарынын ээси болуп, көз карандысыз тиричилик жүргүзгөн. Алар базарларды буюмдар менен камсыз кылышкан. Бардык жумуштар колдо аткарылгандыктан, устанын иши өтө оор болгон. Мисалы, темирчи соконун тишин даярдоо үчүн чокто кызыган темирди аттиш менен алып, дөшүгө койгон жана керектүү формага киргенге чейин соккулаган. Айрым кесип ээлери өздөрүнүн уюмдарына – цехтерге биригишкен.

**Цех** (немисче – *Zeche*) сөзү орун басардын уста болууга арналган аземинин аталышы, кийинчерээк кесип усталарынын уюмуна карата колдонулган.

Усталардын жалпы чогулушунда бардыгы аткарууга милдеттүү болгон цех уставы кабыл алынган. Уставдын талаптары боюнча буюмдар белгилүү бир үлгү боюнча гана жасалган. Цехти башкаруу үчүн шайланган аксакал кол өнөрчүлөрдүн уставга баш ийишин, жасалган буюмдардын санын жана сапатын көзөмөлгө алган. Уставда устанын станоктору, шакирт-окуучуларынын саны белгилеп коюлган. Мындай иш-чаралар усталар үчүн бирдей шарт түзүү, атаандаштыкка жол койбоо максаттарында колдонулган. Жасалган буюмдардын баасы да цех аксакалы тарабынан белгиленген.

Көпчүлүк учурларда устанын 1–2 орун басары, бир нече шакирт-окуучусу болгон. Алардын өз ара мамилелери да цех тарабынан көзөмөлгө алынган. Орун басарлык мөөнөтү кесиптин кыйындыгына карай 2–7 жыл болуп, эң сонун буюм жасоо, аны цех аксакалы кароосунан өткөрүү менен аяктаган. Германияда орун басар цех – үлпөт-отуруш уюштуруп, усталыкка уруксат алган.

**Шаар турмушунда цехтердин орду.** Цех мүчөлөрүнүн майрамдарын уюштурган. Кайтыш кылган устанын үй-бүлөсүн колдогон. Цехтер шаарды коргоодо, согуш учурунда коргонуу иштеринде өз алдынча бөлүк түрүндө катышкан. Цехтердин өз алдынча герби, туусу, ибадатканасы, кээ бир учурларда мазары да болгон. Баштап өндүрүштүн өнүгүшүнө кызмат кылган цехтер XIV–XV кылымдардан ага тоскоол боло баштайт. Шаарда усталардын көбөйүп

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**58-сүрөт.** Орто кылым кол өнөрчүсү

барышы алардын ортосунда атаандаштыкты күчөткөн. Кол өнөрчүлөр менен соодагерлердин арасынан бай цех башчылары бөлүнүп чыга баштайт. Европада цехтердин да катмарланышы жүрүп, зергердик, ноотучулук жана башка бай цехтер пайда болот. Мындай жараяндар **Флоренция**, **Лондон**, **Бристол**, **Париж**, **Базель** сыяктуу ири шаарларда башталат.

Кол өнөрчүлөр орун басарлардын өсүп-улгайып, усталыкка өтүшүнө тоскоол боло баштайт. Натыйжада 10–12 жыл бою усталыкка өтө албаган орун басарлар катмары пайда болот. Мындай жагдай алардын "**достук**" коомдорун түзүп, өздөрүнүн укуктары үчүн, 14–16 саатка созулган иш убактысын кыскартып, эмгек шарттарын жакшылоо үчүн күрөштөрүн күчөтөт. Жазма булактарда жазылышынча, XIV–XV кылымдарда **Флоренция**, **Перуджа**, **Сиена**, **Кёльн**до шаар кедейлеринин көтөрүлүштөрү болуп өтөт.

?!

1. Европада кол өнөрчүлүктүн айыл чарбасынан бөлүнүп чыгуу себептерин көрсөт.
2. Шаарлардын пайда болуу себептери эмнеде эле?
3. Европа мамлекеттеринде жаңы шаарлардын пайда болуу факторлорун сүйлөп бер.
4. Орто кылым шаарларынын турмушу, көрүнүшү жөнүндө эмнелерди билип алдың? Алардын Өзбекстандагы XI–XII кылым шаарларына окшош жана айырмалуу жактарын түшүндүр.

## 16-§. ОРТО КЫЛЫМДАРДА ТОВАР ӨНДҮРҮҮНҮН ӨНҮГҮШҮ. БАЗАРЛАР ЖАНА ЯРМАРКАЛАР

**Товар чарбасынын пайда болушу.** Цехтердин көзөмөл жүргүзгөнүнө карабай кол өнөрчүлөр соодага даярдаган буюмдардын саны ашып барган. Натыйжада чийки зат-

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



ка жана айыл чарба продукцияларына болгон талап да күчөп отурган. Өз кезегинде, ири жер ээлөөчүлөр менен дыйкандарда продукцияны көбөйтүүгө болгон кызыгуу да ашкан. Өздөрүнүн продукцияларын сатып, кол өнөрчүлүк буюмдарын сатып алгандар көбөйө баштайт. Ири шаарлар жакынкы аймактар гана эмес, чет өлкөлөр менен да соода байланыштарын орнотушат. Алгачкы орто кылымдардагы натуралдык чарба өзүнүн ордун товар чарбасына бошотуп бере баштаган.

**Товар чарбасы** – продукцияларды базарда сатуу, же алмаштыруу үчүн өндүрүүчү чарба.

Сооданын кайра калыбына келиши жолдорду жакшыртууну талап кылган. Францияда королдун буйругу менен негизги жолдорго таш төшөлө баштаган. Дарыялардын үстүнө жыгач жана таштан көпүрө куруу иштери жолго коюлган.

**Чыгыш өлкөлөрү менен соода.** Сирия, Египет, Иран жана Орто Азияга чейин барган европалык соодагерлер чыгыш базарларынан шайы кездемелер, кооз жасалгалар, мөмө-жемиштер сатып алышкан. Батыш жана Чыгыш өлкөлөрүнүн ортосундагы карым-катыштардын өнүгүшүндө Кытайдан башталып, Орто Азиядан өткөн Улуу Жибек жолунун мааниси аябай чоң эле. Бул кербен жолу Жер Ортолук деңизинин чыгыш жээктерине чейин барган.

Батыш Европада XIII–XV кылымдарда Испания, Италия, Түштүк Францияны деңиз аркылуу Византия жана Азия мамлекеттери менен байланыштыруу үчүн **Левант**, түндүктө Балтика деңизи аркылуу Лондон, Брюгге, Любек, Новгород шаарларын байланыштыруу үчүн **Түндүк** соода жолдору кызмат кылган.

Түндүк соода жолун бойлой жайлашкан Германиянын 70 тен ашуун шаарлары **Ганза шаарлар союузу**на кирген.

Левант жолунда жайлашкан **Венеция** менен **Генуя** күчтүү деңиз флоту түзүп, алардын соода талаштары кээде согушка да айланган.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Соодагерлер жана базарлар.** Шаардыктар товарды өз пайдасына сатканды, кимге карыз акча берүүнү, эмнеге акча сарптаганды мыкты билишкен. Тыным билбеген соодагерлер баюу максатында алыскы жана кооптуу сапарларга аттанышкан.



**59-сүрөт.** Марко Поло

Жер Ортолук деңизинин жээгин бойлой италиялык соодагерлер өздөрүнүн соода жайларын – **факториялар** системасын жаратышкан. Алардын көпчүлүгүн генуялыктар жана венециялыктар түзгөн. Бул деңиз республикалары эң сонун соода жана аскердик флотко ээ болгон. Алардын кемелери Жакынкы Чыгыштан Европага баалуу товарларды: шайы кездеме, чыны идиш, ар түрдүү татымалдар жана башка нерселерди алып барган.

Венециялык соодагерлер – Пололор үй-бүлөсүнүн өкүлдөрү XIII кылымда моңгол хандыгынын Азиянын төрүндөгү резиденциясына жетип барат. **Марко Поло** 25 жылдык саякатынын 17 жылын Кытайды ээлеген моңгол ханы **Хубилай**дын сарайында кызматта өткөрүп, европалыктардан биринчи болуп бул сыйкырдуу өлкөлөрдү өзүнүн китебинде сүрөттөгөн. Европалыктар XIX кылымда гана деңиз жолдору аркылуу өтүп, XIII кылымда Марко Поло саякат кылган өлкөлөрдү өз көздөрү менен көрүшөт. Марко Полонун китебиндеги Чыгыш өлкөлөрүнүн мифологиялык байлыктары 200 жылдан кийин генуялык деңизчи **Христофор Колумб**да күчтүү таасир калдыргандыктан, ал эмне кылып болсо да Индиянын бай жээктерине барууну чечет.

Европанын көпчүлүк шаарларында баштап базарлар жуманын 1–2-күнүндө болгон. Ар күнкү базарлар ири шаарларда гана болгон.

Товар алмаштыруу жана сооданын өсүшү шаарларда базарлар куруу зарылчылыгын туудурат. Алсак, Лондондогу алгачкы жабык базар **Блекуэлхолл** XIV кылымдын аягында курулуп бүткөн. Базарлар белгилүү бир буюм же продукцияларды сатууга адистешип барган.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Банктар, ярмаркалар жана биржалар.** Алгачкы банктар XIV–XV кылымдарда Италиянын ири шаарларында пайда болот.

**Банк** – (итальянча, *banko*) – отургуч, сараптын дүкөнүндөгү отургучтун атынан алынган.

Ярмаркалар товар алмашуунун кеңишине кызмат кылган. Ярмаркаларды өнүктүрүү максатында падышалар соодагерлерге түрдүү артыкчылыктарды беришкен (мисалы, жол салыгын убактынчалык бекер кылышкан). Ярмаркалар соода-сатыктан тышкары, элдик оюн-зоок, майрамга айланган. Анда көчмө артисттер тарабынан ыр аткарылып, сахна көрүнүштөрү көрсөтүлгөн. Айылдардан келген калк үчүн бул тамашалар, фейерверктер жылда бир жолу өткөрүлчү көңүл ачар иш-чаралар эсептелген.

**Ярмарка** – дүнүнөн соода болгон, ар түрдүү мамлекеттердин соодагерлери катышкан, товар сатуу жана алмашуу жайынын аталышы болгон.

Орто кылымдар Европасынын эң белгилүү ярмаркасы Франциянын түндүк-чыгышындагы **Шампань графтыгы**нда (борбору Реймс шаары) болгон.

Сооданын өнүгүп отурушу менен Европада түрдүү өлкө соодагерлери чогулуп, акчаларын алмаштыра турган жерлер – **биржалар** пайда болот.

**Биржа** термини Брюгге шаарындагы **"Burse"** конок үйүнүн алдында соодагерлер чогулган жердин атынан алынган.

Биржалар Брюггеде – 1409, Антверпенде – 1460, Лиондо – 1462-жылы түзүлгөн.

Ошентип XI–XV кылымдарда Европада кол өнөрчүлүк менен сооданын өнүгүшү базар, банк жана биржаларды пайда кылды.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



?!

1. Левант дениз соода жолун, ал байланыштырып турган мамлекет жана шаарларды картадан көрсөт.
2. Түндүк дениз соода жолу жөнүндө эмнелерди эстеп калдың?
3. Базар жана ярмаркалар орто кылым шаарлары үчүн кандай мааниге ээ болгон?
4. Банктар жана биржалар кандайча пайда болгон?

## 17-§. АЗИЯ ӨЛКӨЛӨРҮНҮН ОРТО КЫЛЫМ ШААРЛАРЫ



**60-сүрөт.** Дели Кутб Минар. XIII кылым

**Орто кылым шаарлары.** Чыгыш өлкөлөрү орто кылымдардын өнүккөн дооруна түрдүү учурларда өтүшкөн. Мындай жагдай өлкөлөрдөгү өндүрүштүн деңгээли ар түрдүү болгондугу менен түшүндүрүлөт.

Баштап административдик борбор же аскердик чеп катары түзүлгөн орто кылым шаарлары, кол өнөрчүлүк менен сооданын өнүгүшү натыйжасында өтө тез өнүккөн.

Азиянын эң ири шаарлары **Чаньян, Лоян, Ханчжоу, Камакура, Киото, Осака, Дели, Багдад, Бухара** жана **Самарканд** эле. Аларда мектептер жана китепканалар ачылган, окумуштуулар, акындар, сүрөтчүлөр жана музыканттар жашап, чыгармачылык менен алектенишкен. Азиянын шаарлары мамлекеттик жерлерде курулгандыктан, Европа шаарларынан айырмаланып, ири жер ээлөөчүлөргө каршы күрөш жүргүзүшпөгөн.

Азия ири мамлекеттеринен бири Кытайда орто кылым шаарларынын пайда болушу жана өнүгүшү IX–XIII кылымдарга туура келет. Шаарлар Кытайда императорго баш ийген.

Шаарлардын өнүгүшүнө баскынчылык согуштары тоскоолдук кылат. Алсак, Индия жана анын шаарлары орто кылымдарда көптөгөн чет өлкөлүк баскынчылар чабуулуна кабылган.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Япониянын орто кылым шаарлары будда ибадаткана-ларынын тегерегинде, байланыш бекети болгон жол үстүндө, деңиз жээгинде, чептин тегерегинде пайда болот. **Хейян** шаары 1177-жылкы өрт натыйжасында ойрон болот. Ал калыбына келтирилгенден кийин **Киото** аталып, мамлекеттин борборуна айланат. Киото көп кылымдар бою Япониянын экономикалык, диний жана маданий борбору болуп калат.

**Шаарлар турмушу.** Азиянын шаарлары да өзүнө мүнөздүү өнүгүү жолун басып өткөн. Алсак, Кытайда XI кылымда эле шаар куруу жогорку деңгээлге көтөрүлгөн. Императорлор, ак сөөктөр кооз сарайлар курдурушкан. Өлкөдө жыгач аз болгондуктан, курулушта кыш, чопо, таштан кеңири пайдаланылган.

Кытайдын ири шаарларында Батыш Европадан айырмалуу түрдө тейлөө кызматы жакшы жолго коюлган эле. Калк чоподон жасалган ноо аркылуу таза суу менен камсыз кылынган, шаарды таштандылардан тазалоо, өрт өчүрүү иштери жолго коюлган.

Азия шаарларынын калкы Европаныкына караганда көбүрөөк болгон. Алсак, Кытайда орто кылымда эле калк жыш жашаган. XVI кылымда **Пекин**де 1 млн, **Нанкин**де андан да көп эл болгон. Ирандын **Исфахан, Шераз** шаарларында 200 минден ашуун адам жашаган.

Амир Темур державасынын борбору **Самарканд** XIV кылымдын аягы – XV кылымдын баштарында өнүгүп, дүйнөгө таанылат. Орто кылымдын акын жана ойчулдары Самаркандды "*сайкали ройи замин*" – жер жүзүнүн ажары, көркү деп мүнөздөшкөн. Чыгыш ааламында **Бухара** да өз ордуна ээ болуп, ал ислам дининин, маданияттын, кол өнөрчүлүк менен сооданын борборлорунан бири катары атагы чыккан.

Орто Азия мусулман мамлекеттеринин шаарлары жалпы план боюнча: борбордо – **арк**, шаар акиминин коргону, анын тегерегинде – **шахристан**, негизги калк жашаган базарлары



**61-сүрөт.** Бухара аркы

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



менен курулган. Шаардын тегерегинде **рабод** болуп, анда кол өнөрчүлөрдүн базарлары жана кварталдары жайлашкан. Чыгыш шаар куруучулугунда негизги курулуш чийки заты таш жана кыш болгон. Өкүмдарлар, байлар сарайларын, короо жайларын күйдүрүлгөн кыш жана мрамордон, кедейлер болсо пакса кыштан курушкан. Кедейлердин үйлөрү бышык, бекем болбой, бат-бат ремонттолуп турган. Мындай үйлөр мурас калганда адатта бузулуп, ордуна жаңысы курулган.

**Кол өнөрчүлүк.** Чыгыштын кол өнөрчүлөрү жибек кездемелердин, жасалга буюмдардын чоң бөлүгүн чет өлкөгө сатуу үчүн иштеп чыгарышкан.

Азия жана Түндүк Африка шаарларында да кол өнөрчүлүк цехтери шаарлар менен бир мезгилде пайда болгон. Чыгышта баштап шаардын калкы салыктан азат болгон. Мезгил өтүп соодагер жана кол өнөрчүлөрдөн ар түрдүү салыктар алына баштайт. Араб халифаттыгы, Япония, Кытайда усталар менен соодагерлерден салыктарды цех аксакалдары чогултуп берген.

Кытайда бардык усталар цехтин мүчөсү болууга милдеттүү болгон. Кол өнөрчүлүктүн эң маанилүү тармактары Кытайда жогорку деңгээлге жетишкен. Алсак, кытайлыктар гана 600–700 адам жана көп жүк баткан кемелер – **жонкалар**ды курушкан.



**62-сүрөт.** Жонка

Улуу Жибек жолунун тоомунда жайлашкан Орто Азия шаарлары транзиттик соода борборлору болгон. Чет өлкөлүк соодагерлер Самарканддын кагазы менен кездемелерин, Гыждувандын чопо буюмдарын, мервдик усталардын кездемелерин, кийим-кечелерин жогору баалашкан.

Орто кылымдарда Иран усталары парчасы, жибек жана жүн кездемелери менен дүйнөгө таанылган. Соодагерлер Ирандан болоттон жасалган курал-жарак, күмүш жана жезден жасалган идиштер сатып алышкан.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Соода.** Араб халифаттыгы, Тан империясы, Дели султандыгы сыяктуу ири борборлошкон мамлекеттердин пайда болушу сооданы жогорку киреше тармагына айландырат. Алыскы Чыгыштан Жер Ортолук деңизине чейинки аймактарда кербен жолдору аркылуу гана соода жүргүзүлгөн. Фарс булуңу жана Кызыл деңиз аркылуу араб, инди, кытай соодагерлеринин ондогон кемелери сүзгөн. Азиядан айырмалуу түрдө, Африканын экономикалык начар абалы, тынымсыз согуштар, материктин чийки зат, туз, алтын, пил сөөгү, мөмө-жемиш, кулдар базарына айланышына себеп болгон.


**63-сүрөт.** Азия базары

Азия базарлары адамдардын көптүгү жана ызы-чуусу менен бөтөнчөлөнүп турган. Базарлар негизинен шаар дарбазаларына жакын жерлерде жайлашкан. Шаардын ичинде чакан базарлар болуп, алар белгилүү продукцияны сатууга болжолдонгон. Базарлар бир канча расталарга бөлүнгөн. Ар бир раста белгилүү товар менен алектенген соодагерлерди же белгилүү кесип ээси болгон кол өнөрчүлөрдү бириктирген. Алгачкы орто кылымдарда эле Багдадда, Ишбилияда (Севилья), Гарнота (Гренада – Испания) да мандикер базарлары болгон.

Чыгыштын базарларында кол өнөрчүлүк устаканалары, дүкөндөрү да жайлашкан. Кээ бир учурларда көчмө базарлар да уюштурулган. Ал жерге көчмө соодагерлер жана айланадагы айылдардын артык баш продукциясын сатуу зарылчылыгы болгон калкы чогулган.

Япониянын орто кылым шаарлары: Нара жана Хейянь будда ибадатканаларына жакын жерде, Оцу жолдордун тоомунда жана кербен жолун бойлой; Хёго, Сапаи шаарлары деңиздин жээгинде; Нагоя шаары болсо чепке жакын жерде курулган.

1. Картадан Азия мамлекеттеринин орто кылымдардагы ири шаарларын көрсөт.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



2. Азия жана Европа шаарларынын пайда болушунда жана өнүгүшүндө кандай жалпылык бар?
3. Азия шаарларынын турмушу жөнүндө эмнелерди окудуң? Баяндап бер.

## 18-§. ОРТО КЫЛЫМДАРДА ХРИСТИАНДЫК

**Диндин Европада таралышы.** Христиан дини IV кылымдан герман урууларынын арасында да тарала баштайт. V кылымдын аягында франктардын королу Хлодвиг христиандыкты кабыл алат. Англия жана Ирландия монастырларынан жетишип чыккан кайраттуу монахтар Европанын элет жерлерине да барышып, калкты христиандыкка өткөрүшөт.

Киев Орусиясы, Болгария X кылымдын аягында христиандыктын православдык багытын Византиядан кабыл алган.

Христиан дини Европада IV кылымдан баштап таралган.

**Чиркөөнүн бөлүнүшү.** Рим империясынын Батыш жана Чыгыш Римге бөлүнүшү чиркөөнүн да бөлүнүшүнө алып келди. Франк королунун жардамында 756-жылы Италияда Рим папаларынын мамлекети – **Папа аймагы** түзүлөт. Византия чиркөөсү болсо мурдатан мамлекетке баш ийген, Константинополдун патриархы башкарган диний уюмга айланат.

Чыгыш Европада болгарларды чокунтуудагы атаандаштык христиан чиркөөсүн расмий түрдө **Батыш католик** ("дүйнөлүк") жана **Чыгыш православдык** ("таза дин", "чыныгы ишеним") чиркөөлөрүнө бөлүнүшүнө алып келди. XI кылым ортолорунан баштап рим-католик жана грек-православдык чиркөөлөрү өз алдынча иш жүргүзөт. Батышта чиркөө сөздөрү латин, Чыгышта грек тилинде алып барылган. Католик чиркөөсү бардык дин кызматкерлерине үйлөнүүгө тыюу салса ("целебат"), православдарда монахтар гана үйлөнбөгөн.

**Чиркөө жана мамлекет.** Европада V кылымда башталган феодалдык мамилелерден чиркөө да четте калбайт. Эгин

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



аянттарынын үчтөн бири ибадаткана менен монастырлардын колуна өтөт. Мамлекеттин салыктарынан бошотулган бул жерлерде чиркөөдөн ижарага жер алган 100 миңдеген көз каранды дыйкандар эмгектенишкен.

Мындан тышкары христиан чиркөөсү калктан үшр (түшүмдүн 1/10 бөлүгү) салыгын өндүргөн. Калк, ошондой эле, баланы чокундурганда, никеден өткөндө, маркумга аза ачуу салттарын өткөргөндө жана башка үрп-адаттар үчүн да акча төлөгөн. Чиркөөгө түшкөн кирешенин негизги бөлүгү Рим папасынын казнасына жөнөтүлгөн. Булардан тышкары, католик чиркөөсү, ошондой эле **индульгенция** (латинче "кечирүү") – күнөө-дөн кечүү ярлыктарын сатуу менен да байыган.

Европада чиркөө мамлекеттин маанилүү бир уюмуна айланып, анын саясий, экономикалык турмушуна аралашкан, соттун милдетин да аткарган. Чиркөө колдогон жазанын эң оору **интердикт** – өлкөдө ибадат жана иш чараларга убактылуу тыюу салынышы болгон.

**Иннокентий III** (1198–1216)түн папалыгы тушунда католик чиркөөсү өз кудуретинин туу чокусуна чыгат. Папанын: "*Ай өз нурун Күндөн алганы сыяктуу, королдун бийлиги өзүнүн нурун папалыктан алат*", деген сөздөрү иш жүзүндө колдонулат. Рим папасы герман, француз жана англис өкүмдарларын интердикт аркылуу өзүнө сыйындырган. Калкка өзүнүн өкүмүн өткөрүүдө папа монахтарга таянган.

Алгачкы монастырлар IV кылымдан баштап ачылган. Монахтар сыйынуудан бош убактыларында каллиграфия менен алектенишкен. Кээ бирлери болсо монастырдын алдындагы мектепте балдарды окуткан.

**Динсиздерге каршы күрөш.** Чиркөөгө жана анын окуусуна каршы чыккан адамдар **еретиктер** (грекче, "динсиздер") деп аталган. Мындай адамдар чиркөөнүн байлыктарына, салтанаттуу каада-салттарына каршы чыгып, жөнөкөй гана чиркөө идеясынын жактоочулары болушкан. Еретиктерге каршы күрөшүү үчүн чиркөөнүн соту – **инквизиция** (латинче, "издөө") түзүлөт. Христиан чиркөөсүнүн душмандарын издеп табуу жана аларды жазалоо менен алектенген

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**64-сүрөт.** Аутодафе

инквизиция папа **Григорий IX** дун (1227—1241) тушунда өз кудуретинин туу чокусуна чыгат.

Инквизициянын ишкердиги, айныкса, Испанияда кеңири жайылат. Анда өкүм кылынгандарды отто күйдүрүү **“autodafe”** (португалча – “ишеним, же дин иши”) да колдонулат.

?!

1. Европада христиан дини качан таанылып тарала баштаган?
2. Католик жана православие чиркөөлөрүнүн пайда болуу себептерин көрсөт.
3. Орто кылымдарда чиркөө кандай роль ойногон?
4. Индульгенция соодасын кандай түшүндүң?
5. Инквизиция эмне жана ал кимге кызмат кылган?

## 19-§. КРЕСТТҮҮЛӨР ЖОРТУУЛДАРЫ

**Кресттүүлөр жортуулу.** Кресттүүлөр жортуулу – Батыш Европа феодалдарынын Жакынкы Чыгыштагы баскынчылык жана талоончулук согуштары эле. Бул жортуулдар **1096—1270-жылдар** аралыгында болуп өткөн. Чыгыштагы жерлерди ээлөө аркылуу чиркөө өзүнүн таасирин мындан да күчөтүүнү максат кылган.



**65-сүрөт.** Папа Урбан II нин Клермон шаарында кресттүүлөр жортуулуна үгүттөшү

Чыгышта XI кылымдын аягындагы жагдай кресттүүлөрдүн жортуулуна ыңгайлуу шарт түзгөн. Кичи Азия жарым аралы дээрлик толугу менен селжукийлердин колунда болгон. Бул жерлер аркылуу Палестиндин ыйык жерлерине, Ыйса пайгамбардын сөөгү коюлган Иерусалимге жолдор өткөн. **Иерусалим** болсо дээрлик беш кылымдан бери мусулмандардын колунда эле. Жергиликтүү өкүмдардын жана калктын аларга болгон

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



мамилеси жакшы болгону менен, XI кылымдын аягынан башталган мусулман өкүмдарларынын өз ара согуштары христиандардын зыяраттарына барган сайын кооп туудура баштаган.

Византиянын императору Рим папасы менен келише албаса да, христиандардын душмандары менен күрөшүү үчүн жоокер жөнөтүүнү сурап Батышка кайрылат. Папа **Урбан II** 1095-жылы Франциянын түштүгүндөгү **Клермон** шаарында чиркөө жыйынына чогулган миңдеген дин кызматкерлери, рыцарлар жана карапайым калк өкүлдөрүнүн алдында сөз сүйлөп, Иерусалимдеги "пайгамбардын мүрзөсүн" мусулмандардан куткарууга чакырат. Папа жортуулда катышкандарга күнөөлөрү кечирилишин, курман болгондордун руху түздөн-түз бейишке түшүшүн убада берет. Урбан II "ыйык жердин" бай, түшүмдүү экендигин да эскертип өтөт. Палестинде "*сүт менен бал дарыя болуп агышын, Иерусалим жердин киндиги, бейиш сымал түшүмдүү өлкө*" экендигин баса белгилейт.

Бул сөздөрдү калайык-калк "Кудайдын эрки ушул!", "Кудайдын каалоосу ушул!" өңдүү кыйкырыктар менен тосуп, кездемеден "кресттин" сүрөтүн кыркып кийимдерине тиге башташат. Ошондон улам жортуулдун катышуучулары "кресттүүлөр", жортуул болсо "кресттүүлөр жортуулу" деп аталып калат.

**Чиркөө жыйындары** – III кылымдан христиан чиркөөсү жогорку дин кызматкерлеринин чиркөөнү теориялык, практикалык жактан башкаруу маселелерин чечүүгө чакырган курултайы.

Католик чиркөөсү жортуул катышуучуларына айрым жеңилдиктер берилишин, алсак, дыйкандар карызынан кутулушун, үй-бүлөлөрү чиркөө карамагына өтүшүн жарыялайт.

**Кресттүүлөр жортуулу катышуучуларынын максат жана милдеттери.** Дыйкандар жортуулда катышуу аркылуу оор турмуштан кутулуп, Чыгышта мүлккө жана бактылуу

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**66-сүрөт.** Кресттүүлөр жортуулунун катышуучулары

жашоого жетишүүнү эңсешкен. Кресттүүлөрдүн негизин рыцарлар түзүп, алар көбүнесе жакыр үй-бүлөлөрдөн эле. Үй-бүлөнүн кенже перзенттери, майорат системасы болгондуктан, башкача айтканда мурас чоң уулга калгандыгы себептүү, ата-энелери мурасынын чоң бөлүгүнө үмүттөнүшкөн эмес.

Мындай абалдагы рыцарлар атак-даңк жана байлык издеп жолго чыгышкан. Герцогдор, графтар, ал тургай айрым король жана императорлор да Чыгышка жөнөшөт. Алар өздөрүнө жаңы аймактарды жана адамдарды багындырууну максат кылышкан.

Кошуун менен бирге соодагерлер да жолго чыгып, алар Чыгыштын товарлары менен соода жүргүзүү аркылуу тезирээк баюуну эңсешкен. Жортуул катышуучулары жалаң гана пайданы ойлогон десек ката болмок. Материалдык таламдар аларда “пайгамбардын мүрзөсүн” мусулмандардан куткаруу ыйык иш экендиги менен жуурулушуп кеткен.

?!

1. Кресттүүлөр жортуулу деген эмне? Алардын келип чыгыш себептерин көрсөт.
2. Католик чиркөөсү кресттүүлөр жортуулунан кандай максаттарда пайдаланууну көздөгөн?

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



3. Кресттүүлөр жортуулу үчүн Жакынкы Чыгышта кандай ыңгайлуу шарт түзүлөт?
4. Рим папасы Урбан II кресттүүлөр жортуулунун катышуучуларына эмнелерди убада кылат?

## 20-§. АЛГАЧКЫ КРЕСТТҮҮЛӨР ЖОРТУУЛУ

**Алгачкы жортуул.** Алгачкы кресттүүлөр жортуулуна Франция, Италия жана Германиянын түрдүү аймактарынан келген рыцарлар чогулган. Алар мыкты куралданышып, азык-түлүк, акча менен камсыз кылынган эле. Византиянын борбору Константинополдо 1096-жылдын күзүнөн чогула баштаган рыцарларга император **Алексей I** вассалдык антын ичирген. Башкача айтканда, Жакынкы Чыгышта түзүлчү христиан мамлекеттери Византиядан саясий көз каранды болууга тийиш эле.



**67-сүрөт.** Арабдардын рыцарлар менен салгылашуусу

Жортуулдар Сирия менен Палестинде кресттүүлөрдүн өз мамлекеттерин түзүшү менен аягына чыгат. Алардын ичинде **Иерусалим королдугу** кресттүүлөрдүн негизги мамлекети эле. Кресттүүлөр **Иерусалим**ди ээлөөдө бир гана жамъе мечитинде 10 миң мусулманды өлтүрүшөт. Еврейлер өздөрүнүн синагога (ибадаткана)сында өрттөп жиберилет. Кыргын учурунда аялдар менен балдар да курман болот. Шаардыктардын үйүнө бастырып кирген рыцар каалгага калканын илип койгон, бул болсо үй бардык эмеректери менен ага таандык экендигин билдирген.

**Кресттүүлөр Жакынкы Чыгышта.** Европадан келе жаткан рыцарлардын агымы христиандарга басып алынган жерлерди 200 жылга чейин колдо сактоо мүмкүнчүлүгүн берет.

Жакынкы Чыгышта кресттүүлөр жергиликтүү калкты багындырат. Жаңы кожоюндар түшүмдүн 1/3 бөлүгүн салыкка ала баштайт. Дагы кошумча түрдө калк королго, христиан чиркөөсүнө да салык төлөөгө аргасыз кылынат. Натыйжада

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**68-сүрөт.** Кресттүүлөрдүн Иерусалимди курчоого алышы

жергиликтүү элде кресттүүлөргө каршы жек көрүү күчөп, көтөрүлүштөр чыгып турат.

**Диний-рыцардык ордендер.** Палестинде түзүлгөн диний-рыцардык ордендер адаттагы монахтардын орденинен таптакыр айырмаланган. Батышта жөнөкөй монахтардын негизги жумушу сыйынуу жана эмгектенүү болсо, диний-рыцардык орден мүчөлөрүнүн негизги милдети согушуу эле.

Алгачкы диний-рыцардык орден **госпитальерлер** ордени болгон. Аны кээде **иоанниттер ордени** деп да аташат. Мусулмандар Палестинди кайрадан ээлегенден кийин орден баштап Родос аралына, андан бир нече кылым өтүп Мальтага өтүп жайлашат.

Иерусалимге келе жаткан зыяратчыларды коргоо үчүн түзүлгөн экинчи рыцардык орден баштап **тамплиерлер** деп аталган. Ал Иерусалимдеги рыцарлар жайлашкан дөңсөөнүн аты менен аталган.

Тамплиерлер кайрымдуулук белектерин алгандан тышкары, сүткорлук менен да алектенишкен. Европада алардын байлыктары жөнүндө уламыштар жүргөн.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Үчүнчү ири диний-рыцардык орден Ыйык Бүбү Марьямга арналган. Андагы көпчүлүк рыцарлар Германиядан болгондуктан, аны **Немис** (латинче **Тевтон**) **ордени** деп аташкан.



**69-сүрөт.**
Госпитальер



**70-сүрөт.**
Тамплиер



**71-сүрөт.**
Тевтон рыцары

**Кресттүүлөрдүн экинчи жана үчүнчү жортуулдары.** Мусулман өкүмдарлары Чыгыш жана Түштүк жактан кресттүүлөрдү торой башташат. Аларга каршы күрөшүү үчүн Европанын феодалдары экинчи кресттүүлөр жортуулун уюштурушат. Экинчи жортуул XII кылымдын ортолорунда болгон. Франциянын королу өз кошууну менен катышкан бул жортуулдар ийгиликсиз аяктаган.

Мусулмандар бат эле күчтүү мамлекет түзүшөт. Египеттин султаны **Салохиддин Аюбий** 1187-жылы кресттүүлөрдөн Иерусалимди тартып алат. Бул окуя Европада 3-кресттүүлөр жортуулунун (1189–1192) уюштурулушуна алып келет. Бирок герман императору, Франция, Англия королдорунун катышуусундагы бул жортуул да ийгиликсиз аяктайт.

?!

1. Эмне себептен Византиянын императору Алексей I кресттүү-рыцарлардан ант ичүүнү талап кылган?
2. Картадан биринчи жортуул катышуучулары Жакынкы Чыгышта негиздеген мамлекеттерди көрсөт.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



3. Диний-рыцарлар ордендери эмне максатта түзүлгөн?
4. Эмне себептен басып алынган аймактардын калкы кресттүүлөргө карата душмандык маанайда болушкан?
5. Үчүнчү кресттүүлөр жортуулунун себептерин айт.

## 21-§. КИЙИНКИ КРЕСТТҮҮЛӨР ЖОРТУУЛДАРЫ

**Төртүнчү кресттүүлөр жортуулу (1202–1204).** XII кылымдын аягынан папа **Иннокентий III** жаңы жортуулду уюштурууга киришет.



**72-сүрөт.** Кресттүүлөрдүн Венеция соодагерлери менен жолугушуусу

Кресттүүлөр кошуунду Венеция менен деңиз аркылуу кемелерде Палестинге алып өтүүгө келишип, 85 миң күмүш марка акча төлөөнү моюндарына алышат. Келишилген акчанын 1/3 бөлүгүн төлөй албаган кресттүүлөр жортуул башталары менен Венециянын соодадагы негизги душманы Византияга каршы согуш баштоого аргасыз болот. Ал эми согушту баштоо үчүн болсо, иниси тарабынан тактан түшүрүлүп, көзүнө мил тартылган **Исаак II Ангелге** таажы-тактыны кайтарып берүү шылтоо болот.

Төртүнчү жортуулдун катышуучулары эсептелген рыцарлар кошуунy Константинополь дубалдарынын алдына келип түшөт жана 1204-жылы шаарга чабуул баштайт. Жыйырма миңдик кошуун жарым миллион калкы болгон шаарды ээлейт. Негизделгенден бери алгачкы жолу Константиндин шаары душмандын олжосуна айланат.

**Латин империясы (1204–1261).** Латиндер (византиялыктар кресттүүлөрдү ошондой аташкан) Византиянын урандыларында замандаштары Чыгыштагы Романия, азыркы тарыхчылар Латин империясы деп атаган мамлекетти түзүшөт.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**73-сүрөт.** Кресттүүлөрдүн Константинополго кирип келиши

Латиндер басып алынган жерлерде өздөрүнүн тартиптерин орното башташат. Бул мамлекетте да Батыштагы сыяктуу рыцарлардын сарайлары курулат. Константинополь патриархынын тактысын католик монахы ээлейт, дыйкандар рыцарлардан көз каранды абалга түшөт. Византияны багындырган рыцарлардын көпчүлүгү көп узабай мекендерине кайра тартышат. Латин империясында калган рыцарлар бийликти өздөрүнүн темир тартиби жана уюшкандыгы менен гана кармап турат.

Бирок жергиликтүү гректердин баатырларча каршылыгы себептүү латиндер Византиянын жерлерин толук баш ийдире алышпаган. Латин империясынын өзү да бат эле бир нече майда княздыктарга бөлүнүп кетет.

**Византиянын калыбына келтирилиши.** Византиялыктардын латиндерди тез арада айдап салууга болгон үмүттөрү текке кетпейт. Багындырылган калк кресттүүлөрдү жактырбаган, латиндер болсо өз ара келише алышпаган.

Күндөрдүн биринде никеялыктардын аскердик бөлүгү латиндерди "коркутуу" үчүн Константинополго келет. Ошол мезгилде латиндердин кошууну никеяларга каршы деңизден чабуул жасоого аттанып, шаарды коргоосуз калтырышкан эле. Константинополдун гректери никеялыктар кошуунунун жакындашканын угуп, аларга шаардын дарбазасын ачып беришет. Алардын жардамы менен никеялыктар шаарга кирип, борборду оңой гана ээлешет. Бат эле кайра тарткан латиндер шаардын колдон кеткенине күбө болушат. Никеялыктар менен болгон согушта жеңилип калган латиндерге кемелерге отуруп, Европага кайра тарткандан башка арга калбайт. Никеянын императору **Михаил VIII Палеолог** 1261-жылдын 15-августунда Константинополго салтанаттуу түрдө кирип келет. Ошентип Византия империясы кайра калыбына келет. Эми Византия дүйнөнүн кудуреттүү мамлекетинен чоң эмес грек мамлекетине айланат.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Кресттүүлөр жортуулунун аякташы жана анын натыйжалары.** Соңку кресттүүлөр жортуулдары Жакынкы Чыгыштагы абалды өзгөртө албайт. Франциянын королу **Людовик IX** дун 1269–1270-жылдардагы сегизинчи жортуулу соңкусу болот. Көп узабай кресттүүлөрдүн Чыгыштагы мүлктөрү мусулмандардын колуна кайра өтөт.

Кресттүүлөр жортуулдары токтошунун негизги себеби XIII кылымдын аягынан Батыш Европа өлкөлөрүндө башталган өзгөрүштөр болду. Өндүрүш күчтөрү өнүгөт. Токойлор кыйылып, эгин талааларына айландырыла баштайт. Айыл калкынын жерсиз бир бөлүгү күн сайын өнүгүп жаткан шаарларга кетет. Король бийлигинин күчөп барышы жана өлкөнү борборлоштуруу саясаты рыцарларга королдун кошуунунда кызмат кылуу мүмкүнчүлүгүн берет. Соодагерлер тынч жол менен соода жүргүзүүнүн абзелдигине дагы бир жолу ишенишет.

Кресттүүлөр өздөрүнүн негизги – Чыгышта күчтүү христиан мамлекетин түзүү максатына жетише албайт. Анда катышкан 100 миңдеген адамдар курман болуп, жортуулдар чоң материалдык зыян алып келет.

Бирок Чыгыштын жогорку маданияты менен таанышуу Европа феодалдарынын турмуш мүнөзүн өзгөртүп жиберет. Европа өлкөлөрүндө салыкты натуралык түрдө эмес, акчалай алуу өсөт. Айрым феодалдар төлөөлөрдүн эсебине көз каранды дыйкандарды боштондукка чыгара баштайт.

?!

1. Сенин оюнча, 4-кресттүүлөр жортуулунун мурдагылардан айырмасы эмнеде?
2. Эмне себептен кресттүүлөр Византияда түзгөн Латин империясы көпкө жашабады?
3. Соңку кресттүүлөр жортуулдарын жана бул согуштардын өз максаттарына жете албагандыгынын себептерин айт.
4. Кресттүүлөрдүн жортуулдары Европа жана Азия үчүн кандай натыйжаларга алып келген?

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# IV ГЛАВА. ЕВРОПАДА БОРБОРЛОШКОН МАМЛЕКЕТТЕРДИН ПАЙДА БОЛУШУ

## 22-§. ФРАНЦИЯДА БОРБОРЛОШКОН МАМЛЕКЕТТИН ТҮЗҮЛҮШҮ



**74-сүрөт.** Нормандиядагы д'Э чеби

**Королдук бийлик.** Мурдагы Батыш Франк королдугу өз алдынча турган ондогон чакан княздыктарга бөлүнүп кетет. Княздыктар мураска калтырылганда кайра бөлүнүп, династиялык никелешүүлөрдүн натыйжасында колдон-колго өткөн. Королдун менчик мүлктөрү (домени) түндүктө Парижден – түштүктө Орлеанга чейин кууш тасма формасында жайлашкан эле. **Нормандия, Бургундия, Бретан, Аквитания** герцогдорунун ар бири королго караганда көбүрөөк жерге жана калкка ээ эле. Королдун доменинде болсо ага баш ийбеген феодалдар бекем орношуп алган болушчу.

**Домен** (латинче dominium – мүлк) – король, герцог, граф жана барондордун көз каранды дыйкандардын эмгеги менен иштетиле турган жер-мүлктөрү.

Король **Людовик VI** XII кылымдын баштарынан өзүнүн доменинде тартип орнотууга аракеттене баштайт. Король баш ийбеген барондордун чептерин талкалап, аларды багындырат. Ал Бурж жана Санс шаарларын өзүнүн жер-мүлкүнө кошуп алат. Людовик VI нын иши оңунан келип, уулун Аквитания герцогунун жалгыз мураскоруна үйлөндүрүшү королдуктун жерлерин дагы да кеңейтирет.

**Аймактар ортосунда эмгекти бөлүштүрүү.** Францияда X–XI кылымдарда айыл чарбада, кол өнөрчүлүктө жана соо-

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



дада кескин өнүгүү башталат. XII кылымдан баштап жаңы өздөштүрүлгөн жерлерде дыйкандардын көз карандылыгы жоюлуп, салыктардын бир бөлүгү акчалай төлөнө турган болот. Натыйжада дыйкандар продукцияларынын белгилүү бөлүгүн сатуу үчүн базарга чыгарат. Францияда феодалдар өздөрүнүн жерлерин дыйкандарга мурастык ижарага бере башташат. Мындай иш-чаралар дыйкандардын жерге болгон мамилесин оң жакка өзгөртөт.

Аймактардын ортосунда эмгекти бөлүштүрүү башталып, **Нормандия** – темир, туз өндүрүүгө, ошондой эле жылкы жана бодо мал багууга; **Шампань** жана **Бургундия** – виночулукка, зыгырдын буласынан сурп токуганга; **Фландрия** – жүндөн кездеме өндүрүүгө адистешип барат. Соодагерлер бул продукцияларды Шампань ярмаркасына алып барышкан жана ал жерден продукциялар бүткүл өлкөгө таралган. **Париж** бүткүл түндүк-чыгыш Франциянын эң чоң кол өнөрчүлүк жана соода борбору болуп калат. Эмгекти бөлүштүрүүнүн өнүгүшү себептүү аймактардын өз алдынча жашашы аягына чыгат. Соода-сатык аларды бирин-бирине байлап салат. Аймактар ортосундагы экономикалык мамилелерди өнүктүрүү зарылчылыгы феодалдык бытырандылыкты жоюуну талап кылар эле.

**Аймактар ортосундагы эмгекти бөлүштүрүү** – бул ар бир аймактын өндүрүштүн тигил же бул тармагына адистешүүсү болуп саналат.

**Мамлекетти бириктирүү үчүн күрөш.** Шаарлардын өнүгүшү менен жаңы социалдык катмар – **шаардыктар**дын саны көбөйүп отурат. Бул катмар феодалдардын башаламандыгына чек койгон күчтүү королдук бийликтин жактоочусу болгон. Королду, ошондой эле майда жана орто феодалдар да колдогон. Алар күчтүү королдук бийлик өздөрүн граф жана герцогдордун зулумунан куткарат деп үмүттөнүшкөн. Мындай жагдайда борборлоштуруу жараянына ири диний жана дүйнөлүк феодалдар гана каршы болушат.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Франциянын королу **Филипп II** Англиянын королу **Иоанн** менен Нормандия үчүн күрөш баштайт. **“Англия таажысынын бермети”** саналган Нормандия XIII кылымдын баштарында кайтарып алынат. Көп узабай королдун мүлктөрүнө өлкөнүн түштүгүндөгү **Тулуза графтыгы** да кайтарылат. Натыйжада король Франциядагы эң күчтүү феодалга айланат. Король мүлктөрүнүн кеңейиши жалпы мамлекеттик башкаруу уюмдары: Королдук кеңеш, Жогорку сот жана Каржы башкармасынын түзүлүшү менен аяктайт. **Людовик IX** королдук жерлердеги феодалдык согуштарга тыюу салат. Ал соктурган алтын, күмүш тыйындарга өлкөнүн бардык аймактарында жарамдуулук укугу белгиленет. Натыйжада, өлкөдө герцогдор жана графтар чыгарган 40 түрдүү акча акырындык менен мамиледен калат. Мындай иш-чара сооданы да өнүктүрөт.

Ошентип Франция борборлошкон мамлекетке айланды. Королдук бийлик мамлекеттин бардык аймактарын өзүнө баш ийдирди.

**Борборлошкон королдук бийлик** – өлкө бардык аймактарынын король бийлигине баш ийиши.

1. Кандай иш-чара дыйкандардын жерге болгон мамилесин оң жакка өзгөртөт?
2. Мамлекетти борборлоштуруудан талам көргөн катмарларды көрсөт.
3. Аймактар ортосундагы эмгекти бөлүштүрүү жана адистешүү эмнелерди талап кылган?

## 23-§. ГЕНЕРАЛДЫК ШТАТТАР

**Филипп IV жана Папа.** Францияны борборлоштурууну уланткан **Филипп IV** (1285–1314) королдугунун баштарында Шампань графтыгын, Лион шаарын аймагы менен бирге өзүнүн доменине кошуп алат. Анын кийинки аракеттери өлкөнүн түндүк-батышындагы ири соода-кол

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**75-сүрөт.** Авиньондогу Папанын резиденциясы

өнөрчүлүк шаарларын бириктирген Фландрияны ээлөөгө каратылат.

Европа өкүмдарларынан Филипп IV биринчи болуп чоң жер-мүлккө ээлик кылган чиркөөдөн салык төлөөнү талап кыла баштайт.

Рим папасы **Бонифаций VIII** (1294–1303) дин кызматкерлерине Франция королуна салык төлөөгө тыюу салуу менен, Филипп IV төн Фландрияга каршы согушту токтотууну талап кылат. Королдун Папанын эркине баш ийбегендигине жооп иретинде Бонифаций VIII Филипп IV түн чиркөөдөн четтетилгенин салтанаттуу түрдө жарыялоо үчүн даярдык көрө баштайт.

**Генералдык штаттар.** Жооп иретинде король 1302-жылы үч катмардын өкүлдөрүн: дин кызматкерлерин, дворяндарды жана шаардыктарды чакырып, аларга Папа менен болгон чырды иликтөөнү сунуш кылат. Францияда биринчи жана экинчи катмар салык төлөбөгөн, үчүнчү катмардан негизинен бай шаардыктар чакырылган.

**Генералдык штаттар** (жалпы катмарлар) – Франциядагы жогорку катмар-өкүлдүк мекеме (1302–1789).
**Дворяндар** (атактуу ак сөөктөр) – феодалдардын артыкчылыкка ээ бөлүгү. Артыкчылык мураска калган.

Кеңири коомчулуктун жардамына таянган Филипп IV папага каршы аракетин баштап, толук жеңишке жетишет. Франциянын архиепископу папалыкка шайланат. Анын тушунда папанын резиденциясы Римден Франциянын түштүгү – **Авиньон** шаарына көчүп өтүшүнө чечим кабыл алынат. Авиньон француз королунун мүлкүнө кирбесе да, анын бул жердеги таасири чоң эле. Папалардын Римге кайтышы үчүн дээрлик 70 жыл керек болду. Бул жылдар (1309–1377) Рим чиркөөсү тарыхында "**папалардын Авиньон туткуну**" аталышын алат.

Филипп IV баштаган "**тамплиерлер иши**" да Европада чоң дүрбөлөңгө себепчи болот. 1307-жылы ордендин

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



көпчүлүк мүчөлөрү жана улуу магистр камакка алынат. Буга ордендин түгөнүп бүткүс байлыктары жөнүндөгү имиштер себеп болгон. "Авиньон папасынан" ыраазылык алып, тамплиерлердин мал-мүлктөрү тартып алына баштайт. Көпчүлүгү кыйноого салынып, отко ташталат. Улуу магистр 1314-жылы өлүмгө өкүм кылынат.

Ошентип XIV кылымда Францияда катмардык монархия, башкача айтканда катмар өкүлдөрүнүн чогулушуна таянган, борборлошкон мамлекет калыптана баштайт.

?!

1. Король Филипп менен Рим папасынын ортосундагы чырдын себептерин айт.
2. Беделдүү ак сөөктөр катмары жөнүндө эмнелерди билесиң? Орто кылымдарда өлкөбүздөгү ушундай катмар кандай аталган?
3. Кең курамдагы Генералдык штаттарды чакыруудан максат эмне болгон?
4. Филипп IV кө «тамплиерлер иши» эмне үчүн керек?

## 24-§. ЖҮЗ ЖЫЛДЫК СОГУШТУН БАШТАЛЫШЫ ЖАНА АНЫН БАШТАПКЫ ДООРУ



**76-сүрөт.** Жүз жылдык согуштун жоокерлери

**Жүз жылдык согуш жана анын себептери.** Англия менен Франциянын ортосунда XIV кылымдын 30-жылдарында башталган согуш тыныгуулар менен жүз жылдан көпкө созулуп, тарыхта **"жүз жылдык согуш"** аталышын (1337–1453) алган.

Филипп IV түн өлүмүнөн көп узабай такка отурганы эркек бала калбай калат. X кылымдан келе жаткан Капетингдердин мураскору деп Валуалардын үй-бүлөсү таанылат. Англиянын королу **Эдуард III,** Филипп IV түн кызынан төрөлгөн небереси, өзүн такка валуаларга караганда акылуу деп жарыялайт.

Мурас жөнүндөгү талаш курал менен чечиле баштайт. Франциянын королу 1337-жылы англичандардын өлкөнүн

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



түштүк-батышындагы Аквитаниянын жерлерин өз карамагына алганын жарыялайт. Буга жооп иретинде Эдуард III Францияга каршы согуш баштайт.



**77-сүрөт.** Пуатэге жакын жердеги салгылашуу

**Согуштун жүрүшү.** Англия менен Франциянын согушу бат эле жалпы европалык чырга айланат. Европанын бардык аймактарынан рыцарлар келип же англичандардын, же француздардын кызматына өтө башташат. Англичандар 1340-жылы Франциянын деңиз флотун жеңип, кургактыкта чабуулга өтүшөт. Алгачкы ири салгылашуулар 1346-жылы **Креси**ге жакын жерде болуп, анда француздардын кошууну жеңилет. Англия кошуунундагы тартип, сан жагынан үстөмдүк, мыкты даярдык согуш башталышынан эле Англиянын үстөмдүгүн камсыздайт. Эркин дыйкандардан түзүлгөн жаачылар бөлүгү да жеңиш факторлорунан бири болот. Кошуун королдон маяна алган аскер башчылардын буйругун сөзсүз аткарган. Франциянын кошууну рыцардык бөлүктөрдөн түзүлгөн болуп, ар бир рыцар өз алдынча аракеттенген. Кошуунда жалпы башкаруу жана аскердик тартип болбогон.

1356-жылы Франциянын сан жагынан эки эсе көп кошууну шаазада **Эдуард**дын бөлүгү артынан сая түшүп, Пуатэге жакын жерде ага жетип алат.

Эдуард, эгерде француздар аны кошууну менен өткөрүп жиберсе, бардык олжо, туткундарын, басып алган бардык чеп, коргондорун берүүгө даяр экендигин билдирет. Бирок Франциянын королу шаазаададан туткун түшүүгө макул болушун талап кылат. Натыйжада Эдуард салгылашуудан башка арга калбагандыгына көзү жетет.

Салгылашууда француздардын бирикпестен аракеттениши эң мыкты рыцарларынын кырсыкка кабылышына себеп болот. Франциянын королу **Айкөл Иоанн** жана уулу **Филипп** туткунга түшөт.

**Жакерия көтөрүлүшү.** Жүз жылдык согуштун натыйжасында дыйкандар салыктардан аябай азап тартышкан. Би-

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



рок кожоюндар "*Карапайым Жактын жону кең, ал бардык оордукту көтөрө алат!*" дешкен. Карапайым дыйканга карата колдонулган "**Jak**" аты кийинчерээк көтөрүлүштүн атына айланат.

Франциянын Бовье округунда 1358-жылдын май айында башталган дыйкандардын көтөрүлүшү тарыхта "**Жакерия**" аталышын алат. Кошуна аймактарга да таралган көтөрүлүштө жүз миңге жакын адам катышкан. Алардын ураань "*бардык ак сөөктөрдү бирин да калтырбай кырып салуу*" эле. Буга алардын дыйкандарга карата жасаган оор зулуму себеп болгон. Көтөрүлүшчүлөр феодалдардын чептерин тоноп, салык документтерин, тизмелерин өрттөп салышкан. Көп узабай феодалдар биригишип, **Гилом Кал** жетекчилигиндеги көтөрүлүштү бастырышат. Көтөрүлүштүн кайталанышынан корккон феодалдар дыйкандарды төлөмдөр эсебине көз карандылыктан бошотууну тездетишет.

?!
1. Жүз жылдык согуштун негизги себептери эмнеде эле?
2. Эмне себептен согуштун баштапкы учурунда Франциянын кошуундары жеңилип калган?
3. Картадан баштапкы баскычта салгулашуулар болгон жерлерди көрсөт.
4. Жакерия көтөрүлүшүнүн себептерин жана маанисин сүйлөп бер.

## 25-§. ФРАНЦИЯДА АБСОЛЮТТУК МОНАРХИЯ

**Жүз жылдык согуштун уландысы.** 1360-жылы Англия Францияга сунуш кылган тынчтык келишими боюнча өлкө аймактарынын 1/3 бөлүгү англичандарга өтөт. Франциянын королу **Карл V** аскердик реформалар жүргүзүп, күчтүү артиллерия жана флот түзүүгө киришет. Жеке кол башчылык киргизилип, анын укуктары кеңейтилет. Бул кызматка дайындалган **Дьюгеклан** ири согуштарга кирбей, чакан салгылашуулар



**78-сүрөт.** Карл V Акылман

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



аркылуу дээрлик бардык аймактарды англичандардан азат кылат. Бирок согуштагы жеңиштер көпкө созулбайт.

Король сарайындагы келише албастыктардан пайдаланган англичандар 1415-жылдын күзүндө Нормандияга кошуун түшүрөт. **Азенкур салгылашуусу**нда кайра дагы французлардын кошууну талкаланат. Өлкөнүн жарымы Англиянын колуна өтүп, чиркөө жана дин кызматкерлери Англиянын королун таанышат. Бургундиянын герцогу да англичандар тарабына өтөт. Анын жардамында англичандар Парижди ээлешет.

Көпкө узабай, 1420-жылы түзүлгөн тынчтык келишиминде Англия королунун Франция канышасынан төрөлө турган уулу бириккен Англия менен Франциянын королу болушу көрсөтүлөт. Франция королунун уулу болсо бийликтен четтетилет. Ошол мезгилден жүз жылдык согуштун сапаты өзгөрүп, англис кошуундарына каршы карапайым калк көтөрүлөт.

**Орлеан кызы.** Англичандар кошууну Орлеанга чечкиндүү чабуулга даярдык көрүп жаткан учурда Карлдын алдына 16 жаштагы карапайым дыйкандын кызы **Жанна д'Арк** келип, аны французлар сөзсүз жеңишке жетишерине ишендирет. Ага рыцарлар бөлүгү берилип, Орлеанды азат кылуу үчүн жалданган кошуундун курамына киргизилет. Бир нече күндүн ичинде англичандар курган чептер талкаланып, шаар курчоодон чыгат. Ошол окуядан кийин **Жанна**ны "**Орлеан кызы**" деп атай башташат. Жаннанын каармандыгынан күч алган французлар бардык жерде баскынчыларга каршы согушка аттанат.



**79-сүрөт.** Жанна д'Арк Карл VII нин таажы кийүү аземинде

**Реймс**те – Франция королдорунун салт боюнча таажы кийчү шаарында Карл королдук таажысын кием. **Карл VII** (1422–1461) король болгондон кийин, анын өлкөдөгү жана Европадагы аброю кескин ашат.

Жанна д'Арктын зоболосу көтөрүлүп, сарай кызматкерлеринин ага

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



болгон көрө албастыгын күчөтөт. 1430-жылы **Компен** чеби үчүн болгон согушта Жанна бургунддар тарабынан туткунга алынып, англичандарга тапшырылат. Франциянын королу баатыр кызды куткарууга урунуп да көрбөйт. Чиркөө соту Жаннаны өлүмгө өкүм кылып, 1431-жыл 30-майда Руан шаары аянтында ал отто күйдүрүлөт.

**Согуштун жыйынтыгы.** Жаннанын баатырдыгы француздардын мекенди сүйүү сезимин күчөтүп, боштондук согушунда кескин бурулуш жасайт. Англичандардын удаалаш жеңилиштери 1453-жылы келишим түзүү менен аяктайт. Аларда **Калье** порту гана калат.

Жеңиш королдук бийликтин күчөшүнө алып келет. Королдун регулярдуу кошууну түзүлө баштайт. Салыктын регулярдуу чогултулушу менен мамлекеттин кирешеси ашат.

**Борборлоштуруунун жыйынтыгы.** Карл VII нин өлүмүнөн кийин такка отурган уулу **Людовик XI** (1461–1483) өзүнүн саясатын Бретан жана Анжу герцогдорун багындыруудан баштайт. Буга жооп иретинде 1465-жылы ири феодалдар "**Коомдун бакыт-таалайы уюмун**" түзүшөт. Анын жетекчиси **Карл Бургундский**ге каршы Людовик ийгиликтүү күрөш алып барып, Бургундиянын батыш бөлүгүн Францияга кошуп алат.

Франциянын түштүгүндөгү **Прованс аймагы** Марсель порту менен 1481-жылы королго өтөт. Людовиктин мураскору **Карл VIII** дин 1491-жылы Бретан герцогунун кызы **Анна**га үйлөнүшү менен Франциянын борборлошуусу аяктайт.

XV кылымдын аягына келип бүткүл Франция жалпы борбордук бийликке баш ийдирилди.

?!

1. Картадан Франциянын XI–XIV кылымдардагы аймактарын таап көрсөт.
2. Франциянын XV кылымда XI кылымдагыга караганда күчтүү мамлекет экендигин мисалдардын негизинде ырастап бер.
3. 1420-жылкы келишим Францияга кандай өзгөрүштөр алып келген?
4. Элдик боштондук кыймылга жана Жанна д'Арктын жүз жылдык согуштагы ордуна баа бер.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## 26-§. АНГЛИЯДА БОРБОРЛОШКОН МАМЛЕКЕТТИН ТҮЗҮЛҮШҮ

**Норманндардын баскыны.** Англияда королдук бийликтин начардыгы аны даниялыктардын талоончулук майданына айландырат. Англо-сакстар буга каршы XI кылымдын 40-жылдарында көтөрүлүш чыгарганда, аларга Франциянын түндүгүндөгү Нормандия герцогу жардамга келет. Бирок көп узабай бул жардам ак ниеттен эместиги ырасталат.



**80-сүрөт.** Гастингс салгылашуусу

Нормандия герцогу **Вильгелм**дин кошуундары 1066-жылы Англияга келип түшөт. **Гастингс салгылашуусу**нда алардын рыцарлары англичандардын жөө аскерлерин курчап алат. Англиянын королу **Гарольд** жана анын кошууну теңсиз салгылашууда курман болот. Нормандиянын герцогу королдун тактын ээлеп, **Вильгельм I** атын алат.

**Феодалдык коомдун толук орнотулушу.** Вильгелм жергиликтүү феодалдар — англо-сакстардын жерлерин тартып алып, өзүнүн рыцарларына бөлүп берет. Майда жана орто жер ээлөөчүлөр болсо мүлктөрүн сактап калышат. Мамлекетти тартипте кармоо үчүн күчтүү королдук бийлик зарыл эле. Вильгельм I бардык ири жер ээлөөчүлөрдү берилгендикке ант ичирет.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**81-сүрөт.** Лондон. Тауэр чеби

Королдун эң ири мүлк ээси болушу, барондорго жер-мүлктүн түрдүү аймактардан берилиши Франциядагы өңдүү өз алдынча графтыктардын түзүлүшүнө тоскоолдук кылат. Норманндардын баскыны натыйжасында Англиянын дыйкандарына басым жасоо күчөйт.

Өзүнүн бийлигин чыңдоо максатында норманндар Англия боюнча көптөгөн чептер курушкан. Алардан эң белгилүүсү Лондондогу **Тауэр** болуп, ал азырга чейин турат. Англо-сакстардын көтөрүлүш чыгаруу коопу барондорду королдун айланасына биригишине алып келет. Басып алынган мамлекеттин экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн билүү максатында **Вильгелм** Европада алгачкы жолу жер-мүлктү жана калкты каттоодон өткөрөт. Каттоого алуучулардын суроолоруна жалаң чындыкты айтуу жөнүндө ант ичирилиши эл ичинде тизме барактарынын **"Коркунучтуу сот китеби"** деп аталышына себеп болот.

Барондордун калкка өткөргөн зулумун чектөө үчүн графтыктардагы англо-сакс жергиликтүү соттору сактап калынат. Мамлекет графтыктарга бөлүнүп, ар бирине королдун өкүлү – **шериф** дайындалат.

XII–XIII кылымдардан баштап Англияда дыйкандардын күрөшү күчөйт. Алардын бир бөлүгү кожоюндарынан качып, токойлордо жашаган. Качкындар биригип феодал, епископ, төбөл жана королдун судьяларына чабуул уюштурушкан. Аларды калк колдоп-кубаттаган. XIV кылымда элдик оозеки чыгармачылыктын сүйүктүү каарманына айланган **Робин Гуд**дун элеси мына ошол байлардын душманы, эзилген эмгекчил элдин коргоочусу катары сүрөттөлөт.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**82-сүрөт.** Робин Гуд

**Генрих II** (1154–1189)нин королдугу тушунда Англияда каржылык жана аскердик реформа жүргүзүлөт. Барондорго аскердик кызматтын ордуна казнага "**калкан акчасы**" салыгын төлөөгө уруксат берилет. Бул королго регулярдуу кошуун түзүү мүмкүнчүлүгүн берди.

**"Улуу боштондук хартиясы".** III кресттүүлөр жортуулунун катышуучусу Ричард I Арстан жүрөктүн иниси **Иоанн** (1199–1216)дын королдугу тушунда көтөрүлүштөр күчөйт. Өз күчүнө ишенген король күнөөлүү саналган барондордун мүлктөрүн тартып алган, вассалдарынан чоң сандагы төлөмдөрдү талап кылган. Натыйжада мындай саясат бардыгын королго каршы кылып койгон.

Барондор рыцарлар менен шаардыктардын жардамында 1215-жылдын жазында козголоң көтөрүшөт. Борбор Лондондун калкы көтөрүлүшчүлөргө дарбазаны ачып берет. Король **"Улуу боштондук хартиясы"** аттуу документке кол коюуга аргасыз болот.

Анын негизги статьялары барондор менен монахтардын кызыкчылыктарын туюнткан. Король эркин чиркөө шайлоолоруна баш ийүү, васссалдардан адаттагыдан көп төлөө албоо, барондорду камабоо, аларды мал-мүлкүнөн ажыратпоо шарттарын кабыл алат.

Ярлык 63 статьядан турган болуп, рыцарлар менен эркин дыйкандарга да айрым жеңилдиктерди берген. Алсак, алардан белгиленгенден көп төлөөлөр алууга тыюу салынат. Документте эркин адамдарды король кызматкерлеринин өз алдынчалык зулумдарынан коргоо убада кылынган. Бирок алар толугу менен аткарылбаган.

**Англия парламенти.** Англияда алгачкы парламент 1265-жылы чакырылат. Анын курамында барондордон тышкары монахтар, ар бир графтыктан экиден рыцарь жана ири шарлардан экиден өкүл чогулган. Парламент XIV кылымдан **лорддор палатасы** менен **жалпы палата**га бөлүнөт.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Лорддор палатасында король чакырган аристократтар, епископтор, аббаттар жыйналыш өткөрүшкөн. Жалпы палатада болсо рыцарлар менен шаардыктардын өкүлдөрү катышкан.



**83-сүрөт.** Вестминстер сарайы, азыркы Улуу Британиянын парламенти жайлашкан имарат

**Парламент** – француз тилинен **parle** – "сүйлөө" сөзүнөн алынган.

XIV кылымдан баштап парламент салык дайындоодон тышкары, мыйзам чыгаруу жана аны кабыл алууда да катышуу укугуна ээ болот.

?!

1. Норманндар баскынчылыгынын Англия үчүн маанисин мүнөздөп бер.
2. Феодалдык коомдун Англия менен Францияда орнотулуш өзгөчөлүктөрүн салыштырып, айырмачылыктарын аныкта.
3. "Улуу боштондук хартиясын" кандай түшүндүң?
4. Англия парламенти жөнүндө сүйлөп бер.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## 27-§. АНГЛИЯ ОРТО КЫЛЫМДАРДЫН АЯГЫНДА

**Англия жүз жылдык согуштар доорунда.** Жүз жылдык согуштар Англиянын экономикасына да залакасын тийгизет. Король **Ричард II** 1377-жылы өлкөдө кошумча жан салыгын киргизди. 1380-жылы жан башы салыгы 3 эсе ашырылды. Салык чогултуудагы өздөштүрүүлөр, адилетсиздиктер Англияда элдик көтөрүлүштөр чыгышына себеп болду.



**84-сүрөт.** Уот Тайлер көтөрүлүшү

Кедей дин кызматкерлери менен монахтардан элдик ораторлор жетишип чыккан. Эл арасында чоң абройго ээ болгон **Жон Болл**дун өзүнүн кебинде “*Адам Ата жер айдап, Обо Эне ийик ийирген маалда, ким дворян болгон!*” деп айткан кер какшык сөздөрү айылдарда бат-бат кайталанып турган. Жон Болл бул сөздөрү менен бардык адамдар бирдей, ал эми жер болсо аны иштеген адамга таандык экендигин баса белгилеген. Ал архиепископтун буйругу менен камакка алынган.

**Уот Тайлер көтөрүлүшү.** Көтөрүлүш 1381-жылдын май айында салыкчылардын адилетсиздигинен башталып, бат эле Англиянын чоң бөлүгүн өз ичине алат. Көтөрүлүшчүлөр тарабынан куткарылган Жон Болл анын жетекчилеринен бирине айланат. Эссекс жана Кент графтыктары дыйкандарынан турган көтөрүлүшчүлөр тунукечи Уот Тайлердин башчылыгында борборго жол алат. Лон-

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



дондуктар көтөрүлүшчүлөргө шаардын дарбазасын ачып беришет. Королдун жакындарынын, таанылуу төбөлдөрдүн үйлөрүнө өрт коюлат. Күнөөлүү деп табылган төбөлдөр көтөрүлүшчүлөр тарабынан өлтүрүлө баштайт.

Жаш король **Ричард II** көтөрүлүшчүлөр менен сүйлөшүүлөрдү баштоого аргасыз болот. Жолугушууда кабыл алынган "**Майл Энд**" программасы боюнча: дыйкандардын көз карандылыгын жоюуга, эркин соодага уруксат берүүгө, жер салыгын азайтууга ыраазылык берилет. Король менен жолугушуудан кийин көтөрүлүшчүлөрдүн өзүнө ток бөлүгү үйлөрүнө тарайт. Бирок көтөрүлүшчүлөрдүн жакыр бөлүгү буга канааттанбай Лондондо калат жана король менен кайра жолугушуу үчүн Смитфилдге барышат. Жаңы иштеп чыгылган программада феодалдар тартып алган жайлоо жана токойлорду кайтаруу, ибадатканалардын жерлерин дыйкандарга бөлүп берүү, калктын тең укуктуу болушун камсыз кылуу сыяктуу талаптар бар эле.



**85-сүрөт.** Генрих VII Тюдор

Жолугушуу учурунда король төбөлдөрүнөн бири менен тартышып калган Уот Тайлер кагылышууда жаракат алып курман болот. Дүрбөлөңгө түшүп калган дыйкандарга алардын бардык талаптары аткарылышына убада беришип, шаардан чыгууга көндүрүшөт. Бирок алардын изинен жиберилген кошуун алардан аёосуз өч алат.

Көтөрүлүш жеңилгени менен, анын таасиринде Англияда дыйкандардын эмгек милдеттенмелери (барщина) алып ташталат. Көз каранды дыйкандар XV кылымдын ичинде төлөө эсебине боштондукка чыгышат. Салыктар иретке салынат.

**Англия XV кылымда.** Жүз жылдык согуш аяктагандан кийин Англиянын тарыхында **"Кызыл жана ак гүлдөр"** (1455–1485) деп аталган согуштар жүрөт. Бул согушта калктын 1/4 бөлүгү, таанылуу феодал ак сөөк – барондор-

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



дун дээрлик бардыгы кырылып бүтөт. **Йорктор**го каршы Босворт алдындагы чечкиндүү согушта (1485-жыл) жеңип чыккан **Ланкастерлер үй-бүлөсү** колдогон **Генрих Тюдор** Англиянын тактына отурат.

**Генрих VII Тюдор**дун (1485–1509) тушунда королдук бийлик күчөп барат. Согуштарда кырылып бүткөн норманн ак сөөктөрүнүн ордуна лорддор палатасына киргизилген жаңы англо-сакс ак сөөктөрү королдун ишеничин актоого умтулушат. Жалпы палатага чакырылган рыцарлар менен шаардыктар да Генрих киргизген мыйзамдарды бекитүү менен бирге ага жаңы салыктарды чогултууда жакындан жардам беришкен.

?!

1. Жүз жылдык согуш доорундагы Англиядагы ички жагдай жөнүндө эмне айта аласың?
2. Уот Тайлер көтөрүлүшүнө алып келген себептерди көрсөт.
3. Ланкастерлер жана йорктор династиясы согуштарынын Англия саясий тарыхындагы мааниси эмнеде?
4. Генрих VII Тюдор мамлекетте кандай саясат жүргүзгөн?

## 28-§. ГЕРМАНИЯ

**Өлкөнүн чарбасы.** Германияда өндүрүштүк күчтөрдүн өнүгүшү XII кылымдан башталат. Токойлор кыйылып, саздар кургатылып, жерлер эгин аянттарына айландырылат. Эмгек шаймандарынын өркүндөтүлүшү түшүмдүүлүктү жогорулатат. Дан эгиндеринен тышкары зыгыр өстүрүү, багдарчылык, жүзүмчүлүк өнүгөт.

Айыл чарбанын өнүгүшү шаарлардын пайда болушу, жана өнүгүшү менен түздөн-түз байланышкан. **Кёлн, Вормс**, **Франкфурт**, **Ульм**, **Нюрнберг**, **Аусбург**дар ири кол өнөрчүлүк жана соода борборлоруна айланат. Германиянын шаарлары кошуна Франция, Нидерландия, Италия, Венгрия, ошондой эле Балкан жарым аралынын мамлекеттери менен кызуу соода иштерин алып барган. Немис кол өнөрчүлөрү өндүргөн сукно, сурп, металл курал-жарактар жана буюмдар башка өлкөлөрдө да жогору бааланган.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Саясий өнүгүү.** Штауфендер династиясынын эң белгилүү өкүлдөрүнөн бири **Фридрих I Барбаросса** (1152–1190) болчу. Баштап Фридрих өзүнүн баскынчылыгын кресттүүлөр жортуулунан байып кеткен Италиянын шаарларына багыттайт.



**86-сүрөт.** Фридрих I Барбаросса

Буга Милан менен Ломбардиянын бир нече шаарлары гана каршы чыгат. 1158-жылы Ронкаль өрөөнүндө чакырылган сейм (кеңеш) императордун Италиядагы бийлигин чектелбеген деп бекитет. Фридрих I дин Болоньядан чакырылган эң билимдүү укук таануучулары анын кызматына өтүп, мыйзамдар жыйнагын түзүп беришет. Бул мыйзамдар жыйнагында **Фридрих I** "*жердеги тирүү мыйзам*" деп таанылат.

Мындай жагдайда Милtriggerдын жетекчилигинде Ломбардиянын шаарлары баскынчыларга каршы көтөрүлүш чыгарат. Көтөрүлүштү бастыруу учурунда Милан калкына сегиз күндө шаарды таштап чыгуу шарты коюлат. Бирок Милан XII кылымдын 60–70-жылдарында кайра калыбына келип, жаңы салгылашууга даярдык көрө баштайт. 1176-жылы **Леняно салгылашуусу**нда Лиганын кошууну императордун рыцарларын талкалайт. Фридрих I Түндүк Италия шааарларына **коммуна** – эркиндик укугун берүүгө аргасыз болот.



**87-сүрөт.** Рим папасы Иннокентий III

**Иннокентий III** Германиянын саясатына өзүнүн таасирин өткөргөн Рим папасы болду. Ал баштап дээрлик бардыгы тарабынан унутулган Барбароссанын 18 жаштагы небересин герман княздары 1212-жылы король деп таанууcуна жетишет. Кийинки папанын колдоосунда **Фридрих II** арадан сегиз жыл өтүп император деп жарыяланат.

Фридрих II императорлугунун жыйырма жылынан көбүн Италияда, Сицилия королдугунда өткөрөт. Анын сара-

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**88-сүрөт.** Фридрих II

йында араб, византиялык жана еврей окумуштуулары чогулган. Фридрихтин өзү да араб, грек тилдерин билген, латин жана итальян тилдеринде чыгармачылык кылган. Анын Палермодогу сарайы араб халифтеринин сарайларын эстеткен. Император Чыгыш музыкасы менен бийинин, адабияты менен поэзиясынын жана архитектурасынын ышкыпозу болгон. Чыгыш өкүмдарларынын айрымдары менен дос тутунган.

Император мамлекетттин ичинде аракеттенгенде аны жоокерлер жана пил багуучлар отурган пилдер коштоп жүргөн. Пилдердин артынан төө, жолборс, арстан, кабыландарды жетелеп жүрүшкөн. Бул жараян жарандарга күчтүү тасир эткен. Фридрих II нин канцеляриясында каттарды, документтерди жазганда латин тилинин назик жактарынан мыкты пайдалангандыктан, аны бүткүл Европа тууураган. Фридрих I жазган "***Куштар менен аң уулоо***" чыгармасы анын бул иштен жакшы кабардар экендигинен кабар берет; чыгарма азырга чейин сакталып калган. Император бир топ мектептер жана **Неаполь университети**нин негиздөөчүсү болуп саналат. Ал чиркөө же шаар кеңеши тарбынан эмес, император тарабынан ачылган алгачкы университет болгон.

Замандаштары Фридрих II нин мындай жөндөмдүүлүгүнөн таң калып, аны "Дүйнөлүк таң калуу" деп аташкан.

Фридрих II кайтыш кылгандан кийин папалардын жактоочулары штауфендер династиясынын бардык өкүлдөүн тактан четтетүүгө умтулушкан.

Германияда жыйырма жыл бою император таптакыр шайланбайт. Княздар 1273-жылы чогулуп, **Рудольф Габсбург**ду такка отургузушат. Бирок Габсбургдардын баштапкы бийлиги узакка созулбаган **Люксембергдер** династиясына каршы күрөш жүргүзөт. Габсбургдардын 369 жылдык императорлук доору 1437-жылдан башталат.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Германияда Саксониялыктар, Франкония, Штауфендер, Люксембургдар, Габсбургдар династиялары бийлик жүргүзгөн.

**Герман шаарлары.** Немис князьдарынын Балтика боюна баскынчылыктары Германиянын түндүгүндөгү шаарлардын өнүгүшүнө жол ачат. Бул шаарлар XIV кылымдын ортолоруна келип **Ганза уюму**на биригет. Бул уюм экономикалык жана соода-сатык маселелери менен гана алектенип калбастан, XIV кылымдын 70-жылдарында Түндүк деңизде соода боюнча атаандашы Дания королуна олуттуу сокку берет.

Ганза уюмунан тышкары соңку орто кылымдарда Германиянын түштүк жана батыш бөлүгүндөгү шаарлар да өнүгөт. Дунай дарыясын жакалай жайлашкан 90 шаарды бириктирген **Швабия уюму** Италиянын шаарлары менен тикеден-тике соода жүргүзгөн. **Аугсбург**, **Ульм** жана **Нюренберг** шаарлары сукно, сурп, жип-кездеме өндүрүүдө, металл буюм, курал жасоодо алдыңкы орунду ээлеген.

Германиянын шаарлары Ганза жана Швабия соода уюмдарына биригишет.

Рейн дарыясын жакалай жайлашкан батыштагы шаарлар **Кёлн**, **Вормс, Страсбург**дарда металл өндүрүү жана сукно токуу өнүккөн. Алар Нидерландия, Франция жана Италия менен соода жүргүзгөн.

1. Германия (Ыйык Рим империясы)нын өнүккөн орто кылымдардагы чарбасын мүнөздөп бер.
2. Жазуусуз картага Германиянын шаарларын түшүрүп, алар жөнүндө булактардан, интернеттен алган маалыматтарыңды сүйлөп бер.
3. Фридрих I Барбаросса жөнүндө чогулткан маалыматтарыңды сүйлөп бер.
4. Император Фридрих II ни замандаштары эмне себептен «дүйнөлүк таң калуу» деп аташкан? Анын ишкердигинен үзүндүлөр айтып бер.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## 29-§. ОРУС КНЯЗДЫКТАРЫ

**Феодалдык бытырандылык.** Княздыктар бытыранды жана өз ара кандуу согуш абалында эле. Мындан пайдаланган кыпчактардын чабуулдары жагдайды дагы да татаалдаштырып, айрым княздар кыпчактар менен союз түзгөн жана кошуна княздыктарга каршы жортуулдар да жасашкан.

Көптөгөн княздар бул абалдан чыгууну, карама-каршылыктарга чек коюуну ойлой башташат. Киевдин князы **Ярослав Мудрый**дын уулу **Владимир Мономах**тын 1097-жылы Любеч шаарында княздардын биринчи съездин чакырышы да, негизинен, өз ара согуштарга чек коюуга арналат. Съезддин "*ар ким өз жерине ээлик кылсын*" деген маанилүү токтому башка княздарга каршы баскынчылыкты токтотууну көздөгөн болчу.



**89-сүрөт.** Любечтеги съезд. Владимир Мономахтын Киев князы Святополк менен жолугушуусу

Ошол мезгилде Киев князынын аброю төмөндөй түшөт. Ал мурдагыдай орус жерлерин уулдарына каалагандай бөлүп берүү укугунан баш тартууга аргасыз болот. Киев Орусиясы саясий бытырандылык дооруна кирет.

XII кылымдын ортолорунда наараздылык күчөйт. Орусияда ошол маалда өз алдынча 15 княздык болгон. Батухандын баскыны алдынан алардын саны 50 гө жеткен.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Новгород республикасы.** Новгород Киев менен мамилени үзгөн алгачкы княздык болгон. XI кылымда пайда болгон Новгород Орусиянын гана эмес, Европанын да ири кол өнөрчүлүк жана соода борборуна айланат.

Новгород княздыгына, салт боюнча, XI кылымда бийлик өкүлү иретинде Киев князынын туңгуч уулу коюлган. Бирок жылдар өтүшү менен жергиликтүү боярлардын таасири күчөп, алар княздын бийлигин чектей башташат. Ошентип Новгород боярлар республикасына айланып барат.

Новгороддуктардын вечеси Мономахтын небереси **Всеволод Мстиславич**ти 1136-жылы княздык тактынан четтетип, зынданга таштоого токтом чыгарат. Дал ошол учурдан шаар толугу менен феодалдык республикага айланат. Новгороддун саясий турмушунда негизги орун элдик вечеде шайланган шаар акими, шайлана турган “шаар думасы” жана епископтун колуна өтөт.

**Владимир-Суздаль княздыгы. Москва.** Жергиликтүү боярлардын борбордук бийликке каршы күрөшү XII–XIII кылымдарда **Киев**, **Галич-Волынь**, **Владимир-Суздаль** княздыктарында да байкалат. Владимир Мономахтын уулу **Юрий Долгорукий** XII кылымда Волга жана Ока дарыялары бассейниндеги жерлерди башкарган. Княздыкта XI–XIII кылымдарда **Ростов, Суздаль, Ярославль, Владимир, Киев** сыяктуу шаарлар негизделет. Князь Долгорукийдин Киев үстүнөн 1147-жылдагы жеңиши урматына негизделген **Кучково** чеби, кийинчерээк **Москва** деп аталат. Анын урпактары Владимир княздыгын **Иван Грозный**га – XIV кылым ортолоруна чейин башкарат.



**90-сүрөт.** Москва. Юрий Долгорукийге орнотулган айкел

XIV кылымдан баштап Владимир-Суздаль княздыгы жана Москва шаары Орусия жерлеринин биригишине негиз болот.

?!

1. Сенин оюнча, Орусиядагы феодалдык бытырандылыктын себептери эмнеде?

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



2. Орусия княздыктарындагы сыяктуу саясий бытырандылык дагы кайсы мамлекеттерде болгон?
3. Новгород княздыгы эмнеге эгемендүүлүккө умтулган?

## 30-§. ОРУСТАРДЫН БАСКЫНЧЫЛАРГА КАРШЫ КҮРӨШҮ



**91-сүрөт.** Моңголдордун Орусия жерлерин басып алышы

**Моңголдордун Орусиянын жерлерин басып алышы. Чыңгызхан** Орто Азия менен Ирандын түндүгүн басып алгандан кийин, 1223-жылы моңгол кошуундары орус жерлерине да бастырып кирет. Моңголдор орус жоокерлерин атчан кошуундун аракети үчүн ыңгайлуу жерге чыгарып, чабуулда таш-талканын чыгарган.

Чыңгызхандын небереси **Батухан** 1237—1242-жылдары Чыгыш Европада баскынчылык согушун жүргүзөт. Ал баштап Орус княздыктарын, кийинчерээк Польшаны, Сербия менен Болгариянын бир бөлүгүн басып алат.

Орусиядагы феодал бытырандылык моңголдорго оң келет, көпкө курчоодон кийин 1240-жылы Киев алынат.

Батухан жаңы басып алынган жерде **Алтын Ордо** хандыгын түзөт. Борбору **Сарай Бату** (кийинчерээк Сарай Берке) Волганын төмөнкү агымында, азыркы Астрахань шаарына жакын жерде болгон.

Батухан багындырылган калк салык жана төлөөлөрдү тезирээк төлөшү үчүн орус княздарына карата айкөлдүк кылат. **Ярослав**ды "княздар аксакалы" деп дайындап, ага Владимир княздыктарын башкаруу ярлыгын берет.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Моңголдор баскыны орус мамлекетинин экономикалык жана маданий өнүгүшүнө терс таасирин тийгизип, анын өнүгүшүн басандатат.



**92-сүрөт.** Александр Ярославич

**Орустардын немис, швед баскынчыларына каршы күрөшү.** Немис феодалдары XIII кылымдын баштарында Балтика боюнда жашаган **эст, лит** урууларына каршы согуш жүргүзөт. Рим папасы кресттүүлөр жортуулу деп жарыялаган бул согуштан максат жергиликтүү калкты католик динине өткөрүү да болчу. Немис рыцарлары эсттердин жерин ээлегенден кийин, Новгород-Псков чек araларына жакындашат. Немис рыцарларынан кийин швед феодалдары да активдешет. Алар 1240-жылы Неваны жакалап Новгород жерине бастырып киришет.

Ушундай шартта Новгороддун князы **Александр Ярославич** 1240-жылдын 15-июлунда Нева дарыясынын боюндагы салгылашууда шведдер үстүнөн жеңишке жетишет. Жеңиштин урматына князь Александрга **Невский** наамы ыйгарылат.

Новгород-Псков княздыктарынын моңголдор этибарынан четте калган бай жерлери немис рыцарларын да өзүнө тартат. Алардын кошууну 1240-жылы Псковду ээлейт. Ошол жылдын кышында немис рыцарлары Новгороддун чек араларына жакындашат. Мындай шартта Новгородду коргоого Александр Невский башчылык кылат. Князь Суздаль кошуунунун жардамында Псков жана анын айланасындагы жерлерди куткарат. Чечүүчү салгылашуу 1242-жылдын 5-апрелинде **Чуд көлүндө** болуп, Александр Невский жетектеген орус кошуундары немис рыцарлары үстүнөн жеңишке жетишет. Салгылашуу Орусиянын тарыхында “**Муз үстүндөгү салгылашуу**” аты менен калат.

?!

1. Моңголдор Орусия жерлерине каерден өткөнүн картадан көрсөт.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



2. Качан Батухан Орусия жерлерин басып алат?
3. Новгород князы Александр Ярославич кимдерге каршы күрөшкөн?

## 31-§. ОРУС КНЯЗДЫКТАРЫНДА БОРБОРЛОШУУ ЖАРАЯНДАРЫ

**Борборлошуу факторлору.** Моңголдор баскыны натыйжасында Орусиянын жерлери өтө жабыркаса да, экономикалык өнүгүү таптакыр токтоп калбайт. Шаарларда кол өнөрчүлүк, сооданын оңолушу, аймактар ортосундагы байланыштын күчөшү, айыл чарбадагы жылыштар Орусия жерлеринин биригишине жардам берет.

Мамлекеттин биригишине тышкы душмандарга, эң мурда, Алтын Ордонун зулумуна каршы күрөшүү зарылчылыгы да таасирин тийгизет.

**Орусия жерлеринин биригиши.** XIV кылымдын баштарында Владимир княздыгынын **Тверь** жана **Москва** чептери Орусиянын жаңы борборлору катары өнүгө баштайт.


**93-сүрөт.** Орусия князы Дмитрий Донской

Алтын Ордо ханынын ярлыгы боюнча орус жерлеринен салык чогултуу маселесинде Тверь жана Москва княздары ортосунда күрөш жүрөт жана, натыйжада, княздардан бир тобу моңголдор колунда өлөт. Бул күрөш князь **Иван Калита** (1325–1340)нын тушунда гана Москванын пайдасына чечилет. Княздар XIV кылымдын ортолоруна келип кыйла күч чогултат. Бул күч менен Алтын Ордого каршы күрөшүү мүмкүн эле.

XIV кылымдын ортосунан Алтын Ордодо да саясий күрөштөр башталып, ал дээрлик 20 жылга созулат.

Моңголдорго каршы күрөштө Москванын князы **Дмитрий Иванович** 1378-жылы Воже дарыясынын боюнда алгачкы жеңишке жетишет.

Дон дарыясынын жээгиндеги **Куликово талаасы**нда князь Дмитрийдин кошууну 1380-жыл сентябрда Алтын

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Ордонун түмөн башчысы **Мамай**дын кошууну үстүнөн дагы бир жеңишке жетишет. Бул жеңиштин урматына Москва князы **Донской** деген ардактуу наам алат. Бирок арадан эки жыл өтүп **Токтомушхан** кайра Москва үстүнөн өз бийлигин орнотот.

**Жаангер Амир Темур**дун Алтын Ордо үстүнөн 1391-жылы **Кундузча**, 1395-жылы **Тарак** дарыясы жээгинде салгылашуулардагы жеңиштери Орусия жерлери менен Чыгыш Европа элдеринин моңголдор зулумунан кутулушунда чечүүчү факторлор болду.



**94-сүрөт.** Амир Темурдун айкели

Князь **Иван III** түн тушунда 1480-жылы Москва Алтын Ордого бажы төлөөдөн баш тартат. Ошентип Орусия жерлеринде көпкө созулган моңголдор бийлиги аяктайт.

Орус княздыктарынын моңголдор зулумунан азат болушунда Жаангер Амир Темурдун кызматтары кандай болгон?

1. Кайсы шаарлар XIV кылымдын баштарында Орусия жерлеринин борборлору иретинде өнүгө баштайт?
2. Москва княздыгында Алтын Ордого каршы күрөшүү үчүн кандай ыңайлуу жагдай пайда болот?
3. Куликово салгылашуусунун мааниси эмнеде эле?

## 32-§. ЕВРОПА МАДАНИЯТЫ

**Дүйнө жөнүндөгү түшүнүктөр.** Ошол доор адамдары үчүн убакыт таң, күндүз, кеч жана түндөн турган. Адамдын өмүрү жыл мезгилдери: кыш, жаз, жай, күздүн алмашышы менен белгиленген. Ошол эле учурда калк тарабынан үрп-адат жана каада-салттардын аткарылышына сөзсүз түрдө баш ийилген.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**95-сүрөт.** Париж университетинде философиядан доклад окулууда. Орто кылым миниатюрасынан

Адамдар көп жашабаган, алардын орточо өмүрү 40 жаштан ашпаган, 40 тан өтсө, картайган эсептелген. Балдардын өлүмү да көп болгон.

Шаарлардын жана сооданын өнүгүшү натыйжасында адамдарда дүйнөнү көрүү мүмкүнчүлүгү туулат. Ал эми кресттүүлөр жортуулу болсо европалыктар үчүн дүйнөгө эшик ачат. Саякатчылар алыскы өлкөлөрдө жашаган элдердин каада-салттары жана маданияты жөнүндө кызыктуу маалыматтар алып келе баштайт.

Алардан бири венециялык соодагер жана саякатчы Марко Поло эле. Ал өзүнүн "***Марко Полонун китеби***" аттуу чыгармасында саякатчы 1271–1295-жылдарда Алыскы Чыгыш мамлекеттеринде жана Кытайда башынан өткөргөндөрүн сүрөттөйт.



**96-сүрөт.** Оксфорд университети

**Агартуунун өнүгүшү.** Батыш Европанын маданияты XII–XIII кылымдардан өнүгө баштайт. Шаарлардын өсүшү, кол өнөрчүлүк менен сооданын өнүгүшү, Византия жана Араб халифаттыгынын маданияттары менен таанышуу европалыктардын көз караштарын, билим чөйрөсүн кеңитет. Шаарларда менчик жана шаар кеңештеринин башкаруусундагы мектептер саны көбөйөт. Мындай мектеп окуучулары дүйнөлүк билимдерди чиркөө мектептерине караганда тереңирээк алышкан. XII кылымдан ири шаарларда алгачкы жогорку мектептер – **университеттер** ачыла баштайт. Ошонун катарында, **Болонья** жана **Париж**де алгачкы унтверситеттер ачылып, өз доору үчүн мыкты билим берген эң ири университет Парижде болгон. Анын негиздөөчүсү король үй-бүлөсүнүн монахы **Робер де Сорбонн** болгон. Королдун атайын ярлык алган университеттер толук көз карандысыз болгон.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



XIII–XV кылымдарда Европанын дээрлик бардык өлкөлөрү өздөрүнүн университеттерине ээ болушат. Аларды папа жана епископтор, император жана королдор, князьдар жана шаар бийликтери ачкан.

**Университеттер** (латинче, **universitas** – комплекс, жалпылык) – илимдин түрдүү багыттары боюнча адис даярдай турган жогорку окуу жайы. Алгачкы университеттер XII–XIII кылымдарда Италия (Неаполь, Болонья), Испания (Севилья, Валенсия), Франция (Париж, Тулуза), Англияда (Оксфорд, Кембридж) ачылган.

**Магистрлер жана школярлар коомчулугу.** Университет мугалимдер менен окуучулардын коому эсептелет. Университетти окутуучулар – **магистрлер** башкарган. Университеттер көптөгөн артыкчылыктарга ээ болуп, жергиликтүү өкүмдарларга баш ийбеген.

Белгилүү окутуучулардын докладдарына школярлар (окуучулар) Европанын түрдүү бурчтарынан келишкен. Кээде Парижде 30 миңге чейин окуучу бир маалда чогулган. Окуучулардын билим алышы бирдей катмарга таандык школярлар коомдору тарабынан башкарылган. Таалайлуу окуучулар азыркы жатаканаларга окшош **коллегия**ларга орношо алган. Эң байыркы Париж коллегияларынан бири – **Сорбонн**дун аты кийинчерээк бүткүл университетке өткөн. Англияда жана Францияда коллегиялар жаңы окуу мекемеси – **коллеж**дерге негиз болот.

Окутуу **факультет**терде алып барылган, алардын ар бирин **декан** башкарган. Ал эми коомчулуктан жогоруда болсо шайланган **ректор** же бийлик тарабынан дайындалган **канцлер** турган.

Мектеп жана университеттердин өнүгүшү менен китепке болгон талап күчөйт. Китептерди XII кылымдан монахтар эмес, шаарларда атайын ачылган устаканаларда кол өнөрчүлөр даярдашы менен алар арзандай баштайт. XIV кылымдан кагаздан кеңири пайдалануу китеп чыгарууну дагы да көбөйтөт.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Немис инженери **Иоганн Гутенберг** 1445-жылы китеп чыгаруучу станокту ойлоп табат. Бул жаңылык китептин массалык түрдө таралышына алып келет.



**97-сүрөт.** Рожер Бэкон

**Илимдин өнүгүшү.** Оксфорд университетинин профессору **Рожер Бэкон** (XIII кылым) илимде ийгиликтерге илимий байкоолор жана тажрыйбалар жолу менен гана жетишүүгө болорун далилдейт. Өзү оптика, физика, химия илимдери боюнча тажрыйба жүргүзөт. Ал өзү сүзө турган кеме, суу асты кемеси жана абада учкан аппарат жасаса болорун айткан. Анын өмүрү кыйынчылык жана кооп-коркунуч астында, чиркөөнүн кысымында өткөн.

Орто кылымдарда астрология, химия илимдери абдан өнүккөн. Астрологдор асман телолорунун кыймылдарын үйрөнүшүп, келечекти алдын ала айтып берүүгө аракеттенишкен. Королдор, кол башчылар, соодагерлер жана саякатчылар кандайдыр иш баштоодон мурда, албетте, алардан кеңеш алышкан. Алхимиктер ар кандай минералды алтынга айландырган “сыйкырдууу ташты” издешкен. Тажрыйбалар жаңы химиялык бирикме, кислота, минералдык боёктор алуу мүмкүнчүлүгүн берет. Астрологдор жана химиктер өздөрүнүн изденүүлөрү натыйжасында химиялык мешти, тазалоо, айдоо жана фильтрлөө аспаптарын ойлоп табышкан.

?!

1. Орто кылым адамдарынын дүйнө жөнүндөгү түшүнүктөрү кандай болгон?
2. Айтчы, эмне себептен орто кылым адамдары көп жашабаган?
3. Балдар мектептерде эмнелерди үйрөнүшкөн?
4. Университеттер жөнүндө эстеп калгандарыңды сүйлөп бер.
5. Тажрыйбага негизделген илимдин өнүгүшүнө эмне түрткү берет?

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## 33-§. ЕВРОПАДА АРХИТЕКТУРА, КӨРКӨМ ӨНӨР ЖАНА АДАБИЯТ

**Архитектура.** Баштап имараттар, ал тургай сарайлар да жыгачтан курулган. XI кылымга келип Батыш Европада курулуш тармагы да өнүгө баштайт. Курулушта таштан кеңири пайдалануу башталат. Андан алгачкы ибадаткана жана монастырлар курулат. Курулуш үчүн таштары жок Англия жана Польша мамлекеттеринде сарайлар жана ибадатканалар күйдүрүлгөн кыштан курула баштайт. Ал эми Франция, Италия жана Германия архитектурасында баштап **роман стили** үстөмдүк кылган.

Роман ибадатканасы тышкы жагынан чепти эстеткен. Терезенин үстү, ибадатканага киргендеги ички күмбөздөр жарым тегерек формасындагы арктар менен кооздолгондугу анын өзүнө мүнөздүү жактары болуп саналат. Германиядагы **Лаах** монастырынын чиркөөсү (XI кылым) роман стилинин таасын үлгүсү болуп саналат.



**98-сүрөт.** Германия. Лаах монастыры. XI кылым

Салт боюнча эң кооз жана салабаттуу башкы чиркөөнүн имараты шаардын борборунда курулган. Бул аянттын тегерегиндеги үйлөр **готика стили**нде курулуп, ал архитектурадагы роман стилин сүрүп чыгарат. Мындай стилде курулган үйлөр бийиктиги менен өзгөчөлөнгөн. Салабаттуу, оор күмбөздүн ордун шуштугуй бийик күмбөздөр ээлейт. Готика стилиндеги эң белгилүү курулуштар: Париждеги ***Бүбү Марьям ибадатканасы***, ***Руан, Реймс*** жана ***Шартр*** (Франция), ***Милан*** (Италия) ибадатканалары.

**Роман стили** – Батыш Европа көркөм өнөрүндө X кылымдан XII–XIII кылымдарга чейин өкүм сүргөн көркөм стиль. Анда Байыркы Рим архитектурасынын стиль жана элементтеринен кеңири пайдаланылган.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Готика стили** XII кылымдын ортолорунда Түндүк Францияда пайда болду. XIII кылымдын 1-жарымында жогорку деңгээлде өнүктү.

Орто кылымдарда **Византия, араб архитектуралары** да өзүнөн укмуштуу имараттар калтырган. Венециядагы ***Олуя Марк ибадатканасы, Дождор сарайы*** византия стилинде курулган. Испаниянын Севилья шаарында мечит жана ***Ал-Касар сарайы***, Гренададагы ***Ал-Хумро*** сарайлары араб архитектурасынын шедеврлери саналат.



**99-сүрөт.** Франция. Реймс ибадатканасындагы Бүбү Марям айкели

**Скульптура.** Анын өнүгүшү түздөн-түз архитектура менен байланышкан. Чиркөө менен монастырлардын имараттары кудай, олуя жана королдордун айкелдери менен кооздолгон. Айкелдердин негизги буюртмачылары чиркөө болгондуктан, аларда диний тема жогору турган. Эң көп кездешкен Бүбү Марьямдын айкелдери (Европада "**Мадонна**" деп аталат) өзүндө эненин перзентке болгон мээримин туюнткан.



**100-сүрөт.** Париж. Шартр ибадатканасы. Витраж. Бүбү Марям наристеси менен. XII кылым

**Сүрөт көркөм өнөрү.** Роман стилинде курулган ибадатканалардын дубалдары менен шыптарын диний темадагы сүрөттөр коолдоп турган. Готика архитектурасындагы чиркөөлөрдө терезелердин арасында сүрөт тартуу үчүн жер да болгон. Ошондуктан терезелерге кадимки айнектердин ордуна **витраждар** – тунук түстүү айнектерден жасалган сүрөт же өз алдынча коолдоолор салынган.

Китептерди коолдоо үчүн көркөм сүрөт өнөрүнүн жаңы багыты – ***миниатюралар*** ойлоп табылды. Аларда

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



орто кылым адамдары турмушунун түрдүү жагдайлары, дыйкандар менен кол өнөрчүлөрдүн эмгек жараяндары, согуш панорамалары жана башкалар чагылдырылган.

**Миниатюра** (французча, **miniature**; латинче, **minium** – кызыл боёк) – көркөм усулдары өтө назик болгон чакан көлөмдүү көркөм сүрөт өнөрүнүн чыгармасы. Орто кылымдардагы кол жазмаларды кооздоо үчүн жаратылган кооз, чакан сүрөттөр.

**Жаратылышка жана адамга кызыгуунун пайда болушу.** Жаңы маданият ишкерлери адамды үйрөнүүнү өздөрүнүн негизги милдети санашкан. Ошондуктан аларды **гуманисттер** деп аташат. Жаңы Кайра жаралуу, же Гуманизм маданиятынын өкүлдөрү адамды ааламдын борборуна коюп, анын жаратуучулук генийсин таанып билүүгө чакырышат.

Кайра жаралуу термини (фр., **"Ренессанс"**) жаңы маданияттын байыркы доор менен байланыштуулугун көрсөтөт. Чыгышта кресттүүлөр жортуулу жана Левант менен соода-маданият боюнча мамилелери италиялыктарга байыркы грек кол жазмалары, байыркы көркөм өнөр жана архитектуралык эстеликтер менен таанышуу мүмкүнчүлүгүн берет.



**101-сүрөт.** Флоренция

**Ренессанс маданиятынын борборлору.** Бул доордо Италияда **Флоренция** өзгөчө орун ээлеген. Соодадан алынган киреше аны Европанын эң бай шаарларынан бирине айландырат. Шаар акимдери чогулган байлыктардын эсебинен архитектуралык эстеликтерди курдурушкан, скульптура менен сүрөтчүлүктү өнүктүрүшкөн. Эң белгилүү сүрөтчү, скульптор, архитекторлор Флоренциядан болуп, шаар-республиканын акимдери алардын берендүү чыгармачылыгы үчүн шарт түзүп беришкен.

Маданият борборлорунан дагы бири **Венеция** эле. Шаарда XV кылымдан китеп басуу өнүгөт. Венецияда басылган байыркы доор авторлорунун жана гуманисттердин

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**102-сүрөт.** Франческо Петрарка

чыгармалары бүткүл Европада кеңири таралган.

**Алгачкы гуманизм.** Алгачкы Кайра жаралуунун жана гуманизмдин Европадагы баштапкы өкүлү акын **Франческо Петрарка** (1304–1374) болгон. Өзүнүн лирикалык жыйнактары: "*Ырлар китеби*" жана "*Поэзиялык арноолору*" менен акын жаңы Европа маданияты жаратылышынын негиздөөчүлөрүнөн бирине айланган.

Анын достору жана ишин улантуучулары **Бокаччо** менен **Салютати**лердин чыгармачылыгы XV кылымдын баштарында Италияда *алгачкы гуманизм* доорун аяктайт.

**Колюччо Салютати** (1331–1406) Флоренцияда жашап, жогорку мамлекеттик кызматта иштеген. Өзүнүн көп сандагы каттарында жана чыгыштарында Франческо Петрарка менен Жованни Бокаччонун гуманисттик идеяларын дагы да өркүндөткөн. Салютати жогорку идеялуу, билимдүү адамды тарбиялоодо социалдык илимдер: филология, риторика, тарых, педагогика жана этиканын өтө маанилүү экендигин баса белгилеген.

?!

1. Архитектурадагы роман жана готикалык стилдер ортосундагы айырма эмнеде?
2. Көркөм сүрөт жана скульптура өнөрлөрү жөнүндө сүйлөп бер.
3. Гуманисттер кимдер?
4. Кайра жаралуу (Ренессанс) доору дегенде эмнени түшүндүң?
5. Ренессанс маданиятынын борборлору жөнүндө сүйлөп бер.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# V ГЛАВА. АЗИЯ, АМЕРИКА ЖАНА АФРИКА ЭЛДЕРИ

## 34-§. СЕЛЖУКИЙЛЕР МАМЛЕКЕТИ

**Селжукийлер мамлекети.** Орто Азияда **Селжукбек** негиз салган династия башчылыгындагы огуз урууларынын Алдыңкы Азияга жасаган ири жортуулдары XI кылымдан баштап күчөйт. Ички чырлардан алсызданган Чыгыш Рим империясы көчмөн түркий урууларга каршылык көрсөтө албайт. Ал эми Византиянын жалданма кошууну болсо 1071-жылы султан **Алп Арстан**дын кошууну тарабынан **Манцикерт салгылашуусу**нда талкаланат. Император **Роман IV Диоген** согушта туткунга түшөт. Византиялыктар каршылык көрсөтө албагандыктан, көп сандуу түркий уруулар Кичи Азияга аттанат.

**Селжукийлер мамлекети** — Селжукийлер династиясы бийлеген мамлекет (1038—1308). Ага Селжуктун небереси Султан Тогрулбек негиз салган.

**Социалдык түзүлүш.** Огуздар ал учурда уруу-коомчулуктун кризиси, жаңы социалдык мамилелердин пайда болушу баскычында жашашкан. XI кылымдын аягында Кичи Азияны дээрлик басып алган огуздар өздөрүнүн бир топ амирликтерин түзүшөт. Амирликтер Селжукийлер династиясы бийлигин расмий түрдө таанышса да, иш жүзүндө мүлктөрүн өз алдынча башкарышкан.

Көчмөн түркий уруулардын отуруктуу жашоого өтүшү ошол учурдан башталат. Алардын да өлкөнүн түпкү калкы грек, армяндар сыяктуу дыйканчылык жана кол өнөрчүлүк менен алектене баштashы байкалат. Бул жараян XII—XIII кылымдарда Селжукийлерде да феодалдык мамлекеттин толук калыптанышына алып келет.

Өлкөдө калыптанган ири жер ээлөөчүлүк жана салык системасы Чыгыштагы ислам өлкөлөрүнөн айырмаланбаган.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Маанилүү жагы, селжукийлерде мамлекеттик жерлердин менчик жерге караганда көптүгү эле. Мамлекетик жерлердин чоң бөлүгү **ыктаъ** түрүндө аскерлер жана төбөлдөргө кызматы үчүн ыйгарылган. Ыктаъ баштап мурастык мүлк эсептелбестен, кызмат мөөнөтү доорунда пайдалануу шарты менен берилген.

Түркий уруулардын акырындап жергиликтүү калк менен жуурулушу жаңы этнос – **түрк эли**нин калыптанышына негиз болот. Бул жараян XIII кылымдын 20–30-жылдарында күчөйт. Бирок 1243-жылдагы монголдордун баскыны мамлекеттин кийинки өнүгүшүнө терс таасирин тийгизет. XIV кылымдын баштарына келип Кичи Азиядагы Селжукийлер мамлекети таптакыр ыдырап кетет.

?!

1. Кичи Азиядагы Селжукийлер мамлекети качан түзүлгөн?
2. Түрктөрдүн коомдук түзүлүшү жөнүндө эмнелерди эстеп калдың?
3. Жер ээлөөчүлүккө негизделген Селжукийлер мамлекети кайсы кылымдарда пайда болгон?
4. Түрк элинин калыптанышы жөнүндө эмнелерди билесиң?

## 35-§. ОСМОНИЙ ТҮРКТӨР МАМЛЕКЕТИ



**103-сүрөт.** Осмоний түрктөрдүн аскерлери

**Осмонийлер мамлекетинин түзүлүшү. Осмон бейлиги** Кичи Азиянын түндүк-батыш аймагында түзүлгөн эле. Анын кийинки өнүгүшүнө Византия менен кошуна экендиги оң келет. Барган сайын алсызданып жаткан империяга каршы аскердик аракеттер бейликтин жерлеринин кеңейип барышына шарт түзөт. Кеңири баскынчылыктар Осмонийлер кошуунуна башка уруулардан да жоокерлердин келип кошулушун камсыз кылат.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Династиянын негиздөөчүсү **Осмон** (1299–1326)дун тушунда бир топ жортуулдар уюштурулуп, **Бурса** шаары жана анын айланасы басып алынат. Анын уулу **Орхон** Византиянын шаарлары **Никея** менен **Никомедия**ны колго алып, Кара деңиздин жээгине чыгат. Баштап бейликтин бийлөө системасы өтө жөнөкөй болгон. Алсак, бей наамы Осмон менен Орхонга уруу башчыларынын чогулушунда берилген. Бейлердин негизги милдети түркий уруулар аскердик күчтөрүнүн кошуна аймактарды басып алышын камсыздоо болгон. Бейликтин күчөшү аны бийлөөдө да өзгөрүштөргө алып келет. Орхондун тушунда алгачкы жолу **вазир** кызматы киргизилет. Тыйын акча чыгарылып, мамлекеттик жерлер административдик бирдиктерге бөлүнөт. Орхон аскердик реформа өткөрүп, кошуунду жөө жана атчан бөлүктөргө ("мусалламдарга") бөлүп аскердик бирдиктерге айландырат.

**Осмонийлер мамлекети** – Кичи Азия, Чыгыш Европа, Жакынкы Чыгыш, Түндүк Африкада, Кавказ менен Крымдын бир бөлүгүндө *осмонийлер династиясы* бийлеген мамлекет (1299–1922). Негиздөөчүсү – Осмон I.

**Балкан жарым аралындагы баскындар.** Осмонийлердин баскыныына чейин Балкан жарым аралында **Византия, Сербия, Болгария, Босния** өндүү ири мамлекеттер болгон. Бирок, саясий бытырандылык жана ички талаштар аларга түрктөргө каршы биригүүгө жол бербеген.

Балкандагы алгачкы баскындар XIV кылымдын ортолорунда болгон. Түрктөр анын негизги бөлүгүн кийинки отуз жыл ичинде ээлеген. Түрк султаны **Баязид** (1389–1402) бул согуштарда өзүнүн тез жеңишке жетиши менен атагы чыгып – **Йылдырым** (чагылгандай тез, чечкиндүү) наамын алат. Султандын **Константинополду** курчоого алышы Европаны дүрбөлөңгө түшүрөт.



**104-сүрөт.** Баязид менен Амир Темурдун ортосундагы Анкара салгылашуусу. Орто кылым араб миниатюрасынан

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Ошол учурда **Амир Темур**дун Баязидге каршы Кичи Азия жортуулу башталат. 1402-жылдын жайында **Анкара** алдындагы салгылашууда жаангердин кошууну Баязиддин жоокерлерин жеңет. Бул окуя түрктөр тарабынан Константинополдун алынышына жол койбой, Византиянын дагы 50 жыл жашашына мүмкүнчүлүк түзөт.

**Константинополдун кулашы.** Осмонийлердин султаны **Мехмет II** жүз миндик кошуун менен Константинополду курчоого алат.

1453-жылдын майында Константинополь түрктөр тарабынан колго алынат. Византиянын соңку императору согушта курман болот. Осмонийлер шаарды **Станбул** деп атап, ага өздөрүнүн борборун көчүрүшөт.

Европа менен Азияны байланыштырган соода жолдору үстүнөн көзөмөл Византия борборунун алынышы менен түрктөрдүн колуна өтөт. Бул баскынчылык жортуулдары **Осмонийлер империясы**нын түзүлүшү менен аяктайт.

**Осмоний түрктөр жеңиштеринин себептери.** Осмоний түрктөрдүн күчү кудуреттүү мыкты уюшкан атчан жана жөө кошуунга, кол башчылык жөндөмдүүлүгүнө ээ султандарга, өкүмдарга берилген янычарлардын жөө кошуунуна ээ экендигинде эле.

Осмонийлер атчан кошуунду күчөтүүгө өзгөчө көңүл бурушкан. Кошуундун ар бир атчан аскерине жетиштүү деңгээлде киреше бере турган жер-мүлк – **тумори** берилген. Бул жерлер түрктөргө жана аскерлерге гана кызматта болгон учурунда берилген. Натыйжада атчан кошуундун саны 150 миңге чейин жеткен.

Султан Европадагы эң мыкты жөө аскер кошуунуна ээ эле. XIV к. ортолорунан туткунга алынган, ден соолугу мыкты жана күчтүү христиан балдарынан султан гвардиясынын жоокерлери даярдалган. Алар өз тилин жана динин унутушуп, султанга берилген **янычарлар**га айланышкан. Султан согушка ар дайым ошол жоокерлердин коштоосунда кирген. Үй-бүлөсү жана жер-мүлкү болбогон янычарлар султан үчүн жанын да аяшпаган. Алар салгылашууларда жеңиш үчүн чоң салым кошушкан. Кошуунга атак-даңк

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



келтирген кол башчы, жоокерлердин көпчүлүгү янычарлардын арасынан чыккан.

1. Осмонийлер мамлекети качан түзүлгөн?
2. Түрктөрдүн Балкан жарым аралындагы баскынчылыктарын сүйлөп бер.
3. Византия империясынын кулоо себептерин көрсөт.
4. Осмонийлер мамлекети кудуретинин себептерин айтып бер.

## 36-§. МОҢГОЛДОР МАМЛЕКЕТИ

**Коомдук түзүлүшү.** Моңгол уруулары байыртадан Түштүк Сибирь, Манжурия жана Моңголия аймактарында жашап келген. Алардын көпчүлүгү көчмөн мал чарбачылыгы менен алектенген, токойдо жашаган кээ бир уруулар аңчылык жана балыкчылык менен күн көргөн.



**105-сүрөт.** Моңголдордун турмушунан

Моңголдордо байыркы каада-салттар, ал эми диний түшүнүктөрүндө болсо ата-бабалардын рухуна сыйынуу, ошондой эле шамандык ишенимдер жакшы сакталып калган.

Бирок XII кылымдын экинчи жарымынан баштап моңголдордун коомдук мамилелеринде жаңы өзгөчөлүк – мүлктүк жактан катмарлануу күчөйө баштайт. Урууччулук жамааттары өз алдынча көчмөн чарба – **айыл**дарга бөлүнүп, ар бир айыл өзүнүн чарбасы – чарба малдарынын ээсине айланат. Урууларда бай үй-бүлөлөр, болочок монгол ак сөөктөрү калыптана барат. Көпчүлүк уруу башчылары – *ноёндор* уруулаштарынан нөкөр алып, аскердик бөлүк түзүшөт. Мүлктүк катмарлануу шарттарында турмуштун өзү аларды аскердик уруу союздарын түзүүгө аргасыз кылат; аларды **хандар** башкарат. Күчтүү уруу союздары багындырылган кошуналарынан бажы-төлөмдөрүн алып турушкан.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Шамандык** – жаман жана жакшы рухтарга, алардын адам турмушуна таасир көрсөтүшүнө ишенүү шамандыктын негизин түзөт.

Бул уруу союздары чогулуш жана курултайларда эң маанилүү: согуш, келишим жана союз түзүү, хан шайлоо сыяктуу маселелерди чечишкен.



**106-сүрөт.** Чыңгызхан

**Чыңгызхандын мамлекети.** Монгол уруулары ортосундагы өз ара согуштарда **Темучин** (1155–1227) жеңип чыгат. 1206-жылы Онон дарыясынын боюндагы курултайда ал улуу хан деп жарыяланат. Башкы шаман жалпы элдин алдында Темучинге **Чыңгызхан** даражасын берет. Чыңгызхан сөзү "күчтүү", "кудуреттүү", "таза" маанилерин билдирген.

Өлкөнү борборлоштуруу максатында Чыңгызхан **Каракорум** чебин өзү башкарган мамлекетинин борборуна айландырат. Моңголдор кошуунду күчөтүүгө чоң маани беришкен. Тынчтык учурунда мал чарбачылыгы менен алектенген моңголдор согуш башталары менен ондук системадан турган регулярдуу кошуунга айланар эле. Талоончулук баскындары көчмөндөр үчүн негизги машыгуу саналган.



**107-сүрөт.** Монголдордун кошууну

**Моңголдордун кошууну.** Көчмөндөрдүн кошууну үчүн согушка даярдануунун зарылчылыгы да болбогон. Моңголдордун жашоо мүнөзү каалаган учурда атты токуп, жолго түшүүгө ыңгайлашкан эле. Моңголдор көчмө үй – боз үйлөрдө жашашкан. Жортуулга даярданганда, же жер которуу учурунда боз үйдү тургузуу үчүн болгону бир саат, жыйнап төөгө жүктөгөнү андан да аз убакыт кеткен.

Моңголдордун эң сүйгөн куралы жаа болгон, жоокер душманын жүздөгөн метрден кулата алган. Жоокерлердин

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



көпчүлүгү найза жана кылыч менен куралданган. Ар бир көчмөндө күндөлүк турмушта болсун, согуш учурунда болсун, албетте, аркан болууга тийиш эле. Кошуна өлкөлөрдү басып алууда Чыңгызхандын кошууну дубал бузганда атайын курулма – *таран*дан пайдаланууну мыкты өздөштүргөн.

Көчмөндөрдүн кошууну адатта үч бөлүккө бөлүнгөн: борбор жана эки канат. Согуш башталганда борбор калптан чегинген, душман алардын артынан түшсө, канаттар чабуулга өтүп, чегинип жаткандар да кайра согушка кирген. Негизги кошуундан тышкары Чыңгызхандын колунда "**кешик**" деп аталган атайын гвардия да түзүлөт. Кешик өзгөчө кырдаалдар үчүн ар дайым күжүрмөн абалда сакталган.

Согушту чебердик менен башкаруу, күчтүү атчан кошуундун болушу, кошуна өлкөлөрдөгү саясий бытырандылык моңголдорго жеңиш алып келген.

**Басып алуулар.** Чыңгызхан 1211-жылы Түндүк Кытайга каршы согуш баштайт. Мамлекеттин толук басып алынышы анын урпактары доорунда аягына чыгат.

Жети-Суу жана Чыгыш Түркстанга каршы 1218-жылы башталган баскындар Харезмшахтар мамлекетинде 1219–1221-жылдардагы баскындар менен улантылат. Ооганстанды, Чыгыш Иранды ээлеп, Кавказ аркылуу 1223-жылы Кыпчак талаасына чыгат. Калькандын жээгинде кыпчактарга жардамга келген орус кошууну жеңилет.

1224-жылы Чыңгызхан басып алынган жерлерди уулдары **Жөжү, Чыгатай, Актай, Тулу**га улус кылып бөлүп берет. **Актай**ды тактын мураскору кылып дайындайт.

**Улус** (моңголчо – *мамлекет, эл, адамдар*) – Чыңгызхан перзенттерине мүлк иретинде бөлүп берген моңголдор басып алган аймактар.

1. Моңгол уруулары жашаган аймактарды жазуусуз картага түшүр.
2. Моңголдордун турмуш-тиричилиги эмнелерден турган?
3. Чыңгызхан мамлекети кандайча пайда болгон?
4. Моңгол кошуундарынын түзүлүшүн сүйлөп бер.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



5. Өзбекстандын тарыхынан алган билимиңе таянган түрдө моңголдордун Харезмшахтар мамлекетине жасаган баскындары жөнүндө сүйлөп бер.

## 37-§. АЛТЫН ОРДО ХАНДЫГЫ



**108-сүрөт.** Алтын Ордо ханынын кабылдоосунда

**Жаңы баскынчылык.** Моңголдордун 1235-жылы болуп өткөн курултайы Орусия жана Түндүк Кавказ жерлерин басып алуу жөнүндө чечим чыгарат. Чогула турган кошуунга **Батухан**дын жетекчилик кылышы жарыяланат. Улустардан он аскерден бири ажыратылышына, Батуханга жардамга Чыңгызхандын кол башчыларынан **Субутай Бахадур**дун берилишине келишилет. Бату менен Субутай 1237-жылдын күзүндө орус жерлерине чабуул жасап, баштап **Рязан**ды басып алышат. Орусиядагы саясий бытырандылык моңголдого каршылык көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк да бербестен, 1238–1240-жылдары **Владимир**, **Суздаль**, **Киев**, **Галич**, **Волынь** жана башка шаарлар басып алынат.

1243-жылы Актайдын кайтыш кылышына байланыштуу Батухан Волга бою талааларына кайра тартат. Ошентип Батухан басып алган Волга бою, Түндүк Кара деңиздин жээктери, Түндүк Кавказ, Молдавия аймактарында, орус жазма булактарында баяндалышынча, **Алтын Ордо** деп аталган **Жожү улусу** калыптанат.

**Алтын Ордо, Жожү улусу** – XIII кылымдын 40-жылдары башында Жожүхандын уулу Батухан (1236–1255) негиздеген мамлекет.

**Бийлөө системасы.** Алтын Ордону Батухан жана анын урпактары башкарган. Маанилүү маселени чечүүдө курултай чакырылган. Аткаруу бийлигинин башчысы **бектербеги** бо-

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



луп, канцелярия иштерин **вазир** башкарган. Ал жетектеген канцелярия салык, каржы, соода иштерин жөнгө салган. Орусияда бардык княздар Алтын Ордодон башкаруу ярлыгын алат. Владимирдин князы **Ярослав** алардын “чоңу” деп таанылат. Басып алынган аймактар түмөндөргө бөлүнгөн.

Багындырылган жерлерде моңголдор баштап өздөрүнүн салттык бийлөө системасын киргизишет. Басып алынган талаалар Батунун инилерине берилип, алардын **сүйүргал** мүлкүнө айланат. Сүйүргалдын ээлери хандын кошуунуна белгиленген сандагы жоокер беруүдөн тышкары, калктан алынган салыктын бир бөлүгүн да жөнөткөн.

XIV кылымга келип Алтын Ордо **улус** деп аталган төрт чоң аймакка бөлүнөт. Бул аймактардын **улусбеги** кошуун башчысы болгондон тышкары, өз аймагын бийлөө боюнча бардык маселелерди да чечкен. Алтын Ордонун кошуунун бектербеги башкарган. Ал көчмөн ак сөөктөрүнүн башчысы саналып, кээде хандан да жогору абройго ээ болгон. Мындай жагдай айрым учурларда кандуу жаңжалдарга да себеп болгон.

Алтын Ордо хандыгында мамлекет башкаруунун өнүгүшү төбөлдөрдүн күчөшүнө алып келген.



**Сүйүргал** (моңголчо – *сый, белек*) – өкүмдар тарабынан мамлекеттин алдында өзгөчө эмгек сиңирген ири төбөл же кол башчыга берилген мүлк, жер-суу. Сүйүргалга берилген жер укумдан-тукумга мураска калган.

**Салыктар.** Моңголдор элди ондук системасына бөлүү максатында калкты каттоону жүргүзүшөт. Бул иш XIII кылымдын ортолорунда болуп, каттоонун аягында өлкөнүн калкы “**чыгаша**” деп аталган чоң төлөөгө тартылат. Андан тышкары калктан шашылыш салык – **талап** да чогултулган. Ханга согуш баштоо үчүн каражат керек болсо, орус княздарына талап жиберип, аёосуздук менен чогултуп алынган. Салык менен бажы төлөнүшүн атайын дайындалган моңгол өкүлдөрү – **баскактар** көзөмөлгө алган.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**109-сүрөт.** Баскак орус айылында

Орус княздары Алтын Ордонун кудуретин туура баалап, баскынчылар менен тынчтыкта жашоого аракеттенишкен. Мындай иш-чаралар ошол жагдайда княздар өзүнүн элин сактап калышы, алардын кулдукка алынып кетпестигинин жалгыз жолу эле. Тынчтык саясатын Владимирдин князы **Ярослав** баштап, анын уулу **Александр Невский** уланткан. Князь Александр Алтын Ордого бир нече жолу барган. Моңголияда жергиликтүү төбөлдөрдүн урмат-сыйына татыктуу болгон. Бул иш кийинчерээк орус жерлеринен бажы алууну моңгол баскактарына эмес, орус княздарынын бирине тапшырылышына алып келген.



**110-сүрөт.** Князь Александр Алтын Ордо ханынын кабылдоосунда

**Тышкы саясат.** Тышкы саясат менен хан, анын кеңешчилери, ошондой эле бектербеги алектенген. Алтын Ордо Чыгыш Европанын күчтүү бир мамлекети болгондуктан, Европанын королдору, Рим папалары, Византия императорлору жана Түрк султандары хан сарайы менен достук мамилелерде болууга умтулушкан.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Иранда өз алдынча мамлекет түзгөн **Хулоку** жана анын мураскорлору Алтын Ордо менен Кавказ артына ээлик кылуу үчүн атаандаша баштайт. Бул эки моңгол мамлекетинин кошуундары салгылашууларда кагылышып, кээде тигил, кээде бул кошуундун колу күчтүү келген. Согуштардын биринде 1266-жылы Батухандын иниси Беркехан курман болгон. Хулоку улусуна каршы күрөштө Алтын Ордо Египет султандары менен союз түзгөн.

**XIV–XV кылымдарда Алтын Ордо.** XIV кылымдын биринчи жарымында Алтын Ордо мамлекети өз күч-кудуретинин туу чокусуна чыгат. Бул жараян **Өзбекхан** (1312–1342) жана анын уулу **Жаныбек** (1342–1357)тин ысымы менен тыгыз байланышкан. Алтын Ордонун кудуретин белгилеген факторлордон бири исламдын кабыл алынышы болду. Өзбекхан 1314-жылы исламды мамлекеттик дин деп жарыялайт. Ага каршылык көрсөтмөкчү болгон ак сөөктөр, ал тургай тууагандары да кырып салынат.

Моңгол мамлектинин негиздөөчүсү Чыңгызхан бардык диндерге бирдей мамиледе болууну осуят кылган болчу. Анын урпактары бул осуятты аткарууга аракаттенишкен. Алтын Ордонун борбору Сарай шаарында ар түрдүү диний ибадатканалар курулган. Батухандын тушунда шаар Сарай Бату деп аталган.

Өзбекхан менен Жаныбектин тушунда Алтын Ордонун шаарлары гүлдөгөн. Алар экономикалык жана маданий турмуштун борборуна айланган. **Сарай Бату** жана **Сарай Берке** дүйнөнүн эң ири шаарлары катарында болгон.

Жаныбектин өлүмүнөн кийин Алтын Ордо такты үчүн күрөш башталган. **Токтомушхан** XIV кылымдын аягында аны он беш жылга кайра бириктирген. Бирок мамлекет тарыхынын кайгылуу доору анын бийлигине туш келген. Буга Токтомуштун Мавараунннахр өкүмдары **Амир Темур** менен атаандашканы себеп болгон. Амир Темур Жөжү улусуна каршы үч жолу жортуул жасайт. Токтомуштун 1395-жылы Түндүк Кавказда Амир Темурдан жеңилиши **Сарай**, **Сарай Берке**, **Астрахань** шаарларынын ойрондолушуна алып келген Ошондон кийин соода жолдору түштүк жакка жыл-

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



ган. Амир Темурдун жортуулдары Алтын Ордону таптакыр алдан тайдырат. Алтын Ордо XV кылымдын биринчи жарымынан бир топ хандыктарга бөлүнүп кеткен. Алардан эң ирилери **Крым**, **Казань**, **Сибирь**, **Казак** хандыктары, ошондой эле **Ногой Ордосу** болгон.

?!

1. Китептеги 108, 109, 110-сүрөттөргө кунт менен байкоо жүргүзүп, аларды кандай жалпы мазмун бириктиришин сүйлөп бер.
2. Алтын Ордонун башкаруу системасында Чыгатай улусу менен кандай окшош жана айырмалуу жактары бар экендигин иликте
3. Алытн Ордо хандыгында кандай салыктар жана милдеттенмелер киргизилген?
4. Алтын Ордо кандай тышкы саясат жүргүзгөн?
5. Алтын Ордо хандыгынын Амир Темурдан жеңилиши кандай натыйжаларга алып келди?

## 38-§. КЫТАЙ

**Экономикалык өнүгүү. Цун** династиясынын (960–1279) бийликке келиши менен Кытайда узакка созулган саясий бытырандылыкка жана өз ара согуштарга чек коюлду. Натыйжада өлкө чарбасынын өнүгүшүнө шарт түзүлдү. X кылымдан сууну бийигирээк жерлерге чыгаруучу курулмалардан кеңири пайдаланыла башталды. Чыгырдан пайдалануу эгин аянттарын көбөйтүү мүмкүнчүлүгүн берген. Суу тегирмендеринин жардамында шалыны тазалоо, май алуу, ун тартуу барган сайын кеңири колдонула баштайт.

Өнүккөн орто кылымдарда Кытайда император, аскердик ак сөөктөр жана төбөлдөргө тиешелүү мамлекеттик жерлер азайып, жер ээлөөчүлөрдүн менчик жерлери көбөйүп отурат. Менчик жерлер жаңы ачылган дың жана тоо алды жерлердин эсебинен да кеңиген. Карыздын эсебине кедейлерден жеринин тартып алынышы да феодалдар менчик жерлеринин көбөйүшүнө өбөлгө түзөт. Ошентип XI кылымдын баштарында эгин аянттарынын жарымы ири жер ээлөөчүлөрдүн колуна өтөт. Бул жерлерде негизинен ижарачы дыйкандар эмгектенишкен.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Кытайда эркин дыйкандардын негизги бөлүгүндө 30–40 му жер болуп, мамлекет аларды колдоого умтулган. Дыйкандар өздөрү жетиштирген продукциялардан мамлекетке жылына эки жолу салык төлөгөн. Жердин салыгы шалы жана буудай менен төлөнсө, пилла баккан үй-бүлөлөр салыкты кездеме менен да төлөгөн.

**Шаарлар жана кол өнөрчүлүк. Кайфин, Ченду** жана **Учан** шаарлары Кытайдын ири соода жана кол өнөрчүлүк борборлору эле. Кытайдын соодасында суу жолдору өзгөчө мааниге ээ болгон. Көпчүлүк шаарлар деңиздердин жана дарыялардын жээктеринде, суу жана кургактык соода жолдорунун тоомунда пайда болгон.

Шаарлардын өнүгүшү кол өнөрчүлүктүн тез темптер менен өнүгүшүн камсыз кылган. Кытайда айнукса кол өнөрчүлүктүн салттык түрлөрү: карапачылык, чыны буюмдар жасоо мыкты өнүккөн. Кытай шарларында көптөгөн дүкөндөр жана устаканалар орун алган эле.

Кытайдын түштүгүндө кол өнөрчү-токуучулар шайы кездеменин ондогон түрлөрүн даярдашкан. XII кылымда жибектен шайы туурдук – **панно** токуу ойлоп табылып, кеңири таралат. Кытайда пахтачылык да барган сайын кеңири жайылып, XIV кылымдан андан кездеме даярдоо да жолго коюла баштаган.

Индия Азия пахтасынын мекени болуп саналат. Андан кийин пахта Орто Азияга кирип келген. Кытайга пахтанын уругун баштап өлкөбүздүн соодагерлери алып барган.

Цехтин мүчөсү болуу Кытай кол өнөрчүлөрү үчүн милдеттүү эле. Европадагы сыяктуу Кытайдагы цехтерде да орун басар жана шакирттердин саны, алардын эмгек шарттары, даярдалган буюмдун сатылышы, өнөр сырларынын сакталышы көзөмөлгө алынган.

**Моңголдордун баскыны.** Баштап Кытайдын түндүгүндө түзүлгөн моңголдор мамлекети **Хубилай**дын хандыгы тушунда өз таасирин өлкөнүн борбордук жана түштүк аймакта-

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



рына да өткөрөт. Кытай 1279-жылы толук багындырылып, жаңы моңголдор династиясы **Юань** (1279–1368) деп аталат. Моңголдор Кытайдагы жерлерди дыйкандары менен кошо бөлүп алышат. Бирок дыйканчылыкта чарба жүргүзүү усулдары жана салыктар мурдагы бойдон калат.

Моңголдордун тушунда төлөмдөрдүн ашып барышы дыйкандар менен кол өнөрчүлөрдүн гана эмес, соодагерлердин да ойронун чыгарат. Бийлик токтоосуз өсүп бара жаткан каражаттардын ордун толуктоо үчүн кошумча кагаз акча чыгара баштайт. Бул болсо акчанын барксызданышына, продукция менен кол өнөрчүлүк буюмдарынын кымбатташына себеп болот.



**111-сүрөт.** Европалык соодагерлер Хубилайдын кабылдоосунда

Хубилай өлкөнү башкаруунун кытайча усулун колдонуу менен жергиликтүү төбөлөрдүн кызматынан баш тартат. Мамлекеттик кызматчылардын арасынан ар түрдүү улут өкүлдөрүн кездештирүү мүмкүн эле. Алсак, венециялык саякатчы жана соодагер Марко Поло Хубилайхандын сарайында чоң кызматты ээлеген.

**Мин династиясынын бийлиги.** Моңгол империясы кризисинин башталышы менен XIV кылымдын ортолорунан Кытайда да элдик боштондук кыймылдар күчөйт. Хенан жана Шандун аймактарында 1351-жылы башталган дыйкандар көтөрүлүшү бүткүл өлкөнү өз ичине алат. Көтөрүлүшкө монах **Чжу Юань-Чжань** жетекчилик кылат. 1368-жылы моңголдордун эзүүсүнөн эркиндикке чыккан Кытайда Юань-Чжань негиздеген **Мин империясы** өзүнүн ишкердигин баштайт.

1368-жылы Кытайда Юань-Чжань негиздеген Мин империясы түзүлөт.

Мин кошуундары моңголдордун артынан түшөт жана алардын борбору **Каракорум**ду ээлеп, өрттөп салат. Ошентип көчмөндөрдүн Кытайга жасаган чабуулдарына чек ко-

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



юлат. Мында кытайлыктарга ок-дары (порох) жана замбиректерден пайдалангандыгы жардам берет.



**112-сүрөт.** Кытай императору Юань Чжань

Мамлекеттин чарбасын калыбына келтирүү үчүн кол өнөрчү жана соодагерлерден алынган төлөмдөр азайтылып, кулдарды азат кылуу жөнүндө мыйзам кабыл алынат. Жасалма сугаруу курулмалары, каналдар, дамбалар жана суу сактагычтар калыбына келтирилет. Эгин аянттары кеңейип, мамлекет калкынын саны да көбөйүп отурат.

**Кытай XV кылымда.** Өлкөдө ири жер ээлөөчүлөр бийлигинин чыңалышы менен моңголдор баскынчылыгы издерин жоготуу үчүн дыйкан, кол өнөрчү жана соодагерлерге берилген артыкчылыктар менен жеңилдиктер жоюлат. Дыйкандарга бөлүп берилген мамлекеттик жерлер тартып алынып, кол өнөрчүлөр менен соодагерлерден алынган салыктар ашырылат.

XV кылымдын баштарынан Мин династиясынын Амир Темурдун империясы менен болгон мамилелерине доо түшөт. Амир Темурдун капыстан кайтыш кылышы гана Кытайга каршы жортуулдун ишке ашпай калышына себеп болот, бул болсо Кытайга 1406-жылы Вьетнамды, кийинчерээк Моңголияны басып алууга жол ачат.



**113-сүрөт.** Чжан Хе

Өлкөнүн экономикалык өнүккөндүгү **Чжан Хе** башкарган аскердик флотто таасын көрүнөт. Курамында 62 кеме, 30 миң жоокери болгон экспедиция 1405–1433-жылдары Зонд архипелагы, Шри Ланка, Индияга 7 жолу чабуул уюштурат. Анын кемелери Ормуз (Фарс) булуңу, Чыгыш Африка жээктерине чейин сүзүп барган. Мусулман болгон **Чжан Хе** Меккени зыярат кылган. Бул экспедициялар Кытайдын аброюн ашырып, ага тышкы сооданы кеңитүү мүмкүнчүлүгүн берген. Кытай императорлору 1415–1420-жылдары Са-

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



маркандга **Улугбек**тин сарайына да элчи жөнөткөн. Бирок Темурийлер мамлекетинин аброю бийиктигинен, ага Кытай басым жасай албаган.

XV кылымдын ортолорунан экономикалык кризистин башталышы өлкөнүн өнүгүшүнө жана тышкы саясатына терс таасирин тийгизет.

?!
1. Мамлекет чарбасынын өнүгүү себептери эмнелерден турган эле?
2. Кытайдын басып алынышы жана Юань династиясынын бийлиги кандай ишке ашырылган?
3. Мин династиясынын бийлиги кандай болгон?
4. Чжан Хе деген кимдигин жана анын жасаган иштерин сүйлөп бер.

## 39-§. ЯПОНИЯ

**Коомдук мамилелер.** Японияда жер ээлөөчүлүк мамилелери XI–XII кылымдарда толук калыптанган. Бул мезгилге келип жер ээлөөчүлөрдүн мүлктөрү – **цёендер** пайда болгон. Мындай жерлер мурастык болуп, бардык салыктардан азат кылынган. Жер ээлөөчүлөр өздөрүнүн жерлерин кедей дыйкандарга ижарага беришкен.

Японияда ири жер ээлөөчүлөр белгилүү катмарларга бөлүнгөн. Алардан эң абройлуулары – **ханке** деп аталган. Алардын вассалдары **рёкалар** болгон. Аскердик бөлүктөрдүн жоокерлери болсо **самурайлар** деп аталган. Аларга кожоюндары аскердик кызматы үчүн жер-мүлк берген. Жылдар өтүп Япония самурайларынын бир бөлүгү Европа рыцарлары сыяктуу өз алдынча катмар, майда дворяндарга айланат. Өздөрүнүн жерлерине ээ болбогон жоокерлер аскердик олжолордун же сеньорлорунун эсебинен күн өткөргөн.


**114-сүрөт.** Минамото

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Мамлекеттин саясий түзүлүшү.** Японияда башка өлкөлөрдөн айырмаланган саясий түзүлүш калыптанган. Өлкөнү XII кылымдан **микадо** – император башкарган. Ал өлкөдөгү бардык жерлердин ээси саналган. Ал эми ак сөөктөр болсо анын төбөлдөрүнө жана өкүлдөрүнө айланган. Аймактардагы өкүлдөрдүн өз алдынча башкарууга умтулушу болсо көпчүлүк учурларда саясий бытырандылыкка алып келген.

Императордун бийлиги начарлап, көп узабай чыныгы бийлик өлкөдөгү эң күчтүү жер ээлөөчү, аскер башчы – **цёгундун** колуна өткөн. Баштап **цёгун**дук XII кылымдын баштарынан жергиликтүү төбөлдөрдөн болгон **Минамото** тарабынан орнотулган. Ал самурайлардан түзүлгөн кошуун менен душмандарын жеңип, империянын борбору **Киото**ну колго алат. Бирок Минамото өлкөнү өзүнүн **Камакура**дагы чептен – сарайынан туруп башкарат. Ошентип Японияда кош бийлик пайда болот.



**115-сүрөт.** Япон жоокери

Өлкөдө дыйкандардын абалы өтө оор эле. Салыктардын жогорулап барышы элди аябай кыйнаган. Жазма булактарда жазылышынча, XIV–XV кылымдарда япон айылдарында ачарчылык бат-бат кайталанып турган. Ачарчылык көбүнесе түрдүү жугуштуу оорулардын таралышы жана көптөгөн адамдардын курман болушу менен аякталган.

**Япония шаарларынын өнүгүшү.** Японияда орто кылымдарда шаарлар өнүгүп, аларда кол өнөрчүлүк жана соода аябай өнүккөн. Япондор кытайлыктардан шайы жибек, металл жана лак өндүргөндү өздөштүрүп алышкан. Мамлекетте байыркы замандардан темир, жез, алтын жана күмүш казып алынган. Ал эми япон усталары бул минералдардан эң сонун куралдарды жасашкан. Куралсаздар жасаган кылычтар сапаттуулугу менен бүткүл дүйнөгө таанылган. Жазма булактарга караганда, 1483-жылы соодагер-

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



лер чет өлкөлөргө 67 миң даана кылыч алып кетишкен. Япон чынысы, желпүүрлөрү, сөөк жана баалуу таштардан жасалган көркөм өнөр буюмдары, пахта жана жибектен согулган кездемелер да чет өлкөлөрдө жогору бааланган. Ошол мезгилде Япондор Корея, Кытай, Вьетнам, Таиланд, Филиппин мамлекеттери менен кызуу соода жүргүзгөн. Өлкөдө – **Цакаи, Хёго, Хаката, Нагасаки** сыяктуу ири, калк жыш жашаган порт-шаарлар болгон.

?!
1. Японияда XI–XII кылымдарда жаңы түзүлүш кандай калыптанып барган?
2. Япониянын башкаруу системасы башка Азия өлкөлөрүнөн эмнеси менен айырмаланган?
3. Цёгун даражасынын маанисин айт.
4. Япониянын шаарлары кандай өнүккөн?

## 40-§. КОРЕЯ



**116-сүрөт.**
Чосондун мифологиялык негиздөөчүсү Тангун

**“Таңкы салкындык” өлкөсү.** Чосон (корейсче, “Таңкы салкындык”) – алгачкы корейс мамлекети. Анын негиздөөчүсү болуп уламыштар каарманы **Тангун** саналат. Тангун Пхеньянда **Чосон королдугу**на негиз салган. Корейстер Тангундун доорун корейс элинин түптөлүү доору деп эсептешет.

Өз ара күрөштөр жана кытайлыктар менен болгон согуштар биздин заманга чейинки I кылымда Чосонду үч королдукка – **Пекче**, **Силла** жана **Когурё**го бөлүнүшүнө алып келди.

**Үч королдук доору. Когурё**нун түзүлгөн доору жөнүндө тарыхчылар бир пикирге келе алышпаган. Бирок ал IV–V кылымдарда Корея жарым аралынын түндүк бөлүгүн, кошуна Ляодун жарым аралын ээлеген ири мамлекет болгон. Когурё королдугунун кошууну күжүрмөндүгү менен айырмаланып турган. Алар кошуна аймактарды биринин артынан бирин багындырган. IV кылымдын баштарында Когурё кытайларды

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



өз жеринен кууп салат жана ар тараптан өнүккөн кудуреттүү мамлекетке айланат. Бул доордо дыйканчылык, металл куюу, токуучулук, кол өнөрчүлүк, соода өнүккөн. Кийинчерээк анын ордуна **Пархе** мамлекети негизделет. **Пархе королдугу** IX кылымдын биринчи жарымында кудуреттүү мамлекетке айланган. Королдук Япония менен элчилик мамилелерди орнотот. X кылымда көчмөн кидандардын соккусунан мамлекет бөлүнүп кетет.

Корея жарым аралынын түштүк бөлүгүндө III–IV кылымдарда **Пекче** мамлекети түзүлөт. Пекче королдугу IV кылымда борборлошкон мамлекетке айланат. Алгачкы Будда сүрөттөрү Японияга Пекче королдугу тушунда жетип барат. Орто кылымдарда пекчелик дарыгерлер, кол өнөрчүлөр, окумуштуулар азыркы Япониянын коомдук жана маданий турмушуна чоң таасирин тийгизишкен. Ал тургай пекчелик окумуштуу **Ван Ин** Япония тактынын мураскоруна устат болгон. Пекче династиясынын өкүмдарлары аркылуу Кореяга кытай жазуулары – иероглифтер жана буддизм кирип келет.

**Силла королдугу** Корея жарым аралынын түштүк-чыгышында жайгашкан. Баштап ал Үч королдуктун ичинде эң начары болгон. 668-жылы Кытайдагы Тан династиясы менен союз түзүп, Корея жарым аралын өз бийлиги астына бириктирет жана Корея кайра бир мамлекетке айланат. Өлкөнүн биригиши Кореяда жер элөөчүлүк мамилелеринин толук калыптанышында чоң роль ойнойт. Ички согуштарга чек коюлушу, кошуна мамлекеттер менен тынчтык орнотулушу өлкөдө өндүрүштүк күчтөрдүн өнүгүшүнө чоң жол ачат.

VIII кылымдын ортолорунда королдуктун алтын доору башталды. Ошол мезгилде өлкө өнүгүүнүн туу чокусуна чыгат.

**Корё королдугу.** Кол башчы **Ван Гон** тарабынан Корё династиясына (918–1392) негиз салынган. Мамлекеттин борбору **Сонак** шаары (азыркы Түндүк Кореядагы Кесон) болгон. Корея аталышы Корёдон алынган. Ван Гон өз алдына Когурё королдугунун түндүк-чыгыш Кытайда жоготкон аймактарын кайтарып алуу милдетин коёт. Бирок бул милдет ишке ашпай калат.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Кийинки жылдарда Корё королдугу өз ара күрөштөрдөн алсызданып калат. Мындан пайдаланган моңголдор 1231-жылы Корё королдугун басып алат жана 1368-жылга чейин аны кол астында кармап турат.

**Чосон королдугу.** Корё королдугу Кытай баскынчыларын өлкө аймагынан айдап салгандан кийин, Корё аскер башчыларынан бири **Ли Сон Ге** 1392-жылы акыркы Корё өкүмдарын тактан түшүрүп, жаңы **Ли династиясы**на (1392–1910) негиз салат. Анын тушунда өлкө кайра Чосон аталышын алат. Борбор Кесондон **Хансон**го (Сеулга) көчүрүлөт. Королдук XV кылымдын ортолорунда экономикалык жана маданий жактан өнүгөт.

1. Байыркы Чосон королдугу кандай королдуктарга бөлүнүп кеткен?
2. Үч королдук доору жөнүндө эмнелерди эстеп калдың?
3. Корё королдугуна ким тарабынан негиз салынган?
4. Корея королдуктары жөнүндө сүйлөп бер.

## 41-§. ИНДИЯ

**Дели султандыгынын түзүлүшү.** XI–XII кылымдарда Индиянын түндүк аймактарында түрк жана ооган урууларынын чабуулдары жана жайлашуусу күчөгөн. Мусулмандар басып алган аймактарда 1206-жылы борбору Дели болгон султандык түзүлөт. Дели султандыгынын алгачкы өкүмдары **Кутбиддин Айбак**тын кошуунунун негизин түркий уруулардан турган атчан аскерлер түзгөн. Султан аймактардын өкүлдүгүнө аскер адамдарын, кошуун башчыларын дайындаган.

1206–1526-жылдары Дели султандыгы өзүнүн иш-кердигин жүргүзгөн.

Индияны басып алуу учурунда жергиликтүү жер ээлөөчүлөрдүн белгилүү бөлүгү жок кылынса, башкалары жер-мүлкүн таштап өлкөдөн чыгып кеткен. Ири жер ээлөөчүлөрдүн дагы бир бөлүгү султандын бийлигин кабыл

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



алып, анын кызматына өткөн. Султан алардын жардамы менен жергиликтүү калктан салык жыйнаган, калкты баш ийдирүүдө да жер ээлөөчүлөргө таянган. XII–XIII кылымдар ичинде Дели султандыгынын бардык аймактарында мусулмандар бийлиги толук орнотулат. Султан Кутбиддин Айбактын өлүмүнөн кийин такка **Шамсиддин Элтутмуш** (1211–1236) келет. Анын бийлиги тушунда Панжаб, Синд жана Бенгалиялар багындырылат.

**Жер ээлөөчүлүк.** Дели султандыгында жерлер өкүмдарга таандык болгон. Мамлекетте жер ээлөөчүлүктүн негизги түрү **ыктаъ** болгон. Аймактагы бийлик өкүлдөрү чогулган салыктардын 10–20 % ын өзүндө калтыруунун эсебине зарылчылык туулганда султанга өзүнүн кошуунун берүүгө тийиш эле.

Жер ээлөөчүлүктүн дагы бир түрү **холиса** деп аталган. Холиса мамлекетке караштуу жерлер болуп, андан алынган салыктар казнага түшкөн жана мамлекеттин сарптарына, атайын кошуунду тейлөөгө иштетилген.

Жер-мүлктөрдүн белгилүү бөлүгү жергиликтүү инди феодалдарына таандык эле. Дели султандыгында **вакф** жерлери жана султан белек кылган жерлер да болгон.

**Дели султандыгы XIV–XV кылымдарда.** Элтутмуштун өлүмүнөн кийин өлкөдө так үчүн күрөш башталат. Бул согуштарда жеңип, тактыны ээлеген **Алауддин Хижжий** реформа жүргүзүп, мамлекеттин казнасын байытат. Хижжий күчтүү кошуун түзүп, ээнбаш феодалдарды багындырат. Бул мамлекетке убактылуу болсо да өлкөнүн мурдагы кудуретин калыбына келтирүүгө жардам берет. Дели султандыгында күчтүү жана тартиптүү кошуундун болушу түндүктөн моңголдордун чабуулун кайтаруу мүмкүнчүлүгүн берет.

Хижжийдин уулу **Мухаммад Туглук** 1325-жылы такка отурат. Ал өзүнүн бийлигин атасынын тушунда көз карандысыздык жолуна түшкөн княздыктарды багынтуудан баштайт. Өзүн "Искендер Зулкернейндин ишин улантуучусу" деп атаган султандын тушунда Индия жарым аралы толук бириктирилет.

Султандын салык боюнча реформасы кургакчылык себептүү натыйжасыз аяктайт. Туглуктун алтын жана күмүш

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



тыйындар менен тең мамиледе болушу көздө тутулган жез тыйындарды чыгарышы анын көп узабай барксызданып кетишине, эки реформанын тең натыйжасыз аякташына алып келет.

Кийинки өкүмдар **Ферузшах Туглук**тун тушунда салыктар азайтылып, мамлекеттик жерлер дыйкандарга ижарага бөлүп берилет. Анын бийлиги тушунда айыл чарбасынын, кол өнөрчүлүктүн өнүгүшү султанга элдин колдоочусу иретинде даңк алып келет. Бирок өлкөдө XIV кылымда башталган саясий бытырандылыктын курчушу натыйжасында кээ бир княздардын көз карандысыздыкка умтулуу жараяны да күчөп барат.

Делинин кийинки султаны **Махмут** 1398–1399-жылдары Амир Темурдун кошуунуна каршы күрөшөт. Бирок тажрыйбалуу кол башчы Махмуттун кошуундарын жеңип, Делини басып алат. Жаангер Самаркандга көптөгөн инди кол өнөрчүлөрүн, архитекторлорун алып кайтат.

Ошондон кийин Индия чакан княздыктарга бөлүнүп кетет. Арадан он жылдар өтүп **Сайййиддер династиясы** (1414–1451) такка келет. Сайййиддердин династиясын ооган урууларынын башчысы **Бахлул Лодий** (1451–1489) тактан түшүрөт. Анын небереси **Ибрагим Лодий Захириддин Мухаммад Бабур**га каршы күрөшөт.

?!
1. Дели султандыгы качан жана ким тарабынан түзүлөт?
2. Индияда жер ээлөөчүлүктүн кандай түрлөрү болгонун айтып бер.
3. Дели султандыгында XIV кылымда кандай реформалар өткөрүлдү?
4. Жаангер Амир Темурдун Индияга жасаган жортуулун эсте жана сүйлөп бер.

## 42-§. АМЕРИКА ОРТО КЫЛЫМДАРДА

**Чарбанын өнүгүшү.** Окумуштуулардын пикиринче, Америка материгине алгачкы адамдар Түндүк Азиядан азыркы Беринг кысыгы аркылуу улуу муздук доорунда, мындан 40 миң жыл мурда өтө башташкан жана бул жараян көпкө

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



созулган. Натыйжада бул жерлерде европалыктар келгенге чейин эле көп сандуу уруулар жана элдер калыптанган.



**117-сүрөт.** Индеецтердин турмушунан

Бул уруулардын негизги бөлүгү аңчылык жана балыкчылык менен алектенген. Бирок Борбордук жана Түштүк Американын тоолуу жана тоо алды зоналарында дыйкан чарбасы куралып, кеңири өнүккөн. Бул аймактарда **кечуа, майя, ацтек, олмек** жана **толтек**тер жашаган. Алар таш балталар менен токойдогу дарактарды кыйып, алардын бутактарын күйдүрүп, күлүнөн жер семирткич катары пайдаланышкан. Бул жерлерде европалыктарга белгилүү болбогон жүгөрү, картошка, күн карама, помидор, какао, тамеки эгиндери өстүрүлгөн.

Американын чоң бөлүгүндө колго үйрөтүлгөн жаныбарлар болбогон. Жылкылар, уйлар, койлор жана эчкилер материкке кийинчерээк Европадан алып келинген. Алар үй жаныбарларынан түндүктө итти, ал эми түштүктө болсо төө сымал ламаны багышкан. Канаттудан күрп менен өрдөк багылган.

Темир, соко, дөңгөлөк, ок аткан куралдарды америкалык индеецтер билишпеген. Алардын эмгек жана аңчылык шаймандары таш, жез жана жыгачтан жасалган. Калктын чоң бөлүгү уруучулук коомунда жашашкан. Дыйканчылык менен алектенген майя, ацтек жана кечуалар гана өздөрүнүн мамлекеттерин түзүшкөн.

Орто кылымдарда майя, ацтек жана кечуалар өздөрүнүн мамлекеттерин түзүшкөн.

**Майялар мамлекети.** Борбордук Американын *Юкатан жарым аралында* (Азыркы Мексика) байыртадан майя эли жашап келген. Заманабыздын I миң жылдыгында майяларда шаар-мамлекеттер пайда болот. Алардын ар бирин ***“улуу адам”*** – өкүмдар башкарып, анын бийлиги мураска калган.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Ацтектер мамлекети** Борбордук Американын азыркы Мексика аймагында жайлашкан. Бул жерлерге түндүктөн келген ацтектер чоң көлдүн ортосундагы аралдарда XII кылымда **Теночтитлан** шаарын негиздешип, жасалма дамба, ибадаткана жана сарайлар курушат.

Ацтектерде жер кемчил болгондуктан, көлдүн түбүнөн балыр жана түшүмдүү ылайка алып чыгып, салда "***калкыма талаалар***" да жасашкан. Мындай эгин аянтынан бир нече жолу түшүм алынган.

Ацтектер уруучулук коомунда жашашкан. Коомдун башчылары шайланган. Эгин аянттары коом мүчөлөрүнө бөлүп берилген. Өкүмдар уруудан **тлатоани** – аскер башчы шайланып, ал жогорку өкүмдар гана эмес, башкы ибадаткана кызматкери милдетин да аткарган.



**118-сүрөт.** Орто кылымдардагы Теночтитлан шаары

Ацтектер чарбасынын негизин сугарма дыйканчылык түзгөн. Эң маанилүү эгин жүгөрү болуп, андан мол түшүм алынган.

Ацтектерде кол өнөрчүлүктүн карапачылык, токуучулук, жез менен алтындан зергердик буюмдары жасоо тармактары жакшы өнүккөн. Алар минералдарды билбегендиктен, балта менен бычакты таштан жасашкан. Зергерлер баалуу таштарды кайра иштетишип, мозаика менен сарай жана ибадатканалдарды коздошкон. Ацтек кол өнөрчүлөрү айнымса кооздолгон идиштерди жасоодо, кездемелер менен канаттуунун куш жүнүнөн тоос сымал түрлөнгөн саймалар саюуда аябай чебер болушкан.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Куруучулар дамбаларды, каналдарды курушуп, чийки кыш же таштан жасалган устундардын үстүндө үйлөрдү тургузушкан. Базарларда товар алмашуу аркылуу соода жакшы өнүккөн.

**Инктер мамлекети.** Түштүк Американын Анд тоолорундагы оазистерде инктер мамлекети түзүлгөн. *Кечуа* тилдерине таандык *инктер* XII–XIII кылымдарда Урубамба дарыясынын бассейнинде **Куско** шаарын негиздешет.

Инктер башка уруулардын жерлерин басып алып, Анд тоолорунан Тынч океанга чейин болгон чоң аралыкта бийлик орнотушат. Бул мамлекетти **Жогорку Инка** башкарган. Ал "*Күндүн уулу*", анын жердеги символу саналган. Калк түрдүү жаратылыш күчтөрүнө жана жер-суунун кудайларына сыйынган. Алар багындырылган калкка өздөрүнүн маданиятын өткөргөн. Натыйжада баштап уруу аты болгон "*инк*" термини артыкчылыктарга ээ катмар – ак сөөктөрдүн жалпы атына айланган.



**119-сүрөт.** Инктердин жоокерлери

Инктерден саналбаган башка калктын өкүлдөрү жамаат болуп жашап, бийлик жүргүзгөн катмар үчүн иштеген. Жамаат дыйкан үй-бүлөлөрдөн түзүлгөн болуп, алардын ар бирине белгилүү эгин аянты бириктирилген. Жамааттар алган түшүмдүн 2/3 си мамлекетке жана ибадатканаларга тапшырылган. Өлкөдө расмий түрдөгү кулчулук болбогону менен, жамааттын мүчөлөрү аёосуз иштетилген жана алар дээрлик укуксуз болушкан.

Тоолуу аймактар дыйканчылык үчүн ыңгайсыз болгон. Коомдун эркектери жалама аскаларды оюп, таштын үстүнө түшүмдүү топурак төшөгөн. Мындай топуракты жамгыр жууп салбастыгы үчүн айланасына кыдырата таш тизип чыгышкан. Инктердин негизги эгиндери жүгөрү менен картошка болгон. Дыйкандар, ошондой эле ашкабак, пахта, ананас, банан өстүрүшкөн. Түшүмдүн бир бөлүгү

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



ибадаткана кызматкерлерине, экинчи бөлүгү Жогорку Инкага берилип, калган үчүнчү бөлүгү коомго калтырылган. Мамлекеттик кампага түшкөн азык-түлүк продуктуларынан кошуунга жана төбөлдөргө берилген. Согуш же түшүмсүз жылдары, түрдүү табигый кырсыктар учурунда жабыркагандарга мамлекеттик кампадан жүгөрү уну жана кургатылган картошка таратылган.

Өлкөдө мал чарбачылыгынын орду да өзгөчө маанилүү болуп, лама жана алпакалар эти, жүнү үчүн гана өстүрүлбөстөн, алардан унаа катары да пайдаланышкан. Инктерде кол өнөрчүлүк жакшы өнүккөн. Алтын, күмүш өндүрүү, алардан буюм жасоо, карапачылык жана зергердик, токуучулук, боёкчулук жана курулуш тармактары абдан өнүккөн.

Борбор **Куско**ну аймактар менен байланыштырган, жалпы узундугу 15 миң километр болгон таш жолдор төшөлгөн, аймактардын ортосунда почта кызматы уюштурулган. Атайын чабармандар чуркаган бойдон бири-бирине кабарды жеткирип, аны алыс аралыктарга алып барышкан.

?!

1. Америка түпкү калкынын турмуш-тиричилиги жөнүндө сүйлөп бер.
2. Майялардын тарыхы жана маданияты жөнүндө эмнелерди билесиң?
3. Ацтектер кимдер? Алар жөнүндө сүйлөп бер.
4. Инктер мамлекети качан жана каерде пайда болгон?

## 43-§. АФРИКА ЭЛДЕРИ ОРТО КЫЛЫМДАРДА



**120-сүрөт.** Африкалык жоокерлер

**Африканын калкы жана чарбасы.** Калктын негизги бөлүгү I миң жылдыктын аягына чейин тышкы дүйнөдөн ажыраган абалда жашаган. Материктин тропик токойлору менен чөлдөрүндө аңчы жана теримчи уруулар жашаган. Африканын Египеттен башка жерлеринде жашаган аз сандуу дыйкандар түйнөктүү эгиндерди өстүргөн.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Саванна аймактарында жерди түшүмдүү топурагы бар жерлерге ылайыкташкан темир тиштүү чапкылар менен иштетишкен. Сахаранын тегерегинде жарым көчмөн, жарым отурук уруулар да негизинен мал чарбачылыгы менен алектенген. Чөлдүн түштүгүндө **барбар**лар менен **туагер**лерде, Батыш Африкада **фульбе**де, Чыгышта **масаи**, **галла, цидамо, тигрелерде** мал чарбачылыгы негизги чарба болгон.

**Африканын алгачкы мамлекеттери. Гана.** Африканын чыгышында Египет, Аравия, Индия менен болгон соода мамилелеринин таасиринде байыркы замандардан **Нубия** жана **Аксум** (азыркы Эфиопия) мамлекеттери түзүлгөн эле. Араб соодагерлери VII кылымдарда Батыш Судан жерлерине Жер Ортолук деңизи жээктеринен Африкада жогору бааланган туз жана башка товарларды алып барышкан. Соода жолдорунун тоомунда ири чептер: **Аукар, Гана, Томбукту, Гао, Мали** пайда болгон. Мусулман соодагерлерден тышкары жергиликтүү ак сөөктөр да чептерде жашаган. Алар кийинчерээк пайда болгон мамлекеттердеги бийликти колго алышат. Орто кылымдарда Нигер, Сенегал дарыяларынын бассейндеринде алгачкы мамлекеттер: **Гана, Мали, Сонгаи** түзүлөт. Алардын алгачкысы Батыш Судандагы **Гана** болгон. Ал VIII кылымда куралып, X кылымда өнүгүүнүн туу чокусуна чыгат.

**Гана, Мали, Сонгаи** жана **Аксум** – Африканын орто кылымдардагы алгачкы мамлекеттери.

Гананын киреше булактарынан бири соодадан түшкөн бажы төлөмдөрү эле. Анын негизги бөлүгүн четтен келген соодагерлер: арабдар, барбарлар, еврейлер төлөшкөн. Бирок өлкөнүн чоң байлыгы алтын болгон. Гана падышасы жана ак сөөктөрү алтын менен туздун соодасынан чоң киреше алышкан.

Падышанын күчтүү кошууну болуп, анын курамындагы 200 миң аскердин дээрлик 40 миңин жаачылар, ал эми белгилүү бөлүгүн атчан аскерлер түзгөн. Марокконун султаны **Абу Бакр** 1076-жылы чоң кошуун менен Гананы

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



басып алып, аны тоногон. Бул окуялардан кийин **Гана**нын падышасы Мароккого көз каранды болуп, бажы-жасак төлөгөндөн тышкары, ак сөөктөрү менен бирге ислам динин кабыл алууга аргасыз болот. Элдик көтөрүлүштүн натыйжасында марокколуктардын бийлигине чек коюлганына карабастан, Гана мамлекети ыдырап кетет.



**121-сүрөт.** Мали өкүмдары Муса I

**Мали мамлекети.** Мали мамлекет катары VIII кылымда пайда болот. Гана мамлекетинин өркүндөшү Малинин кийинки өнүгүшүнө тоскоолдук кылган. XI кылымдан Малинин калкы исламды кабыл алат. Бул болсо өлкөгө мусулман соодагерлеринин көчүп келишин тездетирет. Өлкөдө кол өнөрчүлүк менен сооданын өнүгүшү натыйжасында XIII кылымда Мали өнүгүүнүн туу чокусуна чыгат. Анын өкүмдары **Сундиата Кейт** (1230–1255) көп сандуу күчтүү кошуун түзөт. Бул кошуундун жардамында ал кербен жолдору өткөн аймактарды, алтын кендерин, ошондой эле Гананын жерлерин басып алат. Малинин өкүмдары басып алынган аймактардын өкүлдүгүнө туугандары менен жакындарын дайындайт. Өкүлдөр болсо, өз кезегинде, кол башчылар менен төбөлдөргө жер-мүлктөрдү белекке беришкен. Жергиликтүү калктан салык өндүрүү да өкүлдөрдүн милдетине кирген. Көп узабай бүткүл араб дүйнөсүндө Малинин атагы чыгат. Анын өкүмдары **Муса I** 1324-жылы Меккеге ажы сапарын уюштурат. Муса I өзү менен сапарга көптөгөн алтын алып, айкөлдүк менен аларды жолдо таратып барат. Өкүмдарды 8 миң жоокер менен 500 кул коштоп, бул чоң кербен 10–12 тонна алтынды өзү менен ала кеткендиги божомолдонот. Бул окуядан кийин көптөгөн жылдар бою араб дүйнөсүндө алтындын баасы төмөн болгон.

Малинин борбор **Ниара** жана башка шаарларда кооз сарайлар, мечиттер курулат, кол өнөрчүлүк жана соода өнүгөт. Бирок коомдук мамилелерде уруу ак сөөктөрүнүн орду сакталып калат. Малинин өкүмдарлары өз

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



жакындарынын так талашышынан чочуп, көбүнесе сарай кызматчыларын, кол башчыларды, ал тургай жоокерлерди да кошуна урууларднн өкүлдөрүнөн алышкан.

Мали калкынын негизги бөлүгү айылдарда жашап коомдордон, коомдор өз кезегинде ири патриархаттык үй-бүлөлөрдөн турган.

XIV кылымдын аягына келип феодалдык бытырандылык Малинин алсызданышына себеп болот. Мали XV кылымда кризиске чалдыгып, бөлүнүп кетет.

**Мали мамлекети** VIII–XV кылымдарда өкүм сүргөн. XIII кылымда өз өнүгүшүнүн туу чокусуна чыккан. Борбору **Ниара** шаары болгон.

**Сонгаи мамлекети.** Гана менен Малинин түндүк-чыгышындагы **сонгаи** уруулары ири соода борборлорунан бири Гаонун айланасында жашаган. 1-миң жылдыктын баштарында сонгаилер түзгөн мамлекет Малинин таасиринде болгон. Малинин алсызданышы исламды кабыл алган сонгаилер өкүмдары **Алми**ге XIV кылымдын аягында аларды жеңип, борбору Гао болгон өз алдынча мамлекет түзүү мүмкүнчүлүгүн берет. **Сонгаи мамлекети** XIV–XV кылымдарда аябай күчөйт. Ал Нигер дарыясы бассейнинде өзүнүн бийлигин толук орнотот.

Мамлекет аймактарга бөлүнүп, аларды өкүмдардын жакын адамдары башкарган. Сонгаинин негизги киреше булагы транзиттик соода жана алтын кендери эле. Калктан өндүрүлгөн салыктар да тынымсыз жогорулап отурган жана казнаны толуктоо каражаттарынан бири болгон. Ал эми төбөлдөргө берилген жер-мүлктөрдө болсо кулдар иштеген. Мезгил өтүп кулдар көз каранды дыйкандарга айланат. Алардын урпактары чакан жер-мүлктүн эркин ээлерине айланып, мамлекетке салык төлөшөт. Сонгаиде атайын жалданма кошуун да түзүлгөн эле.

Өлкөдөгү өз ара согуш, талаштар мамлекетти алсыздандырып жиберген. Мындан пайдаланган Марокконун султаны XVI кылымдын аягында Сонгаини басып алат.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Сонгаи мамлекети** XIV кылымдын аягынан өз алдынча ишкердик көрсөткөн. Борбору – **Гао** шаары. Марокко султаны XVI к. аягында басып алган.



**122-сүрөт.** Аксум падышалыгы. Шах Лалибели ибадатканасы

**Аксум мамлекети.** Азыркы Эфиопиянын түндүгүндө илгери Аксум мамлекети түзүлүп, анын өнүгүшү IV–V кылымдарга туура келет. Аксумдун өкүмдарлары кербен жолдору жайлашкан Аравиянын түштүк жээктерин, Түштүк Судандын бир бөлүгүн ээлешкен. Бул мамлекет Рим империясы, кийинчерээк Византия менен жылуу экономикалык жана маданий карым-катышта болгон. Ошол себептен Аксумдун өкүмдары жана анын ноёндору христиан динин кабыл алышат.

VII кылымда Аксумдун кошуунун Араб халифаттыгынын жоокерлери женип, Аравия жарым аралынын түштүгүндөгү жерлерин тартып алган. Аксумдагы жагдай X кылымга келип татаалдашып, мамлекет ыдырап кетет,

Уламыштарга караганда, Аксумдун биринчи өкүмдары **Манелик** – падыша **Сулайман**дын Аравия канышасынан төрөлгөн уулу болгон. Бул Аксумдун Аравия менен карым-катышы илгертеден жакшы болгонун, династиянын аты тарыхый негизге ээ экендигин көрсөтөт.

?!

1. Африкада орто кылымдарда жашаган элдер менен урууларды санап бер.
2. Африка калкынын чарбасы кандай өнүккөн?
3. Гана, Мали, Сонгаинин тарыхынан эмнелерди эстеп калдың?
4. Сенин оюнча, Аксум жана башка Африка өлкөлөрүнүн өнүгүшүндө айырма барбы?

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## 44-§. АЗИЯ, АМЕРИКА ЖАНА АФРИКА ЭЛДЕРИНИН МАДАНИЯТЫ

**Түрктөрдүн маданияты.** Осмонийлерде XV кылымдын аягында маданияттын түрдүү тармактары өнүктү. Өлкөдө **Мехри хатун** жана **Молдо Махмут** сыяктуу бир топ акындар жетишип чыкты. Түрк архитектурасы түрдүү өлкөлөрдөн алып келтирилген уста-куруучулардын тажрыйбасынан пайдаланып өнүгүп отурган. Улуту грек **Хожа Синон** курган укмуштуу архитектуралык шедеврлер аны бүткүл дүйнөгө таанытты. Ал өзүнүн ишкердиги доорунда 300 дөн ашуун мечит, медресе, сарай, фонтан, мончо жана көпүрөлөрдүн курулушуна жетекчилик кылган.

Илимдин түрдүү багыттары ичинде географиянын өнүгүшү, айныкса, көңүл бурарлык жагдай. Түркиялык деңиз саякатчысы **Пири Раис**тин чыгармалары, анын Жер Ортолук, Кара жана Эгей деңиздеринин атласы – "***Бахрия***" дүйнө илиминдеги эң чоң жетишкендик эле. **Эвлия Челабий**дин "***Саякатнаама***" жана **Хожа Халифа**нын "***Жаханнаама***" чыгармаларында араб жана дүйнөнүн түрдүү өлкөлөрү жөнүндө баяндалат.



**123-сүрөт.**
Пулгукса ибадатканасы

**Корейс маданияты. Сечжон Улуу** (1418–1450) салык системасында реформа өткөрөт, мамлекеттик бийликти өркүндөтүп барат. Анын тушунда корейс маданияты жана көркөм өнөрү өнүгүп-өсөт. Алгачкы жолу корейс улуттук университетине негиз салынып, анда классикалык кытай адабияты үйрөтүлөт. Будданын ибадатканасы эсептелген **Пулгукса** курулат. Король Сечжон мамлекеттин даанышман жана шыктуу өкүмдары болгон. Анын бийлиги тушунда агартууда, илим-билим жаатында жана айыл чарбасында чоң ийгиликтерге ээ болушат. Король



**124-сүрөт**
Сечжон Улуу

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**125-сүрөт.** Ацтектердин сүрөттүү календары

Сечжондун катышуусунда жаңы календарь түзүлөт, жамгырды мурдатан аныктай турган аспап, шамалдын ылдамдыгын жана багытын белгилей турган аспап, күн жана суу сааттары, жылдыздардын картасы жаратылат. Сечжон Улуунун жетекчилигенде король академиясынын окумуштуулары корейс алфавитин жаратышат.

**Америка элдеринин маданияты. Майялар**дын экономикалык-маданий өнүгүшү биздин замандын баштарында жазуунун жаралышына шарт түзөт. Ибадаткана кечилдери кыл калемде иероглифтерди жазышып, аларды сүрөт менен коосдошкон.

Майялардын турмушунда кечилдер маанилүү орунга ээ болушкан. Алар коомдун мүчөлөрүнө дыйканчылык жумуштарынын мөөнөтүн белгилеп беришкен. Майялар эң анык календарлардан бирин жаратышкан. Математикада "*нөл*"дү билдирген белги майяларда индилерден да мурда киргизилген. Мамлекеттин борбору **Чичен-Ицада** обсерватория курулган. Анда кечилдер планеталардын Күндүн айланасындагы кыймыл убактысын эсептеп чыгышкан жана Күн менен Айдын тутулушун алдын ала айтып бере алышкан.



**126-сүрөт.** Чичен-Ицадагы обсерватория

Майялар атайын дөңсөөлөр жасап, бийик фундамент үстүнө өздөрүнүн тепкичтүү пирамида, сарай жана ибадатканаларын курушкан. Сарай жана ибадатканалардын терезелери жок болуп, жарык эшиктен кирген. Шаардын көчөлөрү түз жана тегиз курулган.

**Ацтектер** майялардын ойлоп табуулары негизинде календарь түзүшкөн. Пиктографиялык жазуу калыптанган. Ацтектердин дини көп кудайлыкка негизделген. Кудайлардын

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



ичинен эң абройлуусу, согуш кудайы урматына адамдар да курмандыкка чалынган. Ибадаткананын кечилдери эл ичинде өзгөчө урмат-сыйга ээ болгон.

**Пиктографиялык жазуу** (латинче *pictus* – сүрөттүү жана грекче *grapho* – жазамын, сүрөттүү жазуу) – маалыматтын негизги мазмунун сүрөт же сүрөттөрдүн удаалаштыгы аркылуу эстеп калуу максатында сүрөттөө.

Борбор Теночтитланда ак сөөктөрдүн перзенттери жана карапайым элдин балдары үчүн башка-башка мектептер болгон. Элдин баласына мектепте дыйканчылык, кол өнөрчүлүк жана аскердик иш үйрөтүлгөн. Ак сөөктөрдүн балдары болсо тарых, сулуу жазуу, окуу, эсептөө, астрономия, поэзия, ораторудук өнөрлөрүнүн негиздерин үйрөнүшкөн. Теночтитланда ар жылы гимн, поэмалар жазган ырчы-акындардын ортосунда кароо-сынактар өткөрүлүп, жеңүүчүлөргө сыйлыктар берилген.



**127-сүрөт.** Кипу – түйүндүү кат

**Инктер.** Ак сөөктөрдүн балдары атайын мектептерде окушкан. Жазуу болбогондуктан, балдар инктердин динине, башкаруу тартибине, мыйзам жана салттарга тиешелүү маалыматтарды жаттап алышкан. Алардын өзүнчө "***түйүндүү каты***" (кипу) болуп, анын сырлары дин кызматкерлерине гана белгилүү болгон.

Инктер математика, астрономия, география, медицина, ботаника жана башка илим тармактары боюнча терең билимге ээ болушкан. Алардын анык календары 12 айга бөлүнгөн. Дарыгерлери адамдын баш сөөгүнө операция жасаганды билишкен.

**Африка элдеринин маданияты.** Африка элдеринде укумдан-тукумга өтүп келген укмуштуу уламыш, жомоктор көп болгон. Алар баалуу тарыхый булактын милдетин аткарган.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**128-сүрөт.** Бениндеги шахтын сарайында жезден иштелген жоокер-добулбасчы

Африка элдеринин ичинде өз жазуусуна ээ болгондору да бар эле. Алсак, Аксумда IV кылымда эле жергиликтүү жазуу реформасы жүргүзүлөт. Бул алиппе Эфиопияда азырга чейин сакталып калган. Аксумда курулуш тармагы аябай өнүккөн. Ошол маалда курулган сарайлар жана христиан ибадатканалары бүгүнгө чейин сакталып калган.

Батыш Судан элдери маданиятынын өнүгүшүнө арабдардын тийгизген таасири чоң. Ислам дини кабыл алынгандан кийин бул жерлерде араб өлкөлөрүнөн келген уста жана архитекторлор мечит, сарай, коомдук имараттар, оорукана, мончо, сейил бактар курушкан. Мусулман мектеп жана медреселери ачылат. Алсак, Томбукту медресесинде теологиядан тышкары тарых, фикх, математика, астрономия сыяктуу илимдар окутулган.

Африкалыктар көркөм өнөрдө да чоң ийгиликтерге жетишкен. Жыгач жана жезден жасалган айкелдер, бет каптар кооздугу менен адамдарды азыркы күндө да таң калтырат. Бениндеги шах сарайынан жезден иштелген падыша, анын жакындарынын бөртмө сүрөттөрү табылган. Аларда аң уулоо, согуш жана сарай турмушу көрүнүштөрү чагылдырылган.

Африка элдеринин орто кылымдардагы өнүгүшү Азия жана Европа өлкөлөрүнө салыштырмалуу кыйла артта калгандыгына карабастан, калк турмушта ийгиликтерге жетишип, өзүнө мүнөздүү материалдык жана руханий маданият жаратты.

?!

1. Осмоний түрктөрдүн маданиятынан эмнелерди эстеп калдың?
2. Корея маданиятына таандык негизги жетишкендиктерди санап бер.
3. Американын кайсы жергиликтүү эли пиктография жазуусун жараткан? Дагы кандай жазууларды билесиң?
4. Агартуудагы өзүнө мүнөздүүлүктөр эмнелерде чагылдырылган?
5. Африка элдеринин маданияты жөнүндө сүйлөп бер.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## МААНИЛҮҮ ТАРЫХЫЙ ДАТАЛАР

**III кылым** – Кытайдын Хан империясы ордунда Вей, Шу жана У мамлекеттеринин түзүлүшү.

**320–340-жылдар** – Индияда Чандрагупта I бийликте болгон жылдар.

**395-жыл** –Рим империясынын Батыш жана Чыгыш Рим империяларына бөлүнүшү.

**IV–VI кылымдар** – элдердин Улуу которулуштары доору.

**VI кылымдын башы** – Амвросий Аврелиан бриттерди бириктирип, англо-сакстарга каршылык көрсөтө баштайт.

**407-жыл** – Рим легиондору Британияны таштап, Италияга кайтат.

**476-жыл** – германдардын баскыны Батыш Рим империясынын кулашына себеп болот.

**486-жыл** – Хлодвиг франктар мамлекетине негиз салат.

**527–565-жылдар** – Юстиниан I бийликте болгон жылдар.

**570-жыл** – Мухаммад (с. а. в.) Меккеде туулган жыл.

**589–618-жылдар** – Кытайда Суй династиясы өкүм сүргөн доор.

**610-жыл** – Мухаммад (с. а. в.)га Аллаа Тааладан ыйык аяттар келе баштаган.

**618–907-жылдар** – Кытайда Тан династиясы өкүм сүргөн доор.

**630–1258-жылдар** – Араб халифаттыгы күчүндө болгон доор.

**681–701-жылдар** – Болгарияда Аспарух бийликте болгон доор.

**661–750-жылдар** – Араб халифаттыгында Умавийлер династиясынын өкүмдарлык доору.

**711-жыл** – Тарык ибн Саид башчылыгындагы арабдар кошууну Испанияны басып алат.

**732-жыл** – Пуатэ салгылашуусунда франктардын өкүмдары Карл Мартелл арабдарды жеңип, алардын Европага жортуулдарына чек коёт.

**750–1258-жылдар** – Араб халифаттыгында Аббасийлер өкүмдарлыгы доору.

**768–814-жылдар** – Улуу Карл өкүмдарлык кылган доор.

**IX кылымдын баштары** – халиф Маъмундун сарайында «Байт ул-хикманын» (даанышмандык үйүнүн) ачылышы.

**843-жыл** – Верден шаарындагы келишим боюнча түзүлгөн королдуктардын ордуна кийинчерээк Франция, Германия жана Италия мамлекеттери пайда болот.

**871–900-жылдар** – король Альфред өкүмдарлык кылган доор.

**893–927-жылдар** – Болгарияда Симеон өкүмдарлык кылган доор.

**919-жыл** – Саксониянын герцогу Генихкороль деп жарыяланган.

**936–973-жылдар** – Оттон I дин өкүмдарлык доору.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**962-жыл** – Рим папасы Иоанн XII Оттон I ге императорлук таажысын кийдирет.

**962–1806-жылдар** – Ыйык Рим империясы (Германия) өкүм сүргөн доор.

**988-жыл** – Киев Орусиясында христиан дининин кабыл алынышы.

**1066-жыл** – Англия Нормандиянын герцогу Вильгельм тарабынан басып алынат.

**1096–1270-жылдар** – кресттүүлөр жортуулдары болуп өткөн доор.

**XII кылым** – Батыш Европанын ири шаарларында баштапкы жогорку окуу жайлары – университеттер ачыла баштаган.

**XII кылым** – ацтектер Теночтитлан шаарына негиз салат.

**1152–1190-жылдар** – Фридрих I Барбаросса өкүмдарлык кылган доор.

**1187-жыл** – Салахиддин Аюбий кресттүүлөрдөн Иерусалим шаарын тартып алат.

**1204–1261-жылдар** – кресттүүлөр тарабынан негиз салынган Латин империясы күчүндө болгон доор.

**1206-жыл** – Онон дарыясынын боюндагы курултайда Темучин улуу хан деп жарыяланат.

**1206-жыл** – Дели султандыгы түзүлөт.

**1265-жыл** – Англияда алгачкы парламент чакырылат.

**1279-жыл** – моңголдор Кытайды толук баш ийдирип, Юань династиясына негиз салат.

**1302-жыл** – Францияда Генералдык штаттар чакырылат.

**1337–1453-жылдар** – Англия менен Франциянын ортосундагы «Жүз жылдык согуш».

**1368-жыл** – Кытайда Юань Чжан негиз салган Мин империясы түзүлдү.

**1395-жыл** – Жаангер Амир Темурдун Алтын Ордонун үстүнөн Тарак дарыясы боюндагы жеңиши Орусия жерлеринин жана Чыгыш Европа элдеринин моңголдордун зулумунан кутулушунда чечүүчү факторлордон болду.

**1402-жылдын жазы** – Амир Темур менен Баязиддин ортосундагы Анкара салгылашуусу.

**1415–1420-жылдар** – Кытай императорлору Самарканддагы Улугбектин сарайына элчи жиберет.

**1445-жыл** – Иоганн Гутенберг китеп басуу станогун ойлоп тапты.

**1453-жыл, май** – Константинополь осмоний түрктөр тарабынан ээленди жана шаар Истанбул деп аталды.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МАЗМУНУ

Авторлордон ........................................................ 3
Киришүү ........................................................ 4

## I ГЛАВА. ЕВРОПА АЛГАЧКЫ ОРТО КЫЛЫМДАРДА

1-§. Герман уруулары жана Рим империясы ........................................ 8
2-§. Франктар. Франктар мамлекетинин пайда болушу ........................ 12
3-§. Франктар империясы ........................................ 17
4-§. Британиядан Англияга ........................................ 21
5-§. Ыйык Рим империясы ........................................ 26
6-§. Византия: Батыш менен Чыгыштын ортосунда ........................ 29
7-§. Славяндар жана аларда мамлекеттин пайда болушу ........................ 33
8-§. Чыгыш славяндар. Киев Орусиясы ........................................ 37
9-§. Европа элдеринин маданияты ........................................ 41

## II ГЛАВА. АЛГАЧКЫ ОРТО КЫЛЫМДАРДА АЗИЯ

10-§. Аравия алгачкы орто кылымдардын башында ........................ 47
11-§. Араб халифаттыгы ........................................ 51
12-§. Индия ........................................ 53
13-§. Кытай (IV–X кылымдарда) ........................................ 56
14-§. Азия мамлекеттеринин маданияты ........................................ 59

## III ГЛАВА. ДҮЙНӨ ЭЛДЕРИ ОРТО КЫЛЫМДАРДЫН ӨНҮККӨН ДООРУНДА (XI–XV КЫЛЫМДАР)

15-§. Европада орто кылым шаарлары ........................................ 65
16-§. Орто кылымдарда товар өндүрүүнүн өнүгүшү.
Базарлар жана ярмаркалар ........................................ 70
17-§. Азия мамлекеттеринин орто кылым шаарлары ........................ 74
18-§. Орто кылымдарда христиандык ........................................ 78
19-§. Кресттүүлөр жортуулдары ........................................ 80
20-§. Алгачкы кресттүүлөр жортуулу ........................................ 83
21-§. Кийинки кресттүүлөр жортуулдары ........................................ 86

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## IV ГЛАВА. ЕВРОПАДА БОРБОРЛОШКОН МАМЛЕКЕТТЕРДИН ПАЙДА БОЛУШУ

22-§. Францияда борборлошкон мамлекеттин түзүлүшү............... 89
23-§. Генералдык штаттар.................................................................. 91
24-§. Жүз жылдык согуштун башталышы жана анын
баштапкы доору........................................................................ 93
25-§. Францияда абсолюттук монархия ........................................... 95
26-§. Англияда борборлошкон мамлекеттин түзүлүшү................. 98
27-§. Англия орто кылымдардын аягында .................................. 102
28-§. Германия ................................................................................ 104
29-§. Орус княздыктары ................................................................. 108
30-§. Орустардын баскынчыларга каршы күрөшү ..................... 110
31-§. Орус княздыктарында борборлошуу жараяндары ............ 112
32-§. Европа маданияты.................................................................. 113
33-§. Европада архитектура, көркөм өнөр жана адабият .......... 117

## V ГЛАВА. АЗИЯ, АМЕРИКА ЖАНА АФРИКА ЭЛДЕРИ

34-§. Селжукийлер мамлекети ..................................................... 121
35-§. Осмоний түрктөр мамлекети ............................................... 122
36-§. Моңголдор мамлекети ......................................................... 125
37-§. Алтын Ордо хандыгы ........................................................... 128
38-§. Кытай ..................................................................................... 132
39-§. Япония .................................................................................... 136
40-§. Корея ...................................................................................... 138
41-§. Индия ...................................................................................... 140
42-§. Америка орто кылымдарда .................................................. 142
43-§. Африка элдери орто кылымдарда ....................................... 146
44-§. Азия, Америка жана Африка элдеринин маданияты......... 151
Маанилүү тарыхый даталар.......................................................... 155

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**УЎТ: 94(100)=512.154.(075.3)**
**КБТ 63.3(0)я72**
**Ж-35**

**Салимов, Турсун Усарович.**
Дүйнө тарыхы: (биздин замандын V кылым аягынан – XV кылымдын аягына чейин): жалпы орто билим берүүчү мектептердин 7-классы үчүн окуу китеби/ Т. У. Салимов, Ф. Э. Султанов. – Т: «O'zbekiston milliy ensiklopediyasi» Мамлекеттик илимий басма үйү, 2017. – 160 бет.

ISBN 978-9943-07-506-1

**УЎТ: 94(100)=512.154.(075.3)**
**КБТ 63.3(0)я72**

Tursun O'sarovich Salimov,
Farhod Ergashevich Sultonov

# JAHON TARIXI

Umumiy o'rta ta'lim maktablarining
7-sinfi uchun darslik

*To'ldirilgan va tuzatilgan uchinchi nashri*

*(Qirg'iz tilida)*

«O'zbekiston milliy ensiklopediyasi»
Davlat ilmiy nashriyoti,
Toshkent – 2017

| | |
|---|---|
| Которгон | *А. Зулпихаров* |
| Редактору | *А. Зулпихаров* |
| Көркөм редактору | *А. Якубжанов* |
| Техникалык редактору | *Ү. Сапаев* |
| Даярдоочу дизайнер | *Ш. Сиражиддинов* |

Лицензия AI № 163.09.11.2009.
Басууга 2017-ж. 24-июлда уруксат этилди. Форматы 60x90$_{1/16}$. Tayms Kaz гарнитурасы, кегель 11. Офсеттик басма. Шарттуу басма табагы 10,0. Басма табагы 9,30. Нускасы 720. Келишим № 62. Заказ № 17-353.

«O'zbekiston milliy ensiklopediyasi» Мамлекеттик илимий басма үйү
100011, Ташкент ш., Навоий көчөсү, 30.

Өзбекстан Басма сөз жана кабар агенттиги «O'zbekiston» басма-полиграфиялык чыгармачылык үйүнүн басмаканасында басылды.
100011, Ташкент ш., Навоий көчөсү, 30.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал**

| № | Окуучунун аты, жөнү | Окуу жылы | Китептин алынгандагы абалы | Класс жетекчи-синин кол | Китептин тапшырыл-гандыгы абалы | Класс жетекчи-синин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | | | | | | |
| 2. | | | | | | |
| 3. | | | | | | |
| 4. | | | | | | |
| 5. | | | | | | |
| 6. | | | | | | |

**Окуу китебин ижарага бергенде жана окуу жылынын аягында кайтарып алганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан баалоонун төмөнкү критерийлеринин негизинде толтурулат**

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебин пайдаланууга алгачкы жолу берилгендеги абалы |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, китептин негизги бөлүгүнөн ажырабаган. Бардык барактары бар, жыртылбаган, көчпөгөн, беттеринде жазуу-чийүүлөрү жок. |
| Канаат-танды-рарлык | Мукабасы эзилген,бир аз чийилип,беттери тытылган,китептин негизги бөлүгүнөн ажыраган түрү бар,пайдалануучу тарабынан канааттандырарлуу ремонттолгон. Көчкөн барактары кайра ремонттолгон,айрым беттери чийилген. |
| Канаат-танды-рарсыз | Мукабасына чийилген, ал жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыраган же таптакыр жок,канаатандырарсыз ремонттолгон. Беттери жыртылган, барактары жетишпейт, чийип, боёп ташталган,окуу китебин калыбына келтирүүгө болбойт. |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE